# КЫРГЫЗСТАН, ТАЖИКСТАН, ӨЗБЕКСТАН ЖАШТАРЫНЫН РАДИКАЛДАШУУ МЕНЕН ЭКСТРЕМИЗМГЕ АЗГЫРЫЛУУ ЖЕ ТУРУШТУК БЕРҮҮ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ



БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫ БОЮНЧА ТАЛДООЧУ БАЯНДАМА

Проект финансируется Европейским Союзом

# КЫРГЫЗСТАН, ТАЖИКСТАН, ӨЗБЕКСТАН ЖАШТАРЫНЫН РАДИКАЛДАШУУ МЕНЕН ЭКСТРЕМИЗМГЕ АЗГЫРЫЛУУ ЖЕ ТУРУШТУК БЕРҮҮ МҮМКҮНЧҮЛҮКТӨРҮ

Борбордук Азиядагы изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча талдоочу баяндама

УДК 329
ББК 66.75
Ф 18

**Рецензенттер:**

О. А. Тогусаков - философия илимдеринин доктору, профессор, КР УИА академиги, КР УИА вице-президенти. КР илимине эмгек сиңирген ишмер;

Ш. Б. Муллоев - филология илимдеринин доктору, профессор, ТРСУ басылма ЖМК жана PR кафедрасынын башчысы;

И. К. Усмонов – тарых илимдеринин доктору, профессор, ТРСУ журналистиканын тарыхы жана теориясы кафедрасы;

А. Н. Смутко – философия илимдеринин кандидаты, КР УИАнын укук философиясы жана социалдык-саясий илимдер институтунун улуу илимий кызматкери;

Өзбекстан (макулдашуу боюнча)

Өзбекстан (макулдашуу боюнча)

Р. Азизи, М. Карыбаева, В. Коротенко, А. Кириленко, Р. Назаров, И. Фукалов

Ф 18 **Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстан жаштарынын радикалдашуу менен экстремизмге азгырылуу же туруштук берүү мүмкүнчүлүктөрү.** Изилдөөлөрдүн жыйынтыктары боюнча талдоочу баяндама / Жооптуу редактор М. А. Карыбаева - Б., 2022 - 104 б.

ISBN 978-9967-08-940-2

Бул талдоочу отчет Долбоордун алкагында жүзөгө ашырылган кабинеттеги талдоонун натыйжаларына негизделген. Кабинеттеги талдоо үч өлкөнүн ар биринин 2015-жылдан 2020-жылга чейинки мезгилде Долбоордун темасы боюнча жүргүзүлгөн жүздөн ашык изилдөөлөрдүн материалдарын, расмий статистиканын маалыматтарын, мыйзамдык базаларды жана улуттук стратегиялык документтерди изилдөөнү камтыйт. Тышкы жардамдын натыйжалуулугунун негизги принциптеринин бири – "менчик" принцибин кармануу менен, Долбоорду ишке ашыруу концептуалдык жактан аны ишке ашырууга тартылган өлкөлөрдүн мамлекеттик программаларында чагылдырылган улуттук стратегиялык артыкчылыктарга негизделген.

Изилдөөнүн максаты – Борбордук Азиянын (БА) жогоруда аталган үч өлкөсүнүн жаштарынын радикалдашуу коркунучуна азгырылуу же туруштук берүү мүмкүнчүлүктөрүн, мурунку изилдөөлөрдүн жыйынтыктары менен ачык булактардан алынган расмий маалыматтарды талдоо аркылуу аныктоо.

Изилдөө жаш эксперттер, лидерлер, пилоттук жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрү үчүн пикир алышуу аянтчаларын түзүүгө, ошондой эле Борбордук Азиянын жаштар чөйрөсүндө радикалдашуу менен экстремизмге каршы туруу үчүн секторлор аралык жана өлкөлөр аралык механизмдерди калыптандырууга негиз боло алат.

*Талдоочу баяндама Евробиримдик тарабынан каржыланган "Борбордук Азиядагы толеранттуулук жана тынчтык үчүн чек арадагы көп тараптуу диалог" долбоорунун алкагында жарыяланды.*

*Долбоор Конрад Аденауэр атындагы фонддун жетекчилигиндеги консорциум менен улуттук өнөктөштөр: Кыргыз Республикасындагы (КР) "БИОМ" экологиялык кыймылы, Өзбекстан Республикасынын (ӨР) жалпы улуттук кыймылы "Юксалиш" ("Өркүндөтүү"), Тажикстан Республикасынын (ТР) бейөкмөт уюму "Гендер жана өнүгүү" менен биргеликте ишке ашырылууда.*

*Бул китепче Европа Биримдигинин колдоосу менен басылып чыкты. Анын мазмуну Европа Биримдигинин көз карашын чагылдырбашы мүмкүн.*

ISBN 978-9967-08-940-2

УДК 329
ББК 66.75
© ЭД «БИОМ», 2023

# МАЗМУНУ

**Киришүү** ..... **5**

**1. ИЗИЛДӨӨНҮН АКТУАЛДУУЛУГУ, МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ** ..... **7**

**2. МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА КОНЦЕПТУАЛДЫК ЧЕКТЕРИ** ..... **10**

2.1. Изилдөөнүн концептуалдык чектери ..... 11

**3. ТЕРМИНДЕР ЖӨНҮНДӨ ДИСКУРС** ..... **19**

3.1. Эл аралык документтерде колдонулуучу терминдер ..... 19

3.2. Изилдөөнүн негизги терминдерин чечмелөө ..... 23

**4. ӨЛКӨЛӨРДҮН НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК-ДЕМОГРАФИЯЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ** ..... **27**

4.1. Демография ..... 27

4.2. Экономика, эмгек рыногу, жакырчылыктын деңгээли ..... 30

4.3. Этникалык жана диний курам ..... 34

4.4. Билим деңгээли ..... 39

4.5. Миграция ..... 46

**5. ИЗИЛДӨӨЛӨРДҮН ЖЫЙЫНТЫКТАРЫН ТАЛДОО** ..... **51**

5.1. Иденттүүлүк жана жарандык улут түзүү боюнча изилдөө ..... 51

5.2. Диний иденттүүлүк жана жаштардын радикалдашуусуна таасири ..... 52

5.3. Борбор Азиядагы жаштардын радикалдашуусунун себептери жана факторлору ..... 53

5.4. Миграциянын таасири ..... 73

5.5. Азгырылуучу топтор ..... 79

5.6. Туруштук берүүчү ресурстар ..... 83

**6. «ЖАШТАР ЖАНА РАДИКАЛДАШУУ» СТРАТЕГИЯЛЫК ДОКУМЕНТТЕРДЕ** ..... **87**

**КОРУТУНДУ ЖАНА СУНУШТАР** ..... **97**

# КЫСКАРТУУЛАР

| | |
|---|---|
| СКА | Суу колдонуучулар ассоциациясы |
| ЗЭК | Зордук-зомбулук экстремизм менен күрөшүү |
| ЕБ | Европа Биримдиги |
| ЧЭЖТ | Чет элдик жоочу – террорчулар - |
| ИМИЛ/ДАИШ | Ислам мамлекети Ирак жана Леванта |
| ӨИК | Өзбекстандын Ислам кыймылы |
| КР | Кыргыз Республикасы |
| ЖӨӨБ | Жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу |
| ЭАТУ | Эл аралык террористтик уюмдар |
| ЧУА | Ченемдик укуктук акт |
| БӨУ/КМУ | Бейөкмөт/коммерциялык эмес уюмдар |
| ЕККУ | Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык уюму |
| ЖКУ | Жарандык коом уюмдары |
| БУУ | Бириккен Улуттар Уюму |
| ЗЭА | Зордук-зомбулук экстремизмдин алдын алуу |
| ТР | Тажикстан Республикасы |
| ӨР | Өзбекстан Республикасы |
| РЭУ | Радикалдык-экстремисттик уюмдар |
| КМШ | Көз карандысыз мамлекеттердин шериктештиги |
| БУУ КК | Бириккен Улуттар Уюмунун Коопсуздук кеңеши |
| ФТД | Фокус-топтордун дискуссиялары |
| БА | Борбордук Азия — мурдагы беш советтик республикалардан - Казакстан Республикасынан, Кыргыз Республикасынан, Тажикстан Республикасынан, Түркмөнстандан, Өзбекстан Республикасынан турган чөлкөм. |
| ЮНЕСКО | Бириккен Улуттар Уюмунун билим берүү, илим жана маданият маселелери боюнча мекемеси. |

# КИРИШҮҮ

Бул талдоочу отчет Европа Биримдиги каржылаган “Борбордук Азиядагы толеранттуулук жана тынчтык үчүн чек арадагы көп тараптуу диалог” долбоорунун алкагында өткөрүлгөн кабинеттеги талдоонун жыйынтыктарына негизделген (Долбоор).

Долбоор Конрад Аденауэр атындагы фонддун жетекчилигиндеги консорциум жана улуттук өнөктөштөр: Кыргыз Республикасынан (КР) “БИОМ” экологиялык кыймылы, Өзбекстан Республикасынын жалпы улуттук кыймылы “Юксалиш”, Тажикстан Республикасынын бейөкмөт уюму “Гендер жана өнүгүү” менен биргеликте ишке ашырылууда.

*Изилдөөнүн максаты – Борбордук Азиянын (БА) жогоруда аталган үч өлкөсүнүн жаштарынын радикалдашуу коркунучуна азгырылуу же туруштук берүү мүмкүнчүлүктөрүн, мурунку изилдөөлөрдүн жыйынтыктары менен ачык булактардан алынган расмий маалыматтарды талдоо аркылуу аныктоо.*

Бул изилдөөгө кошумча катары, медиа мейкиндиктин жаштардын радикалдашуусуна тийгизген таасиринин маанилүүлүгүн эске алуу менен, этникалык, диний жана башка стереотиптеги базалык кайрылууларды көрсөткөндүгүн аныктоо үчүн ЖМК жана социалдык медианын контентин талдоо боюнча өзүнчө изилдөө жүргүзүлдү.

Долбоор комплекстүү мүнөздө болуп жана буларды көңүлгө алууга чакырат:

- **аймактык деңгээл:** жаштардын радикалдашуусуна байланышкан тобокелдиктер долбоорду ишке ашырууга катышкан Борбордук Азиянын бардык үч мамлекети үчүн актуалдуу. Бул өлкөлөрдүн өзгөчөлүгү калктын жалпы санында жаштардын үлүшүнүн көп болуп жана төрөлүүнүн да бир топ жогору болушунда;
- **улуттук деңгээл:** мыйзамдуу жана коомчулук ишене турган ыкмаларды колдонуу аркылуу бүтүндөй калк менен, жаштардын аярлуу топтору менен да өзүнчө иш алып барууда өлкөлөрдүн жана коомдун алдын алуу саясатын жүргүзүү мүмкүнчүлүгүн баалоо;
- **жергиликтүү деңгээл:** жаштардын жана аялдардын муктаждыктарына өзгөчө маани берүү менен, потенциалдуу азгырууга алып келе турган факторлорду кыскартууга көңүл буруу.

На каждом из этих уровней есть существенные содержательные управленческие разрывы и недостаточный уровень координации, как между странами региона, так и между органами государственной власти, организациями гражданского общества (ОГО) и международными партнерами по развитию.

Бул деңгээлдердин ар биринде - аймактагы өлкөлөрдүн ортосунда, мамлекеттик бийлик органдарында да, жарандык коомдун уюмдарынын (ЖКУ) ортосунда жана өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөрдүн арасында да башкаруудагы олуттуу ажырымдар, ишти жөнгө салуунун жетишсиз деңгээли бар.

Кабинеттеги талдоо үч өлкөнүн ар биринин 2015-жылдан 2020-жылга чейинки мезгилде Долбоордун темасы боюнча жүргүзүлгөн жүздөн ашык изилдөөлөрдүн материалдарын, расмий статистиканын маалыматтарын, мыйзамдык базаларды жана улуттук стратегиялык документтерди изилдөөнү камтыйт. Тышкы жардамдын натыйжалуулугунун негизги принциптеринин бири – “менчик принцибин”[1], карманую менен, долбоорду ишке ашыруу концептуалдык жактан аны ишке ашырууга тартылган

[1] Менчик принциби (англ. ownership) Париж декларациясынын сырткы жардамдын эффективдүүлүгүн жогорулатуу боюнча негизги принциптеринин бири болуп саналат, ага ылайык өлкөлөр өнүгүү саясатын жана стратегияларын иштеп чыгууда натыйжалуу жетекчиликти ишке ашыруусу жана өнүктүрүү боюнча өздөрүнүн иш-аракеттерин координациялоосу керек. URL: https://www.oecd.org/dac/effectiveness/35023545.pdf

өлкөлөрдүн мамлекеттик программаларында чагылдырылган улуттук стратегиялык артыкчылыктарга негизделген.

Изилдөө жаш эксперттер, лидерлер, пилоттук жергиликтүү жамааттардын өкүлдөрү үчүн пикир алышуу аянтчаларын түзүүгө, ошондой эле Борбордук Азиянын жаштар чөйрөсүндө радикалдашуу менен экстремизмге каршы туруу үчүн секторлор аралык жана өлкөлөр аралык механизмдерди калыптандырууга негиз боло алат.

Кабинеттеги изилдөөлөрдүн корутундулары 2020-жылдын декабрь айы менен 2021-жылдын апрель айларында жыйналып, чыгарылган.

# 1. ИЗИЛДӨӨНҮН АКТУАЛДУУЛУГУ, МАКСАТТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ

Долбоорду ишке ашырууга катышкан Борбордук Азиянын үч мамлекетинин расмий статистикасы боюнча, калктын жалпы санында жаштардын үлүшү болжол менен үчтөн бирин түзөт.

*1-таблица. Калктын саны жана калктын жалпы санындагы жаштардын үлүшү*

| | Калктын саны, адам | Жаштар-дын саны, адам | Жаштар-дын үлүшү % | Алардын ичинен кыздар % | Алардын ичинен жи-гиттер % | Жаштарга тие-шелүү курак |
|---|---|---|---|---|---|---|
| **КР** | 6256,7 тыс.[2] | 1610,3 тыс. | 25,7 | 49,1 | 50,9 | От 14 до 28 лет[3] |
| **ТР** | 9537,6 тыс.[4] | 2877,5 тыс. | 30,2 | 49,2 | 50,8 | От 14 до 30 лет[5] |
| **ӨР** | 33 905,2 тыс.[6] | 9808 тыс. | 29 | 49,2 | 50,8 | От 14 до 30 лет[7] |

БА чөлкөмүндө бир миллионго жакын жаштар жыл сайын эмгек рыногуна чыгышат. Албетте, жаштар бирдей социалдык - демографиялык топ эмес, алар жынысы, жашы, билим деңгээли, жумушу бар макамы, үй-бүлөнүн бакубаттуулугу, өзүнүн ар кандай субмаданияттарга тиешелүүлүгү ж.б.у.с. менен айырмаланып турат. Жаштардын стратификациясы жана көп окшоштуктары ар кандай катмарларга жана жаштар топторуна мүнөздүү, алар ар кандай факторлордун таасири астында пайда болуп, атайын изилдөөнү талап кылат.

**1 Калктын саны жана калктын жалпы санындагы жаштардын үлүшү**




2 КР Улуттук статистикалык комитети // URL: http://www.stat.kg/

3 «Мамлекеттик жаштар саясатынын негиздери жөнүндө» КР Мыйзамы 2009-жыл, 31-июль, № 256 // URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202686

4 Статистикалык жылнаама ТР, 2020 // URL: https://www.stat.tj/ru

5 «Мамлекеттик жаштар саясаты жана жаштар жөнүндө» ТР Мыйзамы 2004-жыл, 15-июль, №52 (28.06.2011-ж. №716, 27.11.2014ж. №1161 ТР мыйзамдарынын редакциясында) // URL:. http://www.adlia.tj/show_doc.fwx?rgn=5155

6 ӨР Мамкомстатынын маалыматтары боюнча // URL: https://stat.uz/ru/ofitsialnaya-statistika/demography

7 «Мамлекеттик жаштар саясаты жөнүндө» ӨР Мыйзамы № ЗРУ-406, 14.09.2016-ж. // ӨР мыйзамдарынын жыйнагы, 2016-ж., № 37, б. 426; 2017-ж., № 24, б. 487; Мыйзамдардын улуттук маалыматтар базасы, 24.07.2018-ж., № 03/18/486/1559 // URL: https://lex.uz/docs/3026250

## 2 Жаштардын үлүшү пайыздар менен жана алардын ичинен кыздар жана жигиттер пайыздар менен






## 3 Жаштарга тиешелүү курак


14 жаштан
28 жашка чейин


14 жаштан
30 жашка чейин


14 жаштан
30 жашка чейин

Жаштык - социалдашуу процессинде өзүнүн ким экендигин аныктоо, жашоонун баалуулуктарын жана дүйнө таанымын иштеп чыгуу менен бирге кесип тандоо жана жашоодо өз ордун табуу мезгили. Бул мезгилде жаштардын абалына бир эле мезгилде экономикалык (кесип тандоо жана андан кийинки жумушка орношуу) жана рухий (моралдык таянычтарды аныктоо зарылчылыгы) факторлор таасир этет.

Радикалдашуу жана зордук-зомбулук экстремизм темалары ар кандай аянтчаларда - медиада, изилдөөдө, саясий талкууларда барган сайын көп көтөрүлүүдө. Акыркы жылдары бул темада көптөгөн материалдар жарык көрдү. Жаштардын радикалдашуусуна каршы иштерде изилдөө компоненти абдан маанилүү, ансыз бул көрүнүштүн жайылышына шарт түзгөн себептерди жана факторлорду аныктоо мүмкүн эмес. Ошону менен бирге аны ишке ашыруу, биринчи кезекте өтө кеңири көңүл буруу же коомдук пикирди дагы бир өлчөө менен буга чейин бир нече жолу изилденген маселелерди кайталоого, бирок айрым маанилүү изилденбеген жагдайларды калтырып коюу тобокелдиктерине байланышкан.

Мындай тобокелдиктерди азайтуу үчүн, чөлкөмдөгү буга чейинки изилдөөлөрдү, алардын натыйжаларын, сунуштарды жана орун алган кемчиликтерди талдоо талап кылынат. Мындай талдоонун жыйынтыктарын талкуулоо долбоорго катышкан өлкөлөрдүн ар кандай жаштар топторунун, мамлекеттик бийлик органдарынын, ЖКУлардын жана көз карандысыз эксперттердин өкүлдөрүнүн ортосунда талкуу аянтчасын түзүү үчүн маанилүү негиз боло алат.

Ошентип, **изилдөөнүн максаты** - Кыргызстандын, Тажикстандын жана Өзбекстандын жаштарынын радикалдашууга жана экстремизмге азгырылуу же туруштук берүүсүнүн негизги факторлорун, колдо болгон изилдөөлөр менен расмий маалыматтарды окуп билүүнүн негизинде аныктоо.

**Милдеттер:**

- 2015-2020-жылдар аралыгында жүргүзүлгөн изилдөөлөрдү талдоонун негизинде радикалдуу агымдардын таасирине түпкүлүгүнөн дуушар болуусу жогору болгон жаштардын, анын ичинде жаш аялдардын азгырылуу топторун аймактан, статистикалык баяндамадан, расмий маалыматтардан аныктоо.
- Стратегиялык өнүгүү документтеринде, радикалдашууга жана экстремизмге каршы аракеттенүү боюнча программаларда жаштардын муктаждыктарынын жана талаптарынын эске алынуусун талдоо.
- Жаштардын радикалдашуу жана экстремизм чакырыктарына туруштук берүүсүн жогорулатуу үчүн эффективдүү моделдерди издөө.
- Долбоордун мындан аркы аракеттери үчүн сунуштарды иштеп чыгуу, анын ичинде:
- Кыргыз Республикасынын (КР), Тажикстан Республикасынын (ТР) жана Өзбекстан Республикасынын (ӨР) чектеш аймактарында толеранттуулукта жана тынчтыкта жанаша жашоону чыңдоо боюнча сунуштарды киргизүү;
- Долбоордун башка компоненттери үчүн изилдөөлөрдүн артыкчылыктарын, атап айтканда, мурунку изилдөөлөрдө изилденбей калган темаларды жана маселелерди аныктоо;
- Долбоордун практикалык иш чараларын турмушка ашыруу боюнча мындан аркы аракеттерди конкреттештирүү.

# 2. МЕТОДОЛОГИЯСЫ ЖАНА КОНЦЕПТУАЛДЫК ЧЕКТЕРИ

Кабинеттеги талдоо мурунку изилдөөлөрдү окуп билүүнүн негизинде өткөрүлгөндүктөн, иштин маанилүү бөлүгү кайсы изилдөөлөрдү тандоону аныктоо болгон. Акыркы жылдары Борбор Азия өлкөлөрүндө жаштардын экстремизмге жана радикалдашуусуна байланышкан темаларда көптөгөн изилдөөлөр жүргүзүлүп, жарыяланганын эске алганда, бул бир топ кыйынчылыкты жаратты. Кабинеттеги талдоо иш жүзүндө буга муктаждык болбогондуктан, ар бир жарыяланган басылманы камтый албасы белгилүү.

Белгилей кетсек, көпчүлүк изилдөөлөрдүн авторлору радикалдашуунун себептери менен өбөлгөлөрүнө чоң маани беришет. Аларды аныктоо жана жаштардын ар кандай топторуна тийгизген таасирин азайтуу боюнча иш алып баруу проблеманын масштабын азайта алат деп болжонгон. Негизги кыйынчылык мындай себептердин тутуму бир топ кеңири жана ар кандай аймактарда жайгашкандыгында.

Ошол эле учурда эгемендүүлүккө ээ болгондон берки 30 жыл бою Борбордук Азия өлкөлөрүнүн өнүгүүсү боюнча терс сценарийдеги көптөгөн божомолдорго карабастан, мамлекеттер жана жергиликтүү жамааттар радикалдашуунун жана экстремизмдин коркунучтарына каршы турууга көмөктөшүүчү механизмдерди иштеп чыга алышты. Мындай жагымдуу факторлорду аныктоо жана алардын оң өнүгүүсү туруктуулуктун негизи боло алат, бул да изилдөөнүн милдеттеринин бирине кирет.

Эгерде оригиналдуу изилдөөлөр илимий методологияга ылайык түзүлсө, анда сыпаттама баяндамалар ашыкча субъективдүү элементтерди камтышы мүмкүн. Ошондуктан, бул изилдөөнүн максаттары үчүн системалуу баяндоо ыкмасы тандалды (англ. systematicreview) - жарыяланган бир катар айрым изилдөөлөрдү илимий изилдөө. Системалык баяндамада изилдөөнүн натыйжаларын тандоо жана текшерүү үчүн стандарттуу ыкмалар, анын ичинде мета-талдоо - системалуу баяндаманын сандык көрсөткүчтөрү, айрыкча изилдөөлөр социологиялык тандоону камтыган учурларда колдонулат.

Адабий баяндама менен системалуу баяндаманы салыштырмалуу талдоо[8] төмөнкү таблицада берилген.

*2-таблица. Адабий жана системалуу баяндаманын мүнөздөмөлөрүн салыштыруу*

| Мүнөздөмө | Адабий баяндама | Системалуу баяндама |
|---|---|---|
| Чагылдырыла турган маселелер | Маселелердин кеңири спектри | Конкреттүү суроо |
| Адабий булактарды издөө стратегиясы | Өзү билгендей | Бардыгын камтыган |
| Кирген изилдөөлөрдүн сапатын баалоо | Катышпоосу мүмкүн | Катышат |
| Баяндамага киргизүү үчүн фактыларды тандоо | Өзү билгендей | Киргизүү критерийлерине ылайык |
| Маалыматтарды жалпылоо | Адатта сапаттуу, сыпаттама | Көп учурда сандык (мета-талдоо) |

[8] Святослав Плавинский. Метаталдоо. Азыркы ыкмалар // URL: https://www.youtube.com/watch?v=VBEhK0fZ16U, https://www.youtube.com/watch?v=PZQ3ucAm9k8

Албетте, изилденип жаткан тема боюнча жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн бир бөлүгү гана тандалып алынган социологиялык изилдөөлөр болуп саналат. Бул изилдөө үчүн тандалып алынган эмгектерде статистикалык маалыматтар, ошондой эле социологиялык тандоолор камтылган учурларда алар көрсөтүлгөн. Социологиялык изилдөөлөрдөн тышкары талдоочу изилдөөлөр да каралат.

Талдоодо изилдөөнүн методологиясын жана концептуалдык чектерин жазуу үчүн 18 документ колдонулган, ошондой эле жаштар жана радикалдашуу темасы боюнча 101 изилдөө окулуп чыккан.

## 2.1. ИЗИЛДӨӨНҮН КОНЦЕПТУАЛДЫК ЧЕКТЕРИ

Радикалдашуунун күчөшүнө алып келген факторлорду аныктоодо изилдөөлөрдүн авторлору тарабынан тандалып алынган методологиялар менен ыкмалардын бардык ар түрдүүлүгүнө карабастан, адамга тышкы шарттардын таасир этүүсү (чектелген экономикалык ресурстар жана мүмкүнчүлүктөр, коомдук оң турмуштан четте калуу, социалдык обочолонуу) менен анын мазмунуна, дүйнө таанымынын негиздерине (баалуулуктар жана маанилүү көз караштар, моралдык тандоо, үй-бүлөлүк жана жеке психологиялык тутунган мамилелер) көңүл буруу зарылдыгы негизги дилемма болуп кала берет. Таасир этүүчү бул факторлордун катышы жөнүндөгү маселе көпчүлүк изилдөөлөрдүн негизги мазмуну болуп саналат.

Ошол эле учурда радикалдашуу жана экстремизм боюнча изилдөөлөрдүн көбүндө бул проблемалардын ар кандай социалдык иденттүүлүктөр менен коштолгону жана алардын жарандык менен шайкеш келиши боюнча фактыны түшүнүү бар. Түпкүлүгүндө адамдын өз тагдырын ыктыярдуу аныктоонун предмети болгон этникалык, диний, аймактык жана иденттүүлүктүн башка формалары (анын ичинде жаштардын кандайдыр бир субмаданиятына таандык болуу) жалпы жарандык жана жалпы адамзаттык баалуулуктарга карама-каршы келбеши керек.

Бирок иш жүзүндө эффективдүү мамлекеттик экономикалык, билим берүү, маалыматтык жана маданий саясат жок болгон учурда иденттүүлүктөр бири-бирине карама-каршы келип калышы мүмкүн. Натыйжада сабырдуулуктун жоктугу, ишенимдердин негизинде зомбулукка чакырыктар болушу мүмкүн.

Бул контекстте заманбап иденттүүлүктөрдү түшүнүү маселесине кайрылуу маанилүү. **Бенедикт Андерсондун** «Элестеги жамааттар»[9]. аттуу ишинде сунуш кылынган ыкма өзгөчө актуалдуу. Бул ыкманын өзөгүндө азыркы дүйнөдө жашап жаткан көптөгөн жамааттар элестүү экенин, алар азыркы мезгилде дайыма курулуп жана өзгөрүп тургандыгын таануу фактысы жатат.

Б. Андерсон азыркы улуттар - мамлекеттердин ((nation-state) ролу жөнүндө айтып жатып, ааламдашуу процессине карабастан, дүйнөнүн фрагментациялануу процесстери уланып жатканын (буга дүйнө жүзүндө COVID-19 пандемиясынын натыйжасында пайда болгон кырдаал дагы бир жолу күбө) жана жарандык улут куруу, өзгөчө жаш постколониялык өлкөлөр үчүн алдын ала айтылган «улутчулдук доорунун бүтүшү» дагы эле абдан алыс экенин белгилейт. Улут болуу — биздин доордун саясий турмушундагы эң бир универсалдуу легитимдүү баалуулук»[10].

---

9 Андерсон Б. Элестеги жамааттар. Улутчулдуктун булактары жана жайылышы жөнүндө ой калчоо /Англис тилинен которгон В. Николаева; киришүү. — М.: Кучково поле, 2016. — 416-б // URL: https://publications.hse.ru/mirror/pubs/share/folder/xj2zhag7ov/direct/195147667

10 Ошол эле жакта, 42-б.

Ошол эле учурда Б. Андерсон «элестеги жамааттын» мурунку формасы диний болгондугун белгилеп, ага зыярат кылуунун заманбап формаларынын процессине жана азыркы дүйнөдөгү диний лидерлердин ролуна байкоо жүргүзүү менен, диний лидерлердин «өзгөчө ролун белгилеп, алар саны боюнча анча көп эмес сабаттуу эки тилдүү ар кандай тилдеги жамааттардын сегменти болушуп, өздөрүнүн жамааттык кыймылынын маанисин жактоочулардын топторуна чечмелеп, бириктирүүчү ырым-жырымдарды аткарышат"[11].

Мурда үстөмдүк кылган диний иденттүүлүктөн улуттук мүнөзгө өтүүнүн себептери катары Б.Андерсон өзгөргөн дүйнөнү, атап айтканда, адамдардын болуп көрбөгөндөй мобилдүүлүгүн, колониализмди жана билим деңгээлин карайт[12]. Акыркы себепке келсек, Б. Андерсон Э. Хобсбаумдун[13], концепциясына кошулуп, «мектептердин жана университеттердин прогресси улутчулдуктун прогрессин өлчөйт, ошондой эле билим берүү мекемелери, өзгөчө университеттер анын эң аң-сезимдүү коргоочуларына айланды» деп эсептейт[14].

Бул изилдөөнүн максаттары үчүн Б.Андерсондун жаңы калыптанып жаткан мамлекеттерде, анын ичинде постколониялык контекстте жаштардын ролуна өзгөчө көңүл бургандыгы маанилүү. «Колонияларда баары башкача болгон. Жаштар дегенде биринчи кезекте көпчүлүк мүчөлөрү европалык билимге ээ болгон, аларды ата-энелеринин муунунан, ошондой эле колонияланган курбалдаштарынын кеңири массасынан тилдик жана маданий жактан айырмаланып турган адамдардын биринчи мууну түшүнүлөт"[15]. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн азыркы жаштары, чындыгында 30 жыл мурда өз мамлекеттеринин эгемендүүлүгүнүн шарттарында социалдашкан алгачкы муун.

Улуттук (бул учурда - этникалык) иденттүүлүк динге караганда үстөмдүк кылып бараткандыгынын ачык далили түрүндө, Б. Андерсон улуттук эл каттоо өткөрүлүүчү категория катары диний иденттүүлүк акырындык менен өзүнүн маанисине ээ болбой, бара-бара биринчи кезектеги эсеп классификациясындагы ролун жоготуп жаткан фактысын келтирет[16]. Мисалы, бул баяндамада сөз болуп жаткан Борбордук Азиянын үч мамлекетинин ичинен улуттук эл каттоонун жүрүшүндө жарандардын конфессионалдык иденттүүлүгү жөнүндөгү маселе Тажикстанда гана эске алынат (улуттук анкетанын №7 суроосу[17]).

Ошол эле учурда Б.Андерсон: «Мен улутчулдуктун XVIII кылымдын аягында пайда болушу диний ишенимдердин эрозиясы менен «өндүрүлгөн» же бул эрозиянын өзү татаал түшүндүрүүнү талап кылбайт деп ырастабайм. Ошондой эле улутчулдук кандайдыр бир жол менен динди тарыхый жактан «алмаштырат» дегенди айтканым жок[18]." Башкача айтканда, ал кырдаалды жөнөкөйлөтпөй, бирок адамдардын, өзгөчө

[11] Андерсон Б. Элестеги жамааттар. Улутчулдуктун булактары жана жайылышы жөнүндө ой калчоо /Англис тилинен которгон В. Николаева; киришүү. — М.: Кучково поле, 2016. — 115-116-б. // URL: https://publications.hse.ru/mirror/pubs/share/folder/xj2zhag7ov/direct/195147667

[12] Ошол эле жакта, 199–201-беттер

[13] Хобсбаум Э. Салттарды ойлоп табуу // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/izobretenie-traditsiy

[14] Андерсон Б. Элестеги жамааттар. 138–139-беттер

[15] Ошол эле жакта, 205–206-беттер

[16] Ошол эле жакта, 268-бет

[17] https://stat.ww.tj/pages/%D0%9F%D0%B5%D1%80%D0%B5%D0%BF%D0%B8%D1%81%D0%BD%D1%8B%D0%B5%20%D1%84%D0%BE%D1%80%D0%BC%D1%8B%202020%20%D0%B3%D0%BE%D0%B4%D0%B0_%D1%80%D1%83%D1%81.pdf

[18] Андерсон Б. Элестеги жамааттар. Улутчулдуктун булактары жана жайылышы жөнүндө ой калчоо /Англис тилинен которгон В. Николаева; киришүү. — М.: Кучково поле, 2016. — 54-б // URL: https://publications.hse.ru/mirror/pubs/share/folder/xj2zhag7ov/direct/195147667

жаштардын өздүк аң-сезиминдеги бул иденттүүлүктөрдүн өз ара туура келүүсүн талдоо зарылдыгын эске алууга чакырат.

Борбордук Азиянын азыркы шарттарында бул иденттүүлүктөрдүн күрөшүн мамлекеттердин мындан аркы өнүгүүсү аныктай алат. Контрсекулярдык кыймылдар ачык коом концепциясын кабыл алышпайт, улуттук чек араларды жана эл аралык укук системасын тоготпойт. Эмне үстөмдүк кылат – диний иденттүүлүк (тактап айтканда, айрым деструктивдүү күчтөр мындан чайкоочулук жасап, учурдагы мамлекеттик чек араларды бузууга чакырып, кандайдыр бир ислам мамлекетин түзүүгө умтулат) же улуттук мамлекеттерди жана алардын эгемендигин бекемдөөгө умтулуу – ушул суроонун жообунан аймактагы өлкөлөрдүн келечеги көз каранды.

Ошол эле учурда стереотиптик ой жүгүртүүнүн типтүү мисалы мындай: радикалдашуу жана экстремизм менен байланышкан маселелерди айтып жана талкуулоодо, дүйнө таанымдан караганда алардын бардык көрүнүштөрү диний факторго гана такалат. Бирок азыркы бардык карама-каршылыктар жана чыр-чатактар, анын ичинде Борбордук Азия чөлкөмүндөгү да ага негизделген эмес. Ошондуктан бул жооптун атайын бөлүмүндө Борбордук Азия мамлекеттериндеги жарандык улут куруу маселелерин, жаштардын этникалык, диний жана жарандык иденттүүлүгүнүн туура келүүсүн, жаштарды улуттук – патриоттук оңчул радикалдык кыймылдардын ишине тартуу мотивдерин талдаган изилдөөлөргө өзгөчө көңүл бурулат.

Экинчи тематикалык бөлүк - бул радикалдашуунун жана экстремизмдин себептерин, анын ичинде экономикалык жана экономикадан тышкары детерминанттарды чагылдырган эмгектер. Акыркы жылдарда социалдык түшүнүктөр, өз мүмкүнчүлүктөрүн ишке ашырууга "социалдык лифттердин" жоктугу, "ар кандай окуяларга туш болуу", салттуу мамиледен анын ичинде гендердик ролдордон жана тутумдан чыгууга умтулуу менен себептерди түшүндүрүү боюнча туруктуу тенденция байкалганына карабастан, (айрыкча жаштардын арасындагы тышкы эмгек миграциясы боюнча изилдөөлөрдө), жакырчылык, экономикалык ресурстарга жеткиликтүүлүктүн жоктугу сыяктуу факторлордун таасири өтө олуттуу бойдон калууда.

Бул өңүттөн алганда немис философу **Ульрих Бектин**[19] "тобокелдик коому" концепциясы көңүл бурууга арзыйт. Адатта, тобокелдик түшүнүгү салыштырмалуу сейрек кездешүүчү окуялардын пайда болуу мүмкүнчүлүгү менен байланышкан. Ошол эле кезде тобокелдик көп учурда бул окуялардын бир убакыт аралыгы ичинде пайда болуу ыктымалдыгы менен аныкталат. У. Бектин пикири боюнча биз жашап жаткан космополиттешүү доору жалпы өз ара көз карандылыкты жана өз ара байланышты билдирет. Айталы, глобалдык «башка бирөө» бул жөн гана виртуалдык проекция эмес, биздин дүйнөнүн бир бөлүгү: «Глобалдык бечаралар» башка жакта эмес, алар биздин арабызда". Анын үстүнө космополиттешүү сөзсүз түрдө «биз аны такыр билбей туруп эле кимдир бирөөдөн көз каранды боло болобуз» деген диалогду билдирбейт. Тобокелдиктер коом тарабынан мурда кабыл алынган чечимдердин гана натыйжалары. Модернизациянын биринчи этабында тобокелдиктер менен күрөшүү үчүн көптөгөн эффективдүү институттар ойлоп табылган, мисалы камсыздандыруу. Бирок, өнүгүүнүн азыркы этабында бул институттар тобокелдиктерди көзөмөлдөөгө жана азайтууга жөндөмсүз болуп калды. Керек болсо алардын ишинин натыйжасы

[19] Бек У. Футурологиялык экология жана "тобокелдик коомунун" концепциясы // URL: https://myslide.ru/presentation/skachat-futurologicheskaya-ekologiya-i-koncepciya-obshhestva-riska-u-bekahttps://ppt-online.org/129934

катары белгисиздиктин көбөйүшү болууда. Азыркы учурдагы тобокелдиктер адамдардын эбегейсиз чоң массаларына, бүтүндөй адамзатка коркунуч жаратууда.

Профессор **Владимир Левефр**[20] радикалдашууну феномен катары этикалык тутумдар аркылуу карайт. Адеп-ахлак маселелерин чечүү илим чөйрөсүнөн тышкары жатат.

Рефлексия жаатындагы изилдөөлөр буга чейин эле адамдын адеп-ахлак табиятына тиешелүү бир катар маанилүү суроолорго жооп берүүгө мүмкүнчүлүк түздү. Эки башка этикалык система бар. Коомдун тигил же бул этикалык системага таандыктыгы адеп-ахлактык турмушту жөнгө салуучу идеологиялык тексттерде чагылдырылат. Биринчи системада жамандыкка тыюу салуу, мисалы: "калп айтпа", экинчисинде – жакшылыкка чакыруу "чынчыл бол" менен мүнөздөлөт.

В.Лефевр «талибдер парадоксу» деп атоого боло турган нерсени ушул кез караштан кароону сунуш кылды. Белгилүү болгондой, талибдердин жаштар уюму Пакистандагы ооган качкындарынын лагерлеринде пайда болгон. Бул лагерлер негизинен америкалыктардын жардамы менен курулган. Талибдер АКШнын ишенимдүү союздаштары болот деп эсептешкен. Ушул ишеним БА чөлкөмүнө тиешелүү стратегиялык чечимдерди даярдоодо негизги ролду ойногон. Талибдердин Америкага каршы бурулганы көпчүлүк саясатчылар үчүн күтүүсүз болду. Мындай бурулуштун түпкү себеби исламдын өзгөчөлүгүндө эмес, эгерде талибдердин уюму макросубъект катары каралса, анын экинчи этикалык тутумга таандык экендигинде. Мындай макросубъекттин башка макросубъект менен кандайдыр бир тил табышуусу аны өзүнүн көз алдында басынтат, тил табышуу убада кылган материалдык пайдага карабайт. Талибдердин этикалык тутумун эсепке албоо стратегиялык деңгээлде утулууга алып келди. Глобалдык террорчулукка каршы күрөшүү стратегиясын иштеп чыгууда В. Лефевр ушул сабакты эске алууга чакырат. Террордук уюмдар, мисалы, мамлекет сыяктуу макросубъекттерден айырмаланып аймактык жыйнактуулукка ээ эмес макросубъекттер. Бул алар менен күрөшүү үчүн эл аралык антитеррордук уюмдардын түзүлүшүнө алып келет, алар да аймактык жыйнактуулукка ээ эмес, демек, көзөмөлдөө өтө кыйын болот. Антитеррордук уюмдардын террористтик уюмдарга айланып кетүү коркунучу өтө чоң болот[21]. Мындай коркунуч болбошу үчүн террорчулукка каршы күрөш биринчи этикалык тутумдун негизинде жүргүзүлүшү керек.

Радикалдашуунун себептери каралуучу дагы бир ыкма, социолог **Питирим Сорокин**[22] тарабынан сунушталган социалдык жана маданий мобилдүүлүк концепциясы, ага ылайык индивид мейкиндикте горизонталдык да, вертикалдык да ченемде белгилүү орунду ээлейт. Социумдун ар бир мүчөсүнүн позициясы – бул социалдык абал, топтордун ичиндеги байланыштар менен индивиддин тобунан айырмаланган топтор менен тышкы байланыштардын жыйындысы. П. Сорокин социалдык стратификацияга төмөнкүдөй аныктама берген: «укуктарды, милдеттерди, сыйургалдарды, баалуулуктарды, бийликти жана айрым индивиддердин ички башка инвиддерге аны менен бирге топтордун ортосунда да таасир этүүнүн башка жолдорун бирдей эмес бөлүштүрүү аркылуу адамдардын топторунун класстарга жана

[20] Лефевр В.А. Стратегиялык чечимдер жана мораль // Рефлексивдүү процесстер жана башкаруу. 2-том, № 1, 2002. 24–26-беттер // URL: http://www.reflexion.ru/Library/Lefebvre_2002_1.htm

[21] Классикалык мисал катары саясий экстремизмге жана уюшкан кылмыштуулукка каршы күрөшүү үчүн түзүлгөн, бирок жалданма киши өлтүргүчтөрдүн террористтик уюмдарына айланган Латын Америкасынын "Өлүм эскадрондору" болуп саналат. // URL: https://ru.wikipedia.org/wiki/Эскадроны_смерти

[22] Сорокин П.А. Социалдык жана маданий мобилдүүлүк// URL: https://pitirim.org/index.php/theories-pitirim-sorokin/social-mobility

иерархиялык даражаларга бөлүнүшү.” Бул үч негизги багытка бөлүнгөн көп өлчөмдүү стратификация модели: экономика, саясат жана кесиптик ишмердүүлүк. Булардан тышкары, коомдо ажырымды пайда кылган негизги эмес мүнөздөмөлөр бар - жаш курак, маданият, сөз жана башкалар.

Социалдык стратификация теориясынын негизги идеясы төмөндөгүдөй: коомдо сыйургалдарга ээ катмардагы адамдар башында турган жана сыйургалдары азыраак адамдар негизин түзгөн социалдык пирамиданы сактоого туруктуу тенденция бар. Коомдо пирамиданы өйдө карай тарткан шартта гана социалдык катаклизмдер, толкундоолор, революциялар болуп, пирамида трапецияга айланат. Мунун аркасында пирамидага жаңы күчтөрдүн кириши менен анда өсүү кайрадан пайда болот жана бул кезектешүү циклдик мүнөзгө ээ.

Ошентип, коомдо адамдардын жана топтордун бир катмардан экинчи катмарга тынымсыз кыймылы, төмөнкү социалдык деңгээлден жогорку деңгээлге көтөрүлүү жана тескерисинче, ылдый карай вертикалдуу өтүүлөр болот. Бул эки түшүнүктүн ичинен горизонталдык мобилдүүлүк өзгөчөлөнүп турат, б.а. адамдардын бир эле коомдук деңгээлдеги кыймылы, мисалы, жашаган жерин же ишинин мүнөзүн өзгөрткөндө. Социалдык мобилдүүлүк түшүнүгү коомдун цивилизациясынын, ачыктыгынын, эркиндигинин жана демократиясынын деңгээлин мүнөздөйт жана анын маданиятынын деңгээлинин маанилүү көрсөткүчү болуп саналат.

Радикалдашуу маселелери боюнча бир катар изилдөөлөр анын механизмин адамдын өзүнүн социалдык абалын өзгөртүүгө умтулуусу менен түшүндүрөт. “Социалдык лифттер” системасы ачык-айкын жана түшүнүктүү иштебей, адамдын жөндөмдүүлүгүнө, билимине жана эмгекчилдигине көз каранды болбой, тууганчылыкка, коррупцияга белчесинен баткан жерде мындай системаны жок кылууну көздөгөндөрдүн саны көбөйө берет. Же социалдык абалын жакшыртуу үчүн башка өлкөгө мүмкүнчүлүктөрдү издеп кетет. Бирок ал жакта да адам социалдык пирамиданын эң ылдый жагында калса, ал андан ары коомдук түзүлүш турукташа элек жерге кетиши мүмкүн. Демек, ал “ийгилик жоокери” болуп, башка коомдогу социалдык пирамиданын жогору жагынан өз ордун табат деген үмүт бар.

Ошону менен бирге, тарыхчы **Бахтиёр Бабажанов** белгилегендей, «эмгек мигранттарын алсак, биз алардын физикалык жактан гана эмес, маданий жактан да башка чөйрөгө жылып жатканын түшүнүүбүз керек. Алардын учурунда азгыргандар тарабынан таңууланган локалдуу улуттук иденттүүлүк менен глобалдык исламдык иденттүүлүктүн ортосунда жашыруун күрөш бар. Бирок эмгек мигранттарынын арасында иденттүүлүктүн толук өзгөрүүсүнүн мындай учурлары өтө сейрек, иденттүүлүктүн формалары өзгөрүп жок эле дегенде алар географиялык локустарды экинчи планга калтырып, улуттук формаларга ээ болот (келип чыккан аймактар боюнча бөлүү: Хорезм, Бухара, Фергана өрөөн, ж.б.)[23]” .

Белгилей кетсек, Борбордук Азиядагы радикалдашуу боюнча изилдөөлөрдүн көпчүлүгүндө, анын ичинде бул талдоо камтылган изилдөөлөрдө бул терминдин өзүн аныктоонун теориялык жана методологиялык аспектилерине жетиштүү көңүл бурулган эмес. Негизинен аныктамалар улуттук жана эл аралык укуктук актылардан алынат. Баарынан да кызыктуусу, “Социалдык медиада жаштар жана зордук-зомбулук

[23] Бабаджанов Б.М. Өзбекстандын Россиядагы эмгек мигранттары: социалдык тармактар жана диний контексттер // Аймактык коркунучтарды изилдөө борбору // URL: https://crss.uz/2018/03/01/trudovye-migranty-uzbekistana-v-rossii-socialnye-seti-i-religioznye-konteksty/

экстремизми. Изилдөөлөрдү салыштыруу[24]» изилдөөсүнүн авторлорунун аныктамалар топтому. Анын дисциплиналар аралык жана көп деңгээлдүү ыкмасына ылайык, ЧУАдагы формалдуу аныктамалардан тышкары, радикалдашуунун дагы үч кошумча аныктамасы каралган.

Биринчи аныктама саясат таануучу жана социолог **Фархад Хосрохавар[25]** тарабынан радикалдашууну бир адамдын деңгээлинде жекече тартуу жана окутуу процессинде таасир берүүнүн эмоционалдуу жана когнитивдүү процесстерине өзгөчө көңүл буруу менен берилген. Хосрохавардын айтымында, радикалдашуу – бул бир адамдын же адамдардын тобунун зомбулук чараларын колдонууга келүү процесси. Бул саясий, социалдык же маданий деңгээлде калыптанып калган тартипке каршы чыккан экстремисттик идеологияга түздөн-түз байланыштуу. Мындай аныктама азгырылуучу адамдардын арасында оппозициялык баатырды түзүүгө алып келген интернет аккультурациянын потенциалдуу күчүн изилдөөгө жардам берет. Бирок, Хосрохавар негизги көңүлдү Батыштагы исламчыл диний радикалдашууга бурат. Башкача айтканда, мындай ыкма радикалдашуунун башка формаларын талдоо жагынан жана башка контексттерде чектелген.

Экинчи аныктаманы немис социологу **Вильгельм Хайтмейер[26]** берет, ал оңчул экстремизмди пайда кылган процесстерди изилдеген. Ал Франкфурт мектебинин социалдык-психологиялык аргументтеринин негизинде социалдык радикалдашуу теориясын иштеп чыккан, ага ылайык радикалдашуу жеке тажрыйбанын жана социалдык наразычылыктарды пайда кылган социалдык шарттардын айкалышынын жемиши катары каралат.

В. Хайтмейер боюнча, «оңчул радикалдуу экстремисттик багыт теориялык жактан аныкталган, бирок иш жүзүндө көп учурда саясий демократиянын ишке ашпаган убадаларына, эркиндик менен теңдиктин жеке мүмкүнчүлүктөрүнө негизделген элементтер же социалдык моделдерге альтернативалар катары мүнөздөлөт[27]. Ошентип, макродеңгээлде ашынган оңчул зордукчул радикалдашуу, бийликтин мурдагы мамилелерине шек келтирген жана жарандык эркиндиктер менен коопсуздукка коркунуч туудурган согуштун же партизандык согуштун бир түрү катары каралышы мүмкүн. Бул ыкма радикалдашуу зордук-зомбулукка алып келет деген анын божомолуна карата чектелет.

Экосистеманын структурасына негизделген үчүнчү аныктаманы террорчулукту изилдөөчү **Алекс П. Шмидт[28]** колдонот, ал радикалдашууну жеке же жамааттык процесс катары аныктайт. Радикалдашуу жамааттар мамилелеринин тирешүүсүнүн натыйжасында келип чыгат жана саясий карама каршылык кырдаалы менен коштолот. Болбоду дегенде бир тарап тирешүүнүн жана зомбулукту күчөтүү тактикасынын пайдасына ар кандай оюнчулардын ортосундагы кепке келүү, келишимге келүү жана сабырдуулук практикасынан баш тартып жатат.

---

[24] Alava Séraphin, Frau-Meigs Divina, Hassan Ghayda. Социалдык медиадагы жаштар жана зордук-зомбулук экстремизми: Изилдөөлөрдү салыштыруу, ISBN: 978-9-2-3400028-4 – 167 р. // URL: https://unesdoc.unesco.org/ark:/48223/pf0000372331

[25] Хосрохавар Ф. Радикалдар өздөрүн коомго кантип каршы коюп жатышат // URL: ttps://inosmi.ru/world/20150729/229329095.html

[26] TiefindenAlltageingesickert: Rechtsextremismus und Gewalt. Терең тамырлаган: оңчул экстремизм жана зордук-зомбулук. Spiegel, 41, 1991, 32–33 pp. // URL: https://ru.qaz.wiki/wiki/Wilhelm_Heitmeyer

[27] 27Die Fernwirkungen des Terrors. Zu den FolgenfürdieliberaleRepublik und die integrationsfähigeGesellschaft. В: Hoffmann ua (Hg.): Wendepunkt, 11-сентябрь, 2001-ж. Terror, Islam und Demokratie, Köln, 2001, 221–234 pp. Вильгельм Хайтмейер https://ru.qaz.wiki/wiki/Wilhelm_Heitmeyer

[28] Shmidt A.P. Radicalisation, De-Radicalisation, Counter-Radicalisation: A Conceptual Discussion and Literature Review // URL: https://icct.nl/publication/radicalisation-de-radicalisation-counter-radicalisation-a-conceptual-discussion-and-literature-review/

Бул аныктама демократиялык диалогду жана жарандардын катышуусун токтотуунун көп учурда көз жаздымда калган олуттуу кесепеттерин камтыйт. Анын артыкчылыгы – автор идеологиялык, көңүлгө ынанымдуу жамааттык талкуулар кандай жараларын, бул учурда "башкалар" "бизден" кескин айырмаланып сүрөттөлөөрүн көрсөтүп бергенинде. Анан акыркылар кордук көргөн, коркутууга дуушар болгон, коргоого муктаж курмандыктар катары каралат, ошол эле учурда «башкалар» коркунуч катары каралат (жамандык катары көрсөтүлүп мисалы, исламчыл радикалдар колдонгон «каапыр» же оңчул экстремисттер ар кандай топторго колдонгон «чочко, айбандар» категориясы). Демек, мыйзам четтетүүнү, куугунтуктоону жана боло турган зомбулукту актайт. Бул ыкма радикалдашууну «Биз аларга каршы» риторикасы же бир тараптын экинчи тарапты бир жактуу айыптоосу эмес, динамикалуу эки тараптуу процесс катары карайт. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, интернеттен тышкары жакшы белгилүү процесстер индивидуалдуулуктан алыстоо эффектисин жана тармакта топтун карама каршылыгынын таасирин күчөтөт[29]: аффективдүү мобилизация[30], топтун лоялдуулугу[31], белгилүү бир пикирди карманган пикирге негизделген жамааттар[32].

Ушул себептерден улам, А. Шмидттин системалык түшүнүгү натыйжалуу баштапкы алдын алуу демилгелерин иштеп чыгуу үчүн баалуу. Бул изилдөөдө мындай демилгелер «зордук-зомбулук экстремизмдин алдын алуу» (ЗЭА) деп аталат.

Изилдөөнүн начар жери – изилдөөчүлөр диний турмуштун фактыларына таянуу менен тигил же бул кубулуш экстремизмге таандык деген ага чейин эле белгилүү ишенимге таянышат. Кубулуштардын белгилүү бир чөйрөсүнөн келип чыккан экстремизм эмес, тескерисинче – диний турмуштун кубулуштарынын жана процесстеринин мүнөздөмөлөрү алардын экстремизмге таандык болушунун негизинде ырасталат. Натыйжада экстремизм талдоо чөйрөсүнөн чыгарылып, изилдөөчүлөр жеке эмпирикалык феномендерди изилдөөгө багыт алышып, экстремизмдин онтологиялык аспектисин изилдөөгө зыян келтиришет.

Бул жерде **Алексей Римский** менен **Сергей Борисовдун[33]** «Философиялык эмгектерде «экстремизм» жана «диний экстремизм» түшүнүктөрү дин философиясынын жана метафизикасынын (онтологиялык жана экзистенциалдык) деңгээлинде каралбайт» деген сөздөрү туура көрүнөт. Изилдөөчүлөр «философиялык онтологиянын, дин философиясынын жана дин таануунун концептуалдык мейкиндигинде диний экстремизмди философиялык-методологиялык чечмелөөгө, анын маданий-антропологиялык негиздерин жана социомаданий трансформацияларын түшүнүүгө багытталган системалуу эмгектер дээрлик жок» деп белгилешет. Бул жагынан алганда диний экстремизм «заманбап гуманитардык ойлордогу боштук» катары саналат[34].

---

29 Spears &Postmes, 2015, Reicher et al., 1995 // URL: https://www.researchgate.net/publication/232483535_Social_influence_and_the_influence_of_the_social_in_computer-mediated_communication

30 Ernst-Vintila&Macovei, 2016 // URL: https://www.researchgate.net/publication/315752957_Je_suis_Charlie_la_liberte_au-dela_de_l'egalite_et_la_fraternite_Interpretation_collective_des_attaques_terroristes_de_janvier_2015_en_France_et_expression_online_d'un_nexus

31 Sageman, 2011/2016 // URL: https://books.google.kg/books?id=vRXIDwAAQBAJ&pg=PA14&lpg=PA14&dq=Sageman,+2011/2016&source=bl&ots=dXEVZVnB_I&sig=ACfU3U1QoSINO9v0rd8khpVTB6uzAdrXhQ&hl=ru&sa=X&ved=2ahUKEwjA6uXp36rvAhVCmIsKHSZIBSMQ6AEwDXoECAQQAw#v=onepage&q=Sageman%2C%202011%2F2016&f=false

32 McGarty, Thomas, E. F., Lala, G., Smith, L. G. E., &Bliuc, A.-M.(2014). New technologies, new identities, and the growth of mass opposition in the Arab Spring. Political Psychology, 35, 725-740 pp. https://www.semanticscholar.org/paper/New-Technologies%2C-New-Identities%2C-and-the-Growth-of-McGarty-Thomas/51973f52bc5df59b4757a7825b5c66dfba59d214

33 Римский А. В., Борисов С. Н. Диний экстремизмдин маданий-тарыхый формалары: салттуулуктан модернге чейин // ОГУ окумуштуулук жазмалары. Серия: Гуманитардык жана социалдык илимдер. https://cyberleninka.ru/article/n/kulturno-istoricheskie-formy-religioznogo-ekstremizma-ot-traditsionalizma-k-modernu 2012. №5 // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/kulturno-istoricheskie-formy-religioznogo-ekstremizma-ot-traditsionalizma-k-modernu

34 Римский А.В. Салттуулук жана заманбап мейкиндиктеги диний экстремизмдин антиномиялары // Белгород мамлекеттик университетинин илимий ведомосттору. Серия: Философия. Социология. Укук. – 2011. – Т. 18. – № 20 (115). – 300-б // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/antinomii-religioznogo-ekstremizma-prostranstve-traditsionalizma-i-sovremennosti/viewer

Америкалык дин таануучу **Натан Коллар** динди аныктоо үчүн биз дин деп христианчылыкка окшош жактарды атаган системалаштыруу ыкмасын эмес, дин деп функционалдуу ыкма - адамга кызмат кылууга, акыйкаттыкка, топко таандык болууга, өлүм коркунучун жеңүүгө жана алы жетпеген иштерди чечүүгө, биологиялык жактан өзүн таануу чегинен чыгууга, пикирлештердин жамаатына биригүү сыяктуу базалык муктаждыктарды канааттандыра турган кубулушту таанууну сунуш кылат[35]. Функционалдык ыкманын артыкчылыктары саясий идеологияларга, тармактык маркетингге, күйөрмандардын кыймылына башка өңүттөн кароого мүмкүндүк берет. Европа мамлекеттеринин секуляристтик жана колониялык активдүүлүгүнө жана дүйнөнүн башка бөлүктөрүндөгү аларга байланышкан режимдерге каршы тең салмактуулук катары келип чыккан контрсекуляризм, материалисттик, динге каршы баалуулуктарды[36] чагылдыруучу Батышка каршы чыгуу менен органикалык түрдө байланышта болуп чыкты.

Үч өлкөнүн стратегиялык өнүгүү документтеринин көпчүлүгү адамдык өнүгүүнүн борбору жана түпкү максаты болуп саналаарын, адамдык капиталды өнүктүрүү улуттук артыкчылык болуп саналаарын эске алуу менен, баяндамада адам укуктарына негизделген ыкма колдонулат. Ал жынысына, курагына, майыптыгына, башка өзгөчөлүктөрүнө жана чечимдерди кабыл алууда ар кандай социалдык топтордун толук катышуусуна жараша дискриминациясы жок ресурстардын жеткиликтүүлүгүн баалоого мүмкүндүк берет. Бул ыкманы колдонуу жеткиликтүүлүгү эң аз калктын азгырылуучу катмарын аныктоого жардам берет.

35 Kollar N. Religions` Future in the Anthropocene // Worldviews: Global Religions, Culture, Ecology. – V. 23. №1. – 2019. – P. 6

36 Berger P. The Desecularization of the World: A Global Overview // TheDesecularization of the World: Resurgent Religion and World Politics / Ed. by P. Berger. – Washington: Ethics and Public Policy Center, 1999. – P. 1-18 // URL: http://storage.cloversites.com/pathwaysformutualrespect/documents/Berger-Desecularization_World.pdf

# 3. ТЕРМИНДЕР ЖӨНҮНДӨ ДИСКУРС

Радикалдашуу жана экстремизм процесстерин изилдөөдө колдонулган терминология маселеси Борбор Азия чөлкөмү үчүн гана эмес, дүйнөлүк масштабда да актуалдуу. Аныктамаларды тактоо, аларды талкуулоо, эксперттик коомчулуктун түшүнүүсү андан кийин калк тарабынан түшүнүү - ушул этаптын маанилүү милдеттери болуп саналат.

Мисалга алсак, БУУнун Башкы катчысынын 2015-жылы сунуш кылган жана Астанада (2016-жылдын июнь айында) зордук-зомбулук экстремизмге каршы күрөшүү боюнча Борбордук жана Түштүк Азия регионалдык конференциясында талкууланган "Зордук-зомбулук экстремизмдин алдын алуу боюнча иш-аракеттер планын" иштеп чыгуу демилгеси БА чөлкөмүндөгү өлкөлөрдөн колдоо тапкан эмес, бул биринчи кезекте "зордук-зомбулук экстремизм" термининин өзү боюнча бир пикирдин жоктугуна байланыштуу.

Терминдер боюнча иштөө демографиялык өнүгүү динамикасын, этностор аралык жана мамлекеттер аралык (анын ичинде чек ара) мамилелерин, социалдык-экономикалык абалды камтыган темалардын жана маалыматтардын кеңири спектрин комплекстүү кароону талап кылат. Бул өз убагында профилактикалык чараларды көрүү үчүн бардык чөйрөлөрдөгү чакырыктарды жана коркунучтарды эске алууга мүмкүндүк берет.

Мындай ыкма менен коопсуздук факторлорун кеңири эске алуу аракети көрүлүүдө, анткени жыл сайын радикалдашуу менен экстремизмдин алдын алуу милдети бир гана диний факторго байланыштуу эместиги айкын болууда. Бирок, тилекке каршы, көпчүлүк учурларда ушундай жөнөкөйлөштүрүлгөн көз караш колдонулат, ал чындыгында стабилдүүлүккө коркунуч келтирүүчү көйгөйлөрдү көргөзбөй салат.

## 3.1. ЭЛ АРАЛЫК ДОКУМЕНТТЕРДЕ КОЛДОНУЛУУЧУ ТЕРМИНДЕР

Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) жана Европадагы Коопсуздук жана Кызматташтык уюму (ЕККУ) террорчулукка алып келе турган зордук-зомбулук экстремизмди жана радикалдашууну (ЕККУнун акыркы документтеринин көбүндө колдонулган термин[37]) талкуулоо татаал экенин моюнга алышат, анткени бул кубулуштардын жалпы макулдашылган аныктамасы жок.

Айрым өлкөлөрдүн өкмөттөрү, ошондой эле ар кандай эл аралык жана аймактык уюмдар бул көрүнүштөрдү алардын алдын алуунун натыйжалуу стратегиясын иштеп чыгуу үчүн, мыйзамсыз иш аракеттердин катарына кошууга аракет кылышкан.

Биринчиден, бул террорчулукту аныктоо. Жалпы аныктама эксперттер менен өкмөттөрдүн ортосундагы талаш-тартыштардын предмети болгондуктан жана ар кайсы өлкөлөрдө бул көрүнүштүн аныктамаларында айырмачылыктар болгон шарттарда, БУУ бир катар эл аралык документтерде террорчулукту кылмыштуу аракеттердин жыйындысы деп атайт (мисалы, адамдарды барымтага алуу, бомба жардыруу, жарандык учакты басып алуу) же БУУнун Коопсуздук Кеңешинин № 1267 (1999) резолюциясында Талибан, ИМИЛ (ИГИЛ) жана БУУнун Коопсуздук Кеңешинин №2253-резолюциясында (2015) террордук деп тапкан ан-Нусра фронту сыяктууларды эсептейт. АКШнын Мамлекеттик департаменти Өзбекстан Ислам кыймылын террордук уюм деп тааныгандыгын бир нече жолу билдирген[38].

---

[37] Терроризмге алып келүүчү зордук-зомбулук экстремизмдин жана радикалдашуунун алдын алуу жана бул коркунучка каршы турууда гендердик фактордун ролу жөнүндө. Укук коргоо органдарындагы алдыңкы тажрыйбалар. ЕККУ, Трансулуттук коркунучтарга каршы күрөшүү департаментинин терроризмге каршы бөлүмү, 2020 // URL: https://www.osce.org/files/f/documents/1/1/429452_0.pdf

[38] Newsro.com кабарлар порталы //АКШ Мамдепартаменти Өзбекстан Ислам кыймылынын террордук ишмердүүлүгү жөнүндө билет. URL:https://www.newsru.com/religy/02oct2002/idu.html

Мындан тышкары, БУУнун Коопсуздук кеңешинин №1566 (2004) резолюциясында террорчулуктун максаты «адамдардын өлүмүнө алып келүү же денесине оор жаракат келтирүүгө же коомдо террордук абалды жаратуу максатында адамдарды барымтага алуу, анын ичинде адамдардын бир тобуна же айрым адамдарга карата же калкты коркутуу максатында же болбосо өкмөттү, эл аралык уюмду кандайдыр бир аракеттерди жасоого же кандайдыр бир аракеттерден баш тартууга мажбурлоо, <…> [бул кылмыштуу аракеттер] кандай гана шарттар болбосун, саясий, философиялык, идеологиялык, расалык, этникалык, диний же башка ушул сыяктуу мүнөздөгү көз караштар менен акталбайт» деп көрсөтүлгөн[39].

Европа Кеңешинин Парламенттик Ассамблеясынын 2003-жылы кабыл алынган резолюциясында төмөнкүдөй аныктама камтылган: «Экстремизм – парламенттик демократиянын принциптерин ачык же тымызын жокко чыгарган жана сабырсыздык, өзгөчөлөнүү, ксенофобия, антисемитизм жана ультра улутчулдук идеологиясына жана практикасына негизделген саясий ишмердүүлүктүн формасы”[40].

ЕККУ террорчулукка алып баруучу зордук-зомбулук экстремизмдин (ТАБЗЗЕ) жумушчу аныктамасын иштеп чыккан: “Террорчулукка алып баруучу радикалдашуу – бул террордук зомбулукту мүмкүн болгон жана туура иш-аракет катары кабыл алган мамиленин көрүнүшү. Акыр-аягында мындай адам сөзсүз түрдө болбосо да, террорчулукту колдоого же террористтик иш-аракеттерге катыша башташы мүмкүн”[41]. Кошумчалай кетсек, ЕККУга мүчө кээ бир мамлекеттер зордук-зомбулук экстремизм боюнча өз аныктамаларын кабыл алышкан.

2001-жылдын 15-июнундагы «Террорчулукка, сепаратизмге жана экстремизмге каршы күрөшүү боюнча Шанхай конвенциясында» «экстремизм» түшүнүгүнө төмөнкүдөй катаал аныктама берилген (3-пункттун 1-бөлүгү, 1-берене): <…> «экстремизм - бийликти күч менен басып алууга же бийликти күч менен кармап турууга, ошондой эле мамлекеттин конституциялык түзүлүшүн күч менен өзгөртүүгө, мындан башка коомдук коопсуздукка күч менен кол салууга, анын ичинде мыйзамсыз куралдуу күчтөрдү уюштурууга же аларга катышууга багытталган аракет жана Тараптардын улуттук мыйзамдарына ылайык кылмыш жоопкерчилигине тартылышат»[42].

2009-жылы КМШга мүчө мамлекеттердин Парламенттер аралык ассамблеясы «Экстремизмге каршы күрөшүү жөнүндө» мыйзамды кабыл алган. Анын авторлору эки терминди: «экстремизм» жана «экстремисттик ишмердүүлүктү»[43] ажыратууга аракет кылышкан. Экстремизм деп социалдык нормаларды тануунун натыйжасында келип чыккан конституциялык түзүлүшкө кол салуу, адамдын жана жарандын укуктары жана эркиндиктерин бузуу түшүнүлөт. «Экстремисттик ишмердүүлүк» термини кеңири болуп, ишмердүүлүктүн ар кандай формаларын камтыйт: мамлекеттин эгемендигине кол салуудан баштап нацисттик символдорду пропагандалоого жана эл алдында

39 Коопсуздук Кеңешинин 2004-жылдын 8-октябрындагы 5053-жыйынында кабыл алган 1566-резолюциясы (2004)

40 Васильев Г. Е. Маданият философиясына киришүү. — Москва-Берлин: Директ-Медиа, 2015. 112-б. // URL: Google Китептер: маалымат.-тактама. портал. URL: https://books.google.kg/books/about/%D0%92%D0%B2%D0%B5%D0%B4%D0%B5%D0%BD%D0%B8%D0%B5_%D0%B2_%D1%84%D0%B8%D0%BB%D0%BE%D1%81%D0%BE%D1%84%D0%B8%D1%8E.html?id=Q489CwAAQBAJ&redir_esc=y

41 «Террорчулукка алып келген зордук-зомбулук экстремизмдин жана радикалдашуунун алдын алуу жана ага каршы күрөшүүдө гендердик фактор жөнүндө. Укук коргоо органдарынын мыкты тажрыйбалары” колдонмосу. URL: https://polis.osce.org/file/25772/download?token=17rZQRFv

42 Коопсуздук: теория, парадигма, концепция, маданият. Сөздүк-тактама. – 2005. 207 - б.

43 БКМШ өлкөлөрүнүн Антитеррордук борбору / «Экстремизмге каршы күрөшүү жөнүндө” моделдик мыйзам // URL: https://www.cisatc. org/1289/135/154/250

көрсөтүүгө чейин. Бул көрүнүштөрдүн көбү экстремизмге каршы күрөшүү боюнча улуттук мыйзамдарда бекитилген.

Көптөгөн эл аралык документтерде колдонулган, бирок постсоветтик өлкөлөрдүн көбүндө кеңири колдонула элек негизги термин – бул "зордук-зомбулук экстремизм". Эл аралык деңгээлде бул термин аны пайда кылган жеке жана коомдук жагдайлардын, мотивдердин, максаттардын жана мүнөздөмөлөрдүн өзгөрүп туруучу мүнөзүн жана көп түрдүүлүгүн баса белгилөө үчүн колдонулат. Адам же идеология экстремисттик болушу, аны менен бирге зордукчул эмес болушу мүмкүн. Бул канчалык кыйын болсо да демократиялык коом жашоого аракет кылган, баалуулуктар демократиянын негизги баалуулуктарына түздөн-түз карама-каршы турганда да жашоого аракет кылган чындык. Эгерде зордук-зомбулук экстремисттик ишмердүүлүк менен байланыштырылса, бул эки ача түшүнүк чындап эле жоюлат. Белгилей кетчү нерсе, ар кандай идеологияда аша чапкан көз карашты карманган жана зордук-зомбулукка барган өкүлдөр болушу мүмкүн. Бул дагы эле зордук-зомбулук экстремизмдин кандайдыр бир идеология же дин менен байланышы жок экенин көрсөтүп турат. Бирок бир катар идеологиялык агымдар башынан эле экстремизмге багытталган, мисалы, фашизм, расизм, нацизм, шовинизм ж.б. Диний агымдардын ичинен көбүнчө исламчыл агымдар (салафизм, ваххабизм ж.б.) көп учурда айырмаланып турушат, бирок негизинен дээрлик бардык конфессияларда экстремисттик агымдар кездешет.

Ошентип, «зордук-зомбулук экстремизми» - бул «террорчулукка» караганда кеңири өзүнчө категория, анткени ал ошондой эле саясий негиздеги массалык баш аламандыктар жана жек көрүүчүлүк кылмыштары сыяктуу зомбулукту же айрымдар анын мүнөзү боюнча террорист деп эсептеген, же болбосо андай деп аныкталбаган аракеттерди камтыйт. Ошол эле учурда радикалдык жана экстремисттик көз караштар сөзсүз эле проблема эмес, бирок чыныгы террорчулуктун башталышы үчүн базалык негиз боло аларын белгилей кетүү маанилүү. Дал ошондой зордук-зомбулук ар кандай көйгөйлөрдү чечүүнүн негиздүү ыкмасы катары кошулганда, ал коопсуздуктун маселеси болуп калат.

Зордук-зомбулук экстремизмдин алдын алуу (ЗЭА) жана зордук-зомбулук экстремизм менен күрөшүү (ЗЭК) - бул эки түшүнүк аларга кантип каршы туруу керектигин көрсөтүп, көбүнчө бири-бирин алмаштыра алышат. Бир аракеттин алдын алуу, анын иш жүзүндө болбой турганын билдирет. ЗЕА террорчулуктун идеологиялык стереотиптерин жок кылууга жана алардын ордуна альтернативалуу концепцияларды коюуга мүмкүндүк берген саясатты жана аларды ишке ашыруу боюнча чараларды жүргүзүүнү билдирет. Бул процесс ошондой эле зордук-зомбулук көрсөтүү көз карашын карманган экстремисттик кылмышкерлерди психологиялык жактан реабилитациялоону жана аларды коомчулуктун жашоосуна кайра аралаштырууну камтышы мүмкүн.

Маселен, өзбек эксперттери: «Укук бузуулардын алдын алуу жөнүндө» мыйзамдын 45-беренесинде мамлекеттик органдар жана өкмөттүк эмес коммерциялык эмес уюмдар укук бузуулардан жапа чеккендерге укуктук, социалдык, психологиялык, медициналык, педагогикалык жана башка жардам көрсөтүү үчүн, адистештирилген мекемелерди түзө алышат деген жобо бекитилгендигин белгилешет. Мындан тышкары, алдыңкы чет өлкөлүк тажрыйбанын негизинде, "Социалдык өнөктөштүк жөнүндө" мыйзамдын талаптарына ылайык жана болгон муктаждыктарды эске алуу менен, укук бузуулардан жапа чеккен, кылмыш жасоого жакын же мурда жасаган

адамдарды социалдык жактан реабилитациялоого жана адаптациялоого багытталган иш-чаралардын комплексин иштеп чыгуу максатка ылайыктуу көрүнөт»[44].

2015-жылы БУУнун Башкы катчысы тарабынан киргизилген "Зордук-зомбулук экстремизминин алдын алуу боюнча иш-аракеттер планы" ЗЭАны зордук-зомбулук экстремизминин жайылышына өбөлгө түзгөн факторлорду жок кылууга багытталган масштабдуу жана ырааттуу чаралардын комплекси катары карайт. Бул планда өзгөчө көңүл «террорчулуктун жайылышына жардам берген шарттарды жоюуга», ошондой эле «бардыгы үчүн террорчулукка каршы күрөшүү шарттарында адам укуктарын жана мыйзамдын үстөмдүгүн сактоону камсыз кылууга» бөлүнгөн. Иш-аракеттер планында "адам укуктарын ар тараптуу урматтоого жана бардыгы үчүн экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү түзүүгө негизделген ачык, адилеттүү, инклюзивдүү жана плюралисттик коомдорду түзүү зордук-зомбулук экстремизмине эң көрүнүктүү жана маанилүү альтернатива болуп саналат" деп аныкталат[45].

Өз кезегинде ЕККУ ЗЭКнү «радикалдаштырууга, жаңы колдоочуларды тартууга жана экстремисттерди зордук-зомбулук аракеттерине мобилизациялоого багытталган зордук-зомбулук экстремизминин өкүлдөрүнүн аракеттерине каршы активдүү аракеттер, ошондой эле зордук-зомбулукка алып келүүчү экстремизм менен радикалдашуунун жаңы колдоочуларын тартууга шарт түзгөн конкреттүү факторлорду жоюу» деп түшүнөт[46].

USAID (АКШнын Эл аралык өнүктүрүү боюнча агенттиги) тарабынан аныкталгандай, зордук-зомбулук экстремизми "кийинки социалдык, экономикалык же саясий максаттарга жетүү үчүн идеологиялык жүйөлүү же акталган зордук-зомбулукка үгүттөө, тартуу, даярдоо же башка колдоо көрсөтүүдөн турган иш-аракеттердин жыйындысы"[47]. Бирок, изилдөөдө негизги көңүл эрежелерге көбүрөөк байланыштуу болгон радикалдашуу процессине кеңири көз караш болууга тийиш. Бул аныктамага ылайык, радикалдашуу белгилүү бир шарттарда зордукчул экстремисттик топторго кошулууга же күч колдонуучу экстремисттик иш-аракеттерге (анын ичинде террордук актыларга) катышууга чечкиндүүлүккө жеткирүүчү ишенимдердин, кабылдоолордун жана эрежелердин жыйындысы катары түшүнүлөт. Экинчи термин – «экстремизм» – калган бардыгынын үстүнөн артыкчылыкка ээ идеологиялык максаттарды билдирет[48].

Ошентип, мындай бүтүмгө келүүгө болот:

- экстремизм - чыр-чатакты жөнгө салуунун күч колдонгон да, күч колдонбогон да жолдорун өзүнүн негизги ыкмалары катары колдонгон (кандайдыр бир белгинин негизинде гана үгүттөө ж. б.) жана саясий режимдердин стабилдүүлүгүнө, ошондой эле жарандардын укуктары менен эркиндиктерине коркунуч келтирген кандайдыр бир максаттарга багытталган ишмердүүлүк;
- экстремизм мыйзамдын күчү менен корголгон коомдук реалдуулуктарды четке кагуу менен өзүнүн бар экендигин актаган, идеялардын же идеологиялык

[44] Исмаилов И., Саиткулов К.А. Өзбекстан Республикасынын мыйзамдарындагы укук бузууларга виктимологиялык профилактика // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/viktimologicheskaya-profilaktika-pravonarusheniy-v-zakonodatelstve-respubliki-uzbekistan

[45] Зордук-зомбулук экстремизминин алдын алуу боюнча аракеттердин планы (A/70/674) // URL: https://www.ohchr.org/ru/documents/reports/plan-action-prevent-violent-extremism-a70674

[46] П/БНЭРВТга жалпы коомдун катышуусуна негизделген ыкма. Борбордук Азия үчүн колдонмо. Европадагы коопсуздук жана кызматташтык боюнча уюм тарабынан жарыяланган. июль, 2020-ж.

[47] The Development Response to Violent Extremism and Insurgency: Putting Principles into Practice (United States Agency for International Development, September 2011), p.2. Доступно на: http://pdf.usaid.gov/pdf_docs/Pdacs400.pdf

[48] Шмидт А.П. Радикализация, дерадикализация, контррадикализация: концептуалдык талкуулоо жана адабияттарга баяндама, ICCT Изилдөөчүлүк доклад, март 2013-ж., Гаага, 2013.

эрежелердин жыйындысына таянган мыйзамсыз аракеттердин жыйындысын билдирет;

- «Экстремизм» жана «экстремисттик иш-аракет» түшүнүктөрү көбүнчө ЧУАларда окшош же тыгыз байланышта болуп чыгат. Башкача айтканда, экстремизмдин идеялык жана практикалык бөлүгүн майда-чүйдөсүнө чейин бөлүп чыгуу зарыл[49].

## 3.2. ИЗИЛДӨӨНҮН НЕГИЗГИ ТЕРМИНДЕРИН ЧЕЧМЕЛӨӨ

Ушул изилдөөнүн максаттары үчүн негизги термин — **радикализм**. Радикализм термининин жалпы кабыл алынган чечмелөөсү жок. Бул көрүнүш коомдук жана саясий ишмерлердин жана коомдук карым-катыштын башка субъекттеринин иштеп жаткан системаны түп-тамырынан бери өзгөртүүгө, башкача айтканда, бүтүндөй иштеп жаткан системаны өзгөртүүгө умтулуусу менен мүнөздөлөт. Бул көрүнүш көбүнчө кризистик, өткөөл тарыхый мезгилдерде, коомдун же анын айрым катмарларынын жана топторунун жашоосуна, каада-салттарына жана көнүмүш жолуна коркунуч туулганда жайылат. Бул термин саясий же башка пикирди эч кандай келишүүгө барбастан, анын акыркы логикалык жана практикалык тыянактарына жеткирүү каалоосун билдирет. Бирок радикализм дайыма эле учурдагы системаны өзгөртүү үчүн радикалдуу ыкмаларды колдоно бербейт. "Орточо" деп аталган радикализм өзгөрүү процессинде зордук-зомбулукту колдонуу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарбаса да, негизинен өзгөртүү киргизүүнүн гумандуу ыкмаларын колдонот. Радикализмдин радикалдуу эмес ыкмаларды колдоно ала тургандыгы карама-каршылык болбойт, анткени ал бул ыкмалардын жардамы менен жетишүүгө умтулган жыйынтык баары бир радикалдык, башкача айтканда, калыптанып калган тартипти түп-тамырынан кайра куруу мүнөзүн алып жүрөт[50].

Изилдөөнүн негизги багыты эрежелер менен байланышкан радикалдашуунун кеңири процессине бурулууга тийиш. Бул белгилүү бир жагдайларда зордукчул экстремисттик топторго кошулууга же зордук-зомбулук көрсөтүүчү экстремисттик аракеттерге (анын ичинде террордук актыларга) катышуучу чечкиндүүлүккө алып келиши мүмкүн болгон ишенимдердин, кабылдоолордун жана эрежелердин жыйындысы[51].

**Радикалдашуу -** бул адамдын же адамдардын тобунун улам барган сайын экстремалдуу жана ашынган ырайымсыз саясий, социалдык, маданий жана диний идеологияларды бөлүшүү процесси. Ошондой эле **«өзүнүн радикалдашуусу»** деген түшүнүк бар – мында адам барган сайын зордук-зомбулуктуу жана экстремисттик саясий, социалдык, маданий жана диний идеологияларды кабыл ала турган кырдаалга келет, бул үчүн ал сөзсүз түрдө кандайдыр бир согушчул экстремисттик топтун мүчөсүнүн таасири астында болушу керек эмес, а бирок мурда бул топтордун идеологияларынын таасири астында болушу мүмкүн.

---

[49] Венцель С.В. Постсоветтик мамлекеттердин мыйзамдарындагы "экстремизм" терминин түшүнүүнүн өзгөчөлүктөрү (Балтика өлкөлөрүнөн тышкары): салыштырмалуу аспект // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/osobennosti-ponimaniya-termina-ekstremizm-v-zakonodatelstve-postsovetskih-gosudarstv-za-isklyucheniem-stran-baltii-sravnitelnyy

[50] Бороздин А. Н. Радикализм социалдык-саясий феномен катары // Саясат жана саясий илимдер. — 2015 // URL:https://cyberleninka.ru/article/n/radikalizm-kak-sotsialno-politicheskiy-fenomen

[51] Шмидт А.П. Радикализация, дерадикализация, контррадикализация: концептуалдык талкуулоо жана адабияттарга баяндама, ICCT Изилдөөчүлүк доклад, март 2013-ж., Гаага, 2013.

Экинчи термин – "экстремизм" – идеологиялык максаттардын баарынын үстүнөн артыкчылыкты билдирет. **Экстремизм** - бул ашынган көз караштарга, аракеттердин ыкмаларына берилгендик. Жеке адамдар да, уюмдар да, негизинен саясий жана диний уюмдар да экстремизмге дуушар болушат. Саясий - экстремисттик аракеттердин ичинен массалык башаламандыктарды, террордук актыларды, партизандык согуш жүргүзүү боюнча чагым салууларды белгилөөгө болот. Эң радикал экстремисттер көбүнчө кандайдыр бир тил табышууларды, сүйлөшүүлөрдү же макулдашууларды четке кагышат. Экстремизмдин өсүшүнө, адатта социалдык-экономикалык кризистер, калктын жашоо деңгээлинин кескин төмөндөшү, бийликтин оппозицияны басып салуусуна жол берген тоталитардык саясий режимдер, тышкы кийлигишүүлөр шарт түзөт.

Экстремисттик позиция «башкалардын өмүрүн жана укуктарын» сыйласа, анда коомго коркунуч келтирбейт. Бирок экстремалдуу саясий же идеологиялык максаттарга жетүү үчүн зулумдук менен эзүүнү колдогон зордук-зомбулук экстремизмдин абалындагы ырайымсыздыкты актай баштаса, ал терс абалга келет[52].

Изилдөөнүн негизги терминдеринин дагы бири **"толеранттуулук".** Толеранттуулук принциптеринин Декларациясына ылайык (ЮНЕСКО, 1995-ж.): Жарандык коомдун баалуулугу жана социалдык ченеми, жарандык коомдун бардык инсандарынын ар түрдүү болуу укугунан көрүнүп турат, ар кандай конфессиялардын, саясий, этникалык жана башка социалдык топтордун ортосундагы туруктуу гармонияны камсыз кылууда, түрдүү дүйнөлүк маданияттардын, цивилизациялардын жана элдердин көп түрдүүлүгүн урматтоодо, сырткы келбети, тили, ишеними, үрп-адаттары жана ишенимдери боюнча айырмаланган адамдарды түшүнүүгө жана кызматташууга даяр болууда[53].

БУУнун Уставынын преамбуласында толеранттуулуктун аныктамасынын мүнөздөмөсү төмөнкүчө жазылган: «Толеранттуулукту көрсөтүү жана бири-бири менен тынчтыкта, жакшы коңшулар катары бирге жашоо». Бул жерде лексема натыйжалуу, коомдук активдүү көрүнүшкө гана келбестен, ошондой эле өзү менен да, дүйнө менен да гармонияда жашоо жөндөмдүүлүгүнөн турган ийгиликтүү социалдашуунун (коомдук мамилелер системасына интеграцияланууунун) шарты катары каралат (микро жана макрочөйрө).

Толеранттуулук кайдыгерлик менен бирдей эмес. Бул ошондой эле башка дүйнө таанымды же жашоо образын кабыл алуу дегенди билдирбейт, ал башкаларга өзүнүн дүйнө таанымына ылайык жашоо укугун берүүдө. Ал өзүнө болгон ишенимдин жана өз позициясынын ишенимдүүлүгүн сезүүнүн белгиси, башка көз караштар менен салыштыруудан коркпогон, руханий атаандаштыктан качпаган, баарына ачык идеологиялык агымдын белгиси. Толеранттуулук өзүн-өзү таануу жолдорун жана адамдын индивидуалдуулугун көрсөтүү, башка маданияттарды сыйлоо, кабыл алуу жана туура түшүнүү дегенди билдирет[54].

52 Насритдинов Э. ж.б. Кыргызстандагы жаш адамдардын радикалдашууга жана экстремизмге азгырылуусу жана туруштук берүүсү: жашоонун беш тармагындагы талдоо // CAP, № 212, Январь 2019 // URL: https://www.centralasiaprogram.org/wp-content/uploads/2019/02/Уязвимость-и-устойчивость-молодых-людей-в-Кыргызстане-к-радикализации-и-экстремизму.pdf

53 Сабырдуулук принциптеринин декларациясы ЮНЕСКОнун 1995-жылдын 16-ноябрындагы Башкы конференциясында 5.61 резолюциясы менен кабыл алынган.// URL: https://www.un.org/ru/documents/decl_conv/declarations/toleranc.shtml

54 Википедия. Эркин энциклопедия // Толеранттуулук (социология) // URL: https://ru.wikipedia.org/wiki/%D0%A2%D0%BE%D0%BB%D0%B5%D1%80%D0%B0%D0%BD%D1%82%D0%BD%D0%BE%D1%81%D1%82%D1%8C_(%D1%81%D0%BE%D1%86%D0%B8%D0%BE%D0%BB%D0%BE%D0%B3%D0%B8%D1%8F)

Толеранттуулукту социалдык турмуштун универсалдуу негизи менен окшоштурууга чейин жеткирип, мүмкүн болушунча кеңири чечмелениши мүмкүн экенин белгилей кетүү керек. В. Лекторский толеранттуулуктун мындай көп маанилүүлүгүнө көңүл буруп, аны түшүнүүнүн мүмкүн болгон үч жолун көрсөткөн. Биринчиси, «толеранттуулук кайдыгерлик сыяктуу», бул чындыгы эч качан далилденбей турган көз караштардын бар экендигин билдирет (диний көз караштар, ар түрдүү маданияттардын өзгөчө баалуулуктары, өзгөчө этникалык диний көз караштар жана ишенимдер ж.б.). Экинчиси, «толеранттуулук өз ара түшүнүүнүн мүмкүн эместиги катары» сабырдуулуктун көрүнүшүн башканы сыйлоо менен чектеп, ошол эле учурда түшүнүү жана аны менен пикир алышуу мүмкүн эмес дейт. Акырында, «сабырдуулук өз тажрыйбасын жана сын пикир алышууну кеңейтүү катары» башка бирөөнүн позициясын урматтоону гана эмес, сын пикир алышуунун натыйжасында өзүнүн позициясын өзгөртүүгө мүмкүндүк берет[55]. Толеранттуулукту мындай чечмелөө жалпы кызыкчылыктарды коргогон социалдык өз ара аракеттенүүнүн эмпирикалык жол менен алынган моделдерин бекитүүгө багытталган прагматикалык мамилеге негизделген. Так ушундай прагматикалык акыл-эс биримдикти түзүүгө жол ачат.

Борбордук Азиянын үч өлкөсүнө келсек, экстремизм жөнүндө жоболор 1990-жылдардын башында КРда, ТРда жана ӨРда пайда болгонуна карабастан, Кыргыз Республикасында экстремизмге каршы күрөшүү боюнча атайын мыйзамдар 2005-жылы[56] гана, Тажикстанда 2007-жылы[57], Өзбекстанда 2018-жылы[58] кабыл алынган. Аларда экстремизмдин укуктук аныктамасы өтө кеңири, бул укуктук так эместикке, күтүүсүз укук колдонуу практикасына, анын ичинде саясий себептер боюнча куугунтукка алып келет. Эксперттер жок дегенде алардын негизги чечмелөөлөрүндө колдонулган терминдер боюнча макулдашууга убакыт жеткенин белгилешет[59].

Негизинен мыйзамдык базаны талдоо өзүнчө изилдөөнүн предмети болушу керек. Бирок бул үч өлкөнүн мыйзамдарында экстремизмдин аныктамаларында үч жалпы элемент бар экенин белгилей кетүү зарыл:

1. Конституциялык түзүлүштүн негиздерин күч менен өзгөртүү.
2. Өлкөнүн аймактык бүтүндүгүн бузуу.
3. Расасына, улутуна, диний таандуулугуна же белгилүү бир социалдык топко киргендигине карап кастыкты (араздашууну), жек көрүүчүлүктү козутуу жана адамдын кадыр-баркына шек келтирүү.

Үч өлкөнүн мыйзамдарында экстремизмдин аныктамалары дискриминацияга каршы ыкмага эмес, терроорчулукка каршы күрөшүүнүн зарылдыгына багытталган. Бул ыкма 2001-жылы үч мамлекет тең кол койгон терроорчулукка, сепаратизмге жана экстремизмге каршы күрөшүү боюнча Шанхай конвенциясына негизделген.

---

55 Лекторский В.А. Толеранттуулук, плюрализм жана критицизм жөнүндө // Философия маселелери. — 1997.№ 11.URL: https://culture.wikireading.ru/70301

56 «Экстремисттик ишмердүүлүккө каршы туруу жөнүндө» КР Мыйзамы №150. 2005-ж. 17-август. (2014-жылдын 18-февралындагы №32 КР мыйзамынын редакциясында) // URL: http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/1748

57 «Экстремизмге каршы туруу жөнүндө» ТР Мыйзамы (2007-жылдын 5-мартындагы №226 жана 2014-жылдын 27-ноябрындагы №1146 ТР мыйзамдарына киргизилген өзгөртүүлөр менен).

58 «Экстремизмге каршы туруу жөнүндө" 2018-жылдын 30-июлундагы №ЗРУ-489 мыйзамы. // https://www.uzdaily.uz/articles-id38719.htm https://base.spinform.ru/show_doc.fwx?rgn=108616

59 Орлова И.А. Экстремизмге каршы күрөштүн натыйжалуулугун жогорулатуунун жолдорунун бири катары мамлекеттердин мыйзамдарынын ырааттуулугу // Этностор аралык мамилелерди гармонизациялоонун жолдору жана жаштардын чөйрөсүндө экстремисттик көрүнүштөрдүн алдын алуу. СПб.: РГПУ, 2016. 170-175-б. // URL: https://pureportal.spbu.ru/ru/publications/согласованность-законодательства-государств-как-один-из-путей-по

Мыйзам чегинде антитеррордук жана дискриминацияга каршы ыкмаларды бириктирүү аракети жасалган мамлекеттерде экстремизмдин өтө кеңири аныктамасы пайда болду. Бул аныктамаларга ылайык, экстремизмге массалык курмандыктар менен болгон тератттан тарта, тыюу салынган түзүмдөрдүн желектери менен сүрөтүн социалдык тармакта кайра бөлүшүүгө чейин, ал эми кээ бир өлкөлөрдө жөн гана экстремисттик материалдардын реестрине киргизилген баракчага же китепке да ээ кылуу кирет.

Натыйжада, «радикалдашуу» көбүнчө динчилдиктин көбөйүшүнүн синонимине айланат: анын кыйыр көрсөткүчтөрү мечиттердин санынын (бул маалыматтарды мектептердин саны менен салыштыруу), коомдук адал тамактануу жайларынын көбөйүшү, диний себептер боюнча айрым медициналык кызматтардан баш тартуу аталат. Эксперттик чөйрөдө, саясий жана коомдук ишмерлердин ачык билдирүүлөрүндө коомдо радикалдашуу күчөп жатканы тууралуу жүйөлөрдү далилдөө үчүн өздөрүнүн субъективдүү баасына таянып, эч нерсе менен бекемделбеген ишенимдер айтылууда («көчөлөрдө хиджаб кийген кыздар, сакалчан жаштар көбөйүүдө » ж.б.).

Террорчулуктун жана диний экстремизмдин коркунучтарына каршы туруу маселеси боюнча расмий дискурста жамааттык коопсуздуктун инструменттери негизги ролду ойнойт (жогоруда көрсөтүлгөн көрүнүштөр менен күрөшүүнү өздөрүнүн максаттарынын бири катары койгон аймактык бирикмелердин алкагындагы иш-чаралар), эксперттик коомчулук террорчулук өз алдынча чечиле турган ички көйгөй экенин дээрлик бир добуштан ырасташууда.

Бул жерде бир гана атайын кызматтардын деңгээлинде маалымат алмашуу жана кызматташуу болушу мүмкүн. Өзбекстан Республикасынын жана өзгөчө Тажикстан Республикасынын эксперттик коомчулугунда террорчулукка жана экстремизмге каршы иш-аракеттерде мамлекеттин үстөмдүгүнүн зарылдыгы, Кыргыз Республикасына караганда алда канча көп айтылат. Кыргыз Республикасынын адистери либералдык диний саясат менен айкалыштырып, радикалдуу агымдарга каршы турууда негизги инструмент катары жарандык коомдун, билим берүүнүн, диний агартуунун ролуна негизги басым жасоодо[60].

[60] КРдагы исламофобия жана ЖМКдагы, Интернеттеги касташуу тили// URL: http://www.camediators.net/ru/209-doklad-islamofobiya-i-yazyk-vrazhdy-v-smi-i-internetekr-byl-predstavlen-na-forume-v-bishkeke.html

# 4. ӨЛКӨЛӨРДҮН НЕГИЗГИ СОЦИАЛДЫК - ДЕМОГРАФИЯЛЫК КӨРСӨТКҮЧТӨРҮ

## 4.1. ДЕМОГРАФИЯ

### Негизги демографиялык көрсөткүчтөр

1

Калктын саны




Калктын жыштыгы,
1кв/км.га адам



## 2 Өмүрдүн орточо узактыгы




## 3 Калктын өсүшү



*3-таблица. Негизги демографиялык көрсөткүчтөр*

| | КР | ТР | ӨР |
|---|---|---|---|
| Калктын саны | 6 389 500[61] | 9 321 018 | 33 254 100[62] |
| 1 кв/км.ге калктын жыштыгы | 32[63] | 67,6 | 74,1[64] |
| Өмүрдүн орточо узундугу | 68 лет[65] | 66 лет | 72,3[66] |
| эркектер | 67,4 | 63.0 | 69.7 |
| аялдар | 75,6 | 69.3 | 75.0 |
| Төрөттүн жалпы коэффициенти (бир аял төрөгөн балдардын орточо саны) | 3.3[67] | 3,8 | 2,7[68] |
| Калктын өсүшү, миң адамга | 134,0[69] | 200,8 | 597,4[71] |
| | 102,1% | 101,3 %[70] | 101.8 %.[72] |

*КР, ТР жана ӨР өздөрүнүн демографиялык көрсөткүчтөрү боюнча айырмаланышат.*

Өзбекстан эң ири (448,9 миң чарчы км.) жана калк жыш жайгашкан, калкынын жыштыгы жогору бирок эң бир тең эмес бөлүштүрүлгөн: калкы аз аймактар (Каракалпакстан, Навои облусу) жана жыш жайгашкан аймактар (Ташкент облусу, Фергана өрөөнү, Хорезм облусу) бар. Өзбекстанда ошондой эле калктын жылдык өсүүсү абдан жогору.

Тажикстан аймагы кичирээк (141,4 миң чарчы км.) жана тоолуу аймактарга ээ, бул калктын өтө жогорку жыштыгын шарттап турат. Ошону менен бирге Тажикстанда төрөттүн жалпы коэффициенти (бир аял төрөгөн балдардын орточо саны) эки коңшу өлкөгө караганда жогору, бул келечекте калктын жыштыгынын мындан ары да өсүшүнө алып келет. Бирок бул тенденция көбүнчө миграциянын агымдык көрсөткүчтөрүнөн көз каранды.

Кыргызстанда калктын жыштыгы эң төмөн, бирок 199 951 чарчы чакырымдын ичинен 94%ын тоолор түзөт (ошол эле учурда аянттын жарымына жакыны деңиз деңгээлинен 1500 м бийиктикте жайгашкан, анын 41%ы 3000 м. бийиктикте жайгашкан катаал бийик тоолуу аймактарга кирет), калктын жыштыгы өрөөндөрдө, өзгөчө Ферганада жогору.

Расмий статистикага ылайык, Өзбекстанда өмүрдүн орточо узактыгы жогору жана бул өлкөдө да өмүрдүн узактыгы боюнча эң аз гендердик ажырым бар – эркектер аялдарга

61 КР Улуттук статистикалык комитети. Калктын улуттук курамы (жыл башына карата баалоо, адам)// URL: http://www.stat.kg/ru/opendata/category/312/

62 Өзбекстан Республикасынын статистика боюнча мамлекеттик комитетинин брошюрасы. Демографиялык абал (2019-жылдын 1-январына карата алдын ала маалыматтар) // URL:https://stat.uz/uploads/docs/demog-yan-dek-ru18.pdf

63 Countrymeters долбоору. Кыргызстандын калкы.// URL: https://countrymeters.info/ru/Kyrgyzstan#population_density

64 Өзбекстан Республикасынын статистика боюнча мамлекеттик комитетинин брошюрасы. Демографиялык абал (2019-жылдын 1-январына карата алдын ала маалыматтар) // URL:https://stat.uz/uploads/docs/demog-yan-dek-ru18.pdf

65 United Nations, Department of Economic and Social Affairs, Population Division (2020). World Mortality. 2019 (ST/ESA/SER.A/437). // URL: https://www.un.org/en/development/desa/population/publications/pdf/mortality/WMR2019/World_Mortality_2019.pdf

66 Web site «world health rankings live longer live better». Өзбекстан: өмүрдүн узактыгы. URL: https://www.worldlifeexpectancy.com/ru/uzbekistan-life-expectancy

67 Кыргыз Республикасынын аялдары жана эркектери: 2016–2020. 26-б. Бишкек: 2021 – 307 с. URL: http://www.stat.kg/ru/publications/sbornik-zhenshiny-i-muzhchiny-kyrgyzskoj-respubliki/

68 Өзбекстан Республикасынын статистика боюнча мамлекеттик комитети. URL: https://gender.stat.uz/ru/osnovnye-pokazateli/demografiya/rozhdaemost/1051-32523523523

69 КР Улуттук статкомитети. Калктын табигый өсүшү (адам) // URL: http://www.stat.kg/ru/opendata/category/144/

70 Тажикстан Республикасынын Президентине караштуу статистика боюнча агенттиги. ТР статистикалык жылнаамасы 2020 URL: https://stat.tj/ru/news/publications/statistical-yearbook

71 Өзбекстан Республикасынын статистика боюнча мамлекеттик комитети. Демография. Негизги демографиялык көрсөткүчтөр. URL: https://stat.uz/ru/ofitsialnaya-statistika/demography

72 Өзбекстан Республикасынын статистика боюнча мамлекеттик комитети. Демография. Негизги демографиялык көрсөткүчтөр. URL: https://stat.uz/ru/ofitsialnaya-statistika/demography

караганда 5,3 жылга аз жашайт. Салыштыруу үчүн, Тажикстанда бул көрсөткүч 6,3 жылды, Кыргызстанда 8,2 жылды түзөт.

## 4.2. ЭКОНОМИКА, ЭМГЕК РЫНОГУ, ЖАКЫРЧЫЛЫКТЫН ДЕҢГЭЭЛИ

ИДП деңгээли боюнча, ошондой эле өлкөнүн бир тургунуна ИДПнын көлөмү боюнча Өзбекстан лидер болуп саналат. Бул өлкөнүн ИДПсында коңшуларына караганда көбүрөөк үлүштү айыл чарба түзөт. Ошол эле учурда бюджеттин мигранттардын акча которууларынан көз карандылыгы азыраак, расмий маалыматтар боюнча жакырчылыктын деңгээли төмөн, бирок жумушсуздуктун деңгээли жогору.

Тажикстанда калктын жан башына ИДПнын эң төмөнкү көрсөткүчү жана жумушсуздардын саны аз болгон менен жакырчылыктын эң жогорку деңгээли бар.

Кыргызстанда жана Тажикстанда мигранттардан акча которууларына болгон көз карандылык болжол менен бирдей (тиешелүүлүгүнө жараша 28,5 жана 28,6%).

### 2020-жыл үчүн негизги экономикалык көрсөткүчтөр



*4-таблица. 2020-жылдын маалыматтары боюнча негизги экономикалык көрсөткүчтөр*

| | КР | ТР | ӨР |
|---|---|---|---|
| ИДП, млрд. АКШ доллары | 8.5 млрд[73] | 8.1 млрд | 57,9 млрд[74] |
| Бир жашоочуга карата ИДП | $1309.4[75] | $870.8 | $1724[76] |
| ИДПда айыл чарбасы % менен | 12,1 %[77] | 19,2 % | 28,1 %[78] |
| ИДПга карата акча которуулар % менен | 28,5 %[79] | 28,6 % | 8,1 %[80] |
| Жумушсуздуктун деңгээли | 5,5 %[81] | 2,1 %[82] | 9,0 %[83] |
| Улуттук аныктоо боюнча жакырчылык деңгээли | 20,1[84] | 27,5 %[85] | 11,0 %[86] |
| Күнүнө 2100 ккалдан аз керектеген калктын үлүшү | 6,4 %[87] | Маалымат жок | 2,6 %[88] |

Радикалдашуу боюнча көптөгөн изилдөөлөр анын себептеринин бири катары жакырчылыктын жана жумушсуздуктун жогорку деңгээли боюнча нааразылык маанайын атаганын эске алуу менен, бул көрсөткүчтөрдү ар бир өлкөдө салыштыруу жана динамикадагы өзгөрүүлөрүнө жылдар бою байкоо жүргүзүү маанилүү. Мындай мүмкүнчүлүктү КМШнын Мамлекеттер аралык статистикалык комитети тарабынан 2015-жылдан 2018-жылга чейинки мезгилдеги Туруктуу Өнүгүү Максаттарынын (ТӨМ) индикаторлору боюнча чогултулган маалыматтар берет.

Ошентип, ТӨМ 1.2.1 көрсөткүчүнө ылайык расмий маалыматтар боюнча, Өзбекстан Республикасындагы жакырчылыктын деңгээли 2015-жылы үч өлкөнүн эң төмөнкү деңгээли катары бааланган (жалпы калктын жакыр катмарынын 12,8%ы) жана анын азаюусу жай жүрүп жатат.

2015-жылы жакыр жашаган элдин эң көп үлүшүнө ээ болгон (32,1%) Кыргыз Республикасы 4 жылдын ичинде дээрлик 10 пайыздык пунктка кыскартууга жетишти.

73 Экономист. Финансылык интернет-басылмасы. URL: https://economist.kg/2020/12/08/kyrgyzstan-znachitelno-otstaet-ot-drugih-stran-eaes-po-obemu-vvp-na-dushu-naseleniya-nacstatkom/

74 Spot Интернет-басылмасы. Сан: 2019-жылы Өзбекстандын ИДПсы канчаны түздү. URL: https://www.spot.uz/ru/2020/01/29/gdp/

75 http://www.stat.kg/ru/opendata/category/1/

76 Spot Интернет-басылмасы. Сан: 2019-жылы Өзбекстандын ИДПсы канчаны түздү. URL: https://www.spot.uz/ru/2020/01/29/gdp/

77 КР Улуттук статкомитети. Ички дүң продукт. URL: http://stat.kg/ru/news/struktura-valovogo-vnutrennego-produkta-za-2019-god/

78 Өзбекстан Республикасынын статистика боюнча мамлекеттик комитети, 2019-жылдын январь-декабры. Айыл чарбасы, токой жана балык чарбасы https://stat.uz/uploads/docs/qishloq_xo'jaligi_dekabr_ru.pdf

79 КР Улуттук статкомитети. Ички дүң продуктунун структурасы. URL: http://stat.kg/ru/news/struktura-valovogo-vnutrennego-produkta-za-2019-god/

80 Spot Интернет-басылмасы. Сан: 2019-жылы Өзбекстандын ИДПсы канчаны түзгөн. URL: https://www.spot.uz/ru/2020/03/17/russia/

81 Кыргыз Республикасы: Кемчиликтердин фонунда туруктуу калыбына келүү. Өзгөчө көңүл борборунда: Эмгек миграциясы. Кыргыз Республикасынын экономикасына баяндама №6. Күз/кыш 2017-ж. URL: http://documents1.worldbank.org/curated/ru/987271517230056742/pdf/Economic-update-with-a-special-focus-on-labor-migration.pdf

82 Жумушсуздуктун деңгээли (экономикалык активдүү калкка карата жумушсуздардын расмий таанылган саны пайыз менен)

83 Өзбекстан Республикасынын статистика боюнча мамлекеттик комитети. "Жумушсуздук деңгээли" бөлүмү. URL: https://stat.uz/ru/ofitsialnaya-statistika/labor-market

84 КР Улуттук статкомитети. Жакырлыктын деңгээли (пайыздар менен). URL: http://www.stat.kg/ru/opendata/category/120/

85 Sputnik Тажикстан жаңылыктар агенттиги https://tj.sputniknews.ru/country/20191226/1030454543/tadzhikistan-uroven-bednosti-rahmon-otchet.htm БДБнын баалоосу менен дал келет: https://www.vsemirnyjbank.org/ru/news/infographic/2019/10/17/poverty-in-tajikistan-2019

86 Өзбекстан Республикасынын статистика боюнча мамлекеттик комитети. «Аз камсыз болгон калктын үлүшү" бөлүмү https://stat.uz/ru/ofitsialnaya-statistika/living-standards

87 ФАО, МФСР, ЮНИСЕФ, ВПП жана ВОЗ. 2020-жыл. Дүйнөдөгү азык-түлүк коопсуздугу жана тамак-аш тармагындагы иштин абалы – 2020. Туура тамактануунун жеткиликтүүлүгүн финансылык жактан камсыздоо үчүн азык-түлүк системасын өзгөртүү. Рим, ФАО https://doi.org/10.4060/ca9692ru // http://www.fao.org/3/ca9692ru/online/ca9692ru.html#chapter-a1_1

88

Тажикстанда жакырчылыктын кыскарышы болгону 3,6 пайыздык пунктту түзсө, 2018-жылы бул көрсөткүч 27,4 пайызды түзгөн.




*5-таблица. Улуттук жакырчылыктын чегинен ары жашаган өлкөнүн калкынын үлүшү*[89]

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|
| **КР** | 32,1 | 25,4 | 25,6 | 22,4 |
| **ТР** | 31,0 | 30,3 | 29,5 | 27,4 |
| **ӨР** | 12,8 | 12,3 | 11,9 | 11,4 |

[89] КМШ чөлкөмүндөгү 2015-2018-жылдардагы ТӨМ көрсөткүчтөрүнө мониторинг: статистикалык жыйнак / КМШнын мамлекеттер аралык статистикалык комитети – М., 2020 – 136-б. // URL: http://www.cisstat.com/rus/sb-monitoring_2015-2018.pdf, С. 20




Маалыматтын жоктугуна байланыштуу Тажикстан Республикасындагы жумушсуздук боюнча кырдаалдын өнүгүү динамикасына 2016-жылдагы (6,9%) жана 2020-жылдагы (2,1%) көрсөткүчтөрдү салыштыруу аркылуу гана байкоо жүргүзүүгө болот. Кыргыз Республикасында бул көрсөткүчтүн жай, бирок туруктуу төмөндөөсү байкалууда, ал эми Өзбекстан Республикасында акыркы жылдары жумушсуздардын саны өскөн.

*6-таблица. Жумушсуздуктун деңгээли (жумушчу күчүнүн жалпы санына % менен)*[90]

| | 2015 | 2016 | 2017 | 2018 |
|---|---|---|---|---|
| **КР** | 7,6 | 7,2 | 6,9 | 6,2 |
| **ТР** | - | 6,9 | - | - |
| **ӨР** | 5,2 | 5,2 | 5,8 | 9,3 |




90 Ошол эле жерде 142-бет

**Кыргыз Республикасынын** эмгек рыногунун негизги өзгөчөлүгү эмгекке жарамдуу калктын өсүүсү жогорку темп менен шартталган жумушчу күчүнүн ашыкча болушу болуп саналат. Акыркы жылдарда жумушчу күчүн сунуш кылуу суроо-талаптан 33%га жакын ашты. Эмгекке жарамдуу калктын саны 3 669,9 миң адамды, иштеген калктын саны 2 442,7 миң адамды түзөт.

2013-жылдын 1-январына карата жаштар (14 - 28 жаштагылар) 1 миллион 657 миң адамды, же республиканын жалпы калкынын 30 пайызын жана экономикалык активдүү калктын 68 пайызын түздү.

Акыркы жылдары калктын жалпы санында эмгекке жарамдуу калктын санынын бир аз азаюу тенденциясы байкалууда (2015-жылдын аягында 59,6%, 2019-жылдын аягында 57,4%). Бул тенденция бир жагынан өлкөдө төрөлүү төмөндөп кеткен 1990-жылдардын аягында төрөлгөн өспүрүмдөрдүн эмгекке жарамдуу куракка кириши менен шартталган. Алсак, акыркы он жылдын ичинде эле 16–19 жаштагы өспүрүмдөрдүн саны 2010-жылдын аягындагы 468,2 миң адамдан 2019-жылдын акырына карата 394,0 миң адамга чейин кыскарган, б.а. 74,2 миң адамга, же 15,8%га азайган.

Башка эки өлкөлөр сыяктуу эле **Тажикстан Республикасында** да жаштар эмгекке жарамдуу куракка активдүү кирүүдө, анын эсебинен эмгек рыногунда жумушчу күчүнүн (экономикалык ишмердүүлүк менен алектенгендердин жана жумушсуздардын) көбөйүшү байкалууда. 2013-2019-жылдарга эмгек ресурстарынын 13,6% өсүшү байкалган.

**Өзбекстан Республикасында** эмгек ресурстарынын жыл сайын көбөйүшү жаштардын эмгекке жарамдуу куракка (эркектер үчүн 16–60 жаш, аялдар үчүн 16–55 жаш) кирүүсүнүн эсебинен жүрүп жатат. Калктын белгилүү бир бөлүгү жыл сайын эмгекке жарамдуу курактан чыгуусун эске алуу менен, жылына "экономикалык активдүү калктын" төмөндөгүдөй өсүшү байкалууда: 2015-жылы - 262,3 миң, 2016-жылы - 254,7 миң, 2017-жылы - 334,9 миң, 2018-ж. 284,4 миң, 2019-ж. – 234,7 миң. Бул сандар эмгекке жарамдуу куракка кирген жаштардын (16 жаш) жана эмгекке жарамдуу курактан өткөн улгайган адамдардын ортосундагы айырманы билдирет (бирок көбү иштөөнү улантууда, ошондуктан эмгек рыногунда кырдаал курч[91]).

Өзбекстанда эмгекке жарамдуу калктын 1000ине 681 эмгекке жарамсыз адам (балдар, майыптар, пенсионерлер) туура келет. Эмгектенип жаткан адамдарга күч келүүдө: 2016-жылы ал 640:1000 болгон. Бирок өлкөдөгү абал жакшы, ар бир 681 иштөөгө жарамсыз жарандын 509у 14 жаштан кичүү балдар, 172си гана улуу муундагы адамдар. Бул 10 - 20 жылдан кийин абал жакшырып, бюджетти толтурган жарандардын саны өсөт жана бул мамлекеттин өнүгүшүнө оң таасирин тийгизет дегенди билдирет[92].

## 4.3. ЭТНИКАЛЫК ЖАНА ДИНИЙ КУРАМЫ

Долбоорду ишке ашырууга катышып жаткан БАнын үч өлкөсү тең көп улуттуу. Ошол эле учурда калктын курамындагы этникалык азчылыктардын үлүшү Кыргыз Республикасында эң чоң – 26,4%; салыштыруу үчүн, Тажикстан Республикасында бул көрсөткүч 15,7%, Өзбекстан Республикасында 16,2% түзөт.

91 Эмгек рыногу // Өзбекстан Республикасынын статистика боюнча мамлекеттик комитети // URL: https://stat.uz/ru/ofitsialnaya-statistika/labor-market

92 Өзбекстанда калктын саны канча // Өзбекстан боюнча гид // URL: https://uzbekistangid.ru/politika/skolko-naseleniya-v-uzbekistane

Акыркы үч жылда **Кыргыз Республикасынын** калкынын этникалык курамы туруктуу бойдон келе жатат: калктын 73,5% кыргыздар, 14,9% өзбектер, 5,3% орустар, 1,1% дунгандар, 0,9% тажиктер, уйгурлар ж.б. түзөт[93].

**Тажикстан Республикасында** 2010-жылдагы эл каттоого ылайык, тажиктер (памирликтер, ягнобилер жана язгулямдар менен) 84,3%, өзбектер – 12,2% (өздөрүн уруулук таандыктыгы боюнча лакайлар, барластар, карлуктар деп атагандарды кошкондо анын ичинде катагандар, дурмендер, мингилер, жүздөр жана ж.б.) – 13,9%), кыргыздар 0,8%, орустар – 0,5%, түркмөндөр – 0,2%[94].

**Өзбекстан Республикасында** өзбектер калктын 83,8% түзөт (2019-ж.)[95]. Эң ири этникалык топтор тажиктер – 4,81%, казактар – 2,5%, орустар – 2,33%, каракалпактар – 2,21% түзөт. Каракалпактардын Өзбекстандын курамында өз республикасы (Эгемендүү Каракалпакстан Республикасы) бар. Башка көрүнүктүү этникалык топтордун арасында: кыргыздар – 0,85%, татарлар – 0,61%, түркмөндөр – 0,6%, корейлер – 0,55%, украиндер – 0,22% ж.б.

*7-таблица. Этникалык курам (эң ири этностор) пайыз менен*

| | КР[96] | ТР | ӨР |
|---|---|---|---|
| **Кыргыздар[97]** | 73,6 | 0,8 | 0,8 |
| **Тажиктер** | 0,9 | 84,3 | 4,8 |
| **Өзбектер** | 14,9 | 12,2/13,9 | 83,8 |
| **Орустар** | 5,3 | 0,5 | 2,3 |
| **Казактар** | 0,6 | «башкаларга» кирет | 2,5 |
| **Каракалпактар** | «башкаларга» кирет | «башкаларга» кирет | 2,2 |
| **Дунгандар** | 1,1 | «башкаларга» кирет | «башкаларга» кирет |
| **Уйгурлар** | 0,9 | «башкаларга» кирет | 0,2 |
| **Түркмөндөр** | 0,03 | 0,2 | 0,6 |
| **Корейлер** | 0,3 | «башкаларга» кирет | 0,5 |

Таблицадан көрүнүп тургандай, өзбектер Кыргызстанда да, Тажикстанда да эң көп этникалык азчылык болуп саналат. Кыргызстандагы тажиктер менен Тажикстандагы кыргыздардын үлүшү болжол менен бирдей. Кыргызстанда орустар 5,3%, Өзбекстанда - 2,3% болсо, Тажикстанда болгону 0,5% гана түзөт.

Калктын диний курамына келсек, Борбордук Азия өлкөлөрүндө так маалыматтар жок, анткени калыптанып калган практикага ылайык, расмий түрдө эл каттоодо берилген суроолордун тизмесине динге таандык экендигин суроо кирбейт. Тажикстанда

93 Кабак Д. Эсенгельдиев А. Кыргыз Республикасында дин тутуу эркиндиги // URL: https://tbinternet.ohchr.org/Treaties/CCPR/Shared%20Documents/KGZ/INT_CCPR_CSS_KGZ_16202_R.pdf

94 Тажикстан Республикасынын Президентине караштуу статистика боюнча агенттиги. https://www.stat.tj/ru/img/526b8592e834fcaaccec26a22965ea2b_1355501132.pdf

95 Өзбекстандын калкы, маалымат жана статистика // Статистика жана көрсөткүчтөр. Аймактык жана федералдык // URL: https://rosinfostat.ru/naselenie-uzbekistana/#i-3

96 2019-жылдагы КР Улутстаткомунун маалыматы // URL: http://stat.kg/ru/publications/demograficheskij-ezhegodnik-kyrgyzskoj-respubliki/

97 Этносторду каттоого алуунун тартиби: ирилерин – алфавит жана өлкөнүн аталышы боюнча, андан ары – санынын азайышына жараша

бул суроо 2019-жылдагы эл каттоо анкетасына киргизилген, бирок 2020-жылдагы эл каттоонун жыйынтыгы чыга элек.

Көбүнчө чөлкөмдөгү өлкөлөрдүн калкынын динге таандыктыгын эксперттик баалоодо белгилүү этникалык топтордун бардык өкүлдөрүн автоматтык түрдө алар тарыхый жактан таандык болгон конфессияга кошуу ыкмасы колдонулат. Башкача айтканда, мусулмандардын жалпы саны өзбектердин, каракалпактардын, казактардын, тажиктердин, кыргыздардын, түркмөндөрдүн, татарлардын, башкырлардын, азербайжандардын ж.б менен чыгарылат.

Ошол эле учурда бардык орустар автоматтык түрдө православдар, армяндар баары григориандар, еврейлер иудейлер, поляктар католиктер, немецтер лютерандар ж.б.у.с. саналат. Адамдын «өзүнүн» этникалык тобунун динине кирбей тургандыгы (прозелитизм, башкаларды өз ишенимине тартууга умтулууну Борбордук Азия мамлекеттеринде жактырышпайт, бирок иш жүзүндө бар), атеист же динсиз, динге кайдыгер кароо фактылары эске алынбайт.




Маселен, 2012-жылдагы WIN/Gallup динчилдик жана атеизм глобалдык индексине ылайык, Өзбекстандан сурамжылоого катышкан респонденттердин 79% гана өздөрүн динчил деп эсептешкен. Дагы 16% динге ишенбегендер, 2% өздөрүн атеист деп эсептешсе, 3% добуш берүүдөн баш тартышкан[98]. 2015-жылы WIN/Gallup International сурамжылоосунда респонденттердин 51% гана өздөрүн динчил деп эсептешкен[99]. Бул аймактагы чыныгы диний кырдаалга баа берүүдө эске алынышы керек.

98 Өзбекстандагы дин // Википедия // URL: https://ru.wikichi.ru/wiki/Religion_in_Uzbekistan

99 Өзбекстандын жашоочуларынын 50 %дан ашыгы өздөрүн динчил адам деп эсептейт// https://kun.uz/ru/news/2018/06/04/bolee-50-zitelej-uzbekistana-scitaut-seba-religioznymi-ludmi

Ошого карабастан, калктын динчилдиги боюнча пайда болгон сандар менен механикалык түрдө иш алып баруу күнүмдүк практикага айланып, коомчулукта, анын ичинде расмий билдирүүлөрдө активдүү колдонулуп жаткандыктан, биз мындай маалыматтарды сунуштайбыз.

**КР:** мусулмандар — 88,0 %, православдар — 11,5 %, башкалар — 0,5 % (атеисттер — 0,4 %, элдик ишенимди тутунгандар — 0,1 %)[100]

**ТР:** мусулмандар — 96,8 % (92,4 % суниттер, 4,2 % шийиттер); христианчылык — 1,7 %; динсиздер жана атеисттер — 1,3 %, башка диндер жана ишенимдер — 0,2 %[101].

**ӨР:** мусулмандар — 94 % (анын ичинен 1 % — шийиттер), 5 % бардык агымдардагы христиандарга туура келет (православие, католицизм, протестантизм ж.б.), 1 % — исламдык жана христиандык эмес диндердин өкүлдөрү (иудейлер, буддисттер, кришнаиттер, бахаилер ж.б.)[102]

Расмий каттоодон өткөн (эсепке алынып катталган) диний уюмдардын саны жөнүндө маалыматтар кызыктырат.

*8-таблица. Катталган диний уюмдардын саны*

| | **КР[103]** | **ТР** | **ӨР** |
|---|---|---|---|
| Ислам (суниттер-ханафиттер) | 3026 | 3 988[104] | 2 087[105] |
| Шийиттер жамааты | - | - | 6 |
| Орус православ чиркөөсү | 49 | 4 | 38 |
| Исмаилиттер жамааты | - | 3 | - |
| Римдик-католик чиркөөсү | 8 | 3 | 5 |
| Евангелдик христиан-баптисттер | 61 | 12 | 23 |
| Евангелдик христиандар | 4 | 15 | |
| Новоапостол чиркөөсү | - | 3 | 3 |
| Адвентисттер (Адвентисты седьмого дня) | 26 | 4 | 9 |
| Толук Евангелий христиандары (элүүлүктөр) | 79 | - | 56 |
| Евангелий-Лютерандык чиркөөсү | 20 | - | 2 |
| Пресвитериандар | 48 | - | |
| Протестанттык жамааттар | 16 | - | |
| Корей протестанттык жамааттары | - | - | 26 |
| Харизматтар | 42 | - | - |
| Христиандык миссиялар | 11 | 3 | - |
| Түрдүү диндердин чиркөөлөрү | - | 15 | - |
| Иегованын күбөлөрү | 41 | - | 1 |
| Армян апостолдук чиркөөсү | - | - | 2 |

100 Кабак Д. Эсенгельдиев А. Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги // URL: https://tbinternet.ohchr.org/Treaties/CCPR/Shared%20Documents/KGZ/INT_CCPR_CSS_KGZ_16202_R.pdf

101 Тажикистандын калкы // URL: https://countrymeters.info/ru/Tajikistan

102 Дониеров Ш. Өзбекстандагы дин// URL: https://zen.yandex.ru/media/gidvuzbekistane/religiia-v-uzbekistane-608cf5baa1d0372ada6fcafd

103 КР ДИМК 2020-жылдын 31.12. карата маалыматтары// URL: https://www.din.tj/hisobot

104 49 борбордук мечит (шаардын аймагында жана райондордо бирден), 327 мечит (махаллада — 10 000 ден 20 000 адамга чейин, Дүйшөмбүдө — 30000 ден 50000 адамга чейин), беш маал намаз окуганга 100дөн 1000ге чейинки адамга 3 612 мечит). ТР статистикалык жылдык жыйнагы, ТР Президентине караштуу статистика боюнча агенттиги, 2020 — 66-б.

105 Ислам цивилизациясынын борборун кошкондо, Имам ал-Бухарийдин эл аралык илимий – изилдөөчү борбору.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Иудаизм | 1 | 1 | 8 |
| Буддизм | 1 | | 1 |
| Бахаи | 12 | 7 | 6 |
| Кришнаиттер | - | - | 1 |
| «Кудай үнү» чиркөөсү | - | - | 1 |
| Библейлик коом | - | - | 1 |
| «Сонмин-Сунбогым» | - | 4 | - |
| **Бардыгы:** | **3 445** | **4062** | **2 276** |

Таблицадан көрүнүп тургандай, Долбоорго катышкан өлкөлөрдүн ар бирinde өзүнүн диний уюмдарды классификациялоо жана ошого жараша каттоо системасы бар. Бул жагынан алганда, жыйынды маалыматтарды системалаштыруу бир топ кыйын. Албетте, мамлекеттик органдар менен эксперттик коомчулуктун ортосунда маалымат алмашуу бардык тараптар үчүн пайдалуу болмок, бул эсепке алуу тутумдарын жана тигил же бул диний уюмду белгилүү бир топко киргизүү критерийлерин өркүндөтүүгө өбөлгө түзмөк.

Бул изилдөөнүн максаттарына жетүү үчүн, диндин сезимтал майда-чүйдөсүнө кийлигишпестен, катталган диний уюмдардын жалпы картинасы жөнүндө түшүнүк берүү маанилүү, авторлор ар кандай протестанттык уюмдарды (аймактагы өлкөлөрдүн ар биринде ар кандай аталган) бирдиктүү статистикалык категорияга бириктирүүгө аракет кылышкан.

Ушундай жагдайдан караганда, каттоодон өткөн ар кандай диний азчылыктардын уюмдарынын эң көбү Кыргызстанда экендиги даана көрүнүп турат.

Өзбекстанда кошуна өлкөлөргө салыштырмалуу диний уюмдар, өзгөчө мусулман уюмдары азыраак катталган. Бияктa калктын жалпы санынан көбү (Кыргызстандын калкынан 5,2 эсеге жана Тажикстандын калкынан 3,5 эсеге көп) жана ислам динин салттуу түрдө карманган этникалык топтордун басымдуу болушуна карабастан абал ушундай.

Ошол эле учурда эксперттер мындай деп белгилешет: «Өзбекстан ар дайым кызыктуу жана эң аз изилденген. Көпчүлүк белгилеп кээ бирлери ырастагандай, өлкө жакында эл аралык экономика, маданий жана илимий изилдөө долбоорлору үчүн ачыла баштады, медианы жана радикалдашууну изилдөөлөр Өзбекстан тууралуу билимди арттырмак»[106].

*9-таблица. Негизги диндер боюнча катталган диний уюмдардын саны*

| | КР | ТР | ӨР |
|---|---|---|---|
| Ислам (сунниттер-ханафиттер, шийиттер, исмаилиттер) | 3 026 | 3 991 | 2 093 |
| Орус православ чиркөөсү | 49 | 4 | 38 |
| Римдик-католик чиркөөсү | 8 | 3 | 5 |
| Ар кандай протесттантык агымдар | 348 | 56 | 124 |
| Иудаизм | 1 | 1 | 8 |
| Буддизм | 1 | | 1 |
| Бахаи | 12 | 7 | 6 |
| Кришнаиттер | - | - | 1 |
| **Бардыгы:** | **3 445** | **4 062** | **2 276** |

[106] «Борбордук Азиядагы зордук-зомбулук экстремизмине алып баруучу маалымат агымдары жана радикалдашуу». 83-б. // URL: https://www.sfcg.org/wpcontent/uploads/2019/08/Information_flows_public_rus.pdf

Кыргызстандагы эксперттер дагы диний жайлардын көбөйгөнүн белгилешүүдө. Мечиттердин саны 1991-жылга салыштырмалуу дээрлик 70 эсеге өстү: 39 мечит болсо, 2019-жылы алардын саны 2669га жетти. Чиркөөлөрдүн саны 5 эсеге өстү. 59 ыйык жай болсо, азыр алардын саны 276га жетти. 2019-жылы Кыргыз Республикасына расмий түрдө 57 миссионер келген[107].

## 4.4. БИЛИМ ДЕҢГЭЭЛИ

Долбоорго катышкан ар бир өлкөнүн билиминин абалы жана деңгээли - жаштарды өздөрүнө тартуу менен алардын кийин радикалдашуусунун потенциалдуу мүмкүнчүлүктөрү менен түздөн-түз байланыштын контекстинде мааниге ээ.

Үч өлкөнүн тең расмий статистикасына ылайык, башталгыч, негизги жана орто жалпы билим берүү уюмдарында билим берүүнү камтуу коэффициенти жогору (98-99%), көбүнчө физикалык же психикалык ден соолугуна байланыштуу мектепке бара албай калган балдар жана жаштар инклюзивдик билим берүү системасына тартылбаган бойдон калууда. Аялдардын да, эркектердин да сабаттуулугу 100%га жакын.

*10-таблица. Билим берүү тармагындагы негизги көрсөткүчтөр*

| | КР | ТР | ӨР |
|---|---|---|---|
| Башталгыч, негизги жана орто билим берүү уюмдарында билим берүүнү камтуунун коэффициенти (тийиштүү жаш куракта % менен) | 97,8[108] | 99,2 | 99 %[109] |
| Мектепте билим албаган 7 – 17 жаштагы балдар менен өспүрүмдөрдүн саны, адам | 2834[110] | Маалымат жок | 13437[111] |
| Сабаттуулуктун деңгээли<br>эркектер<br>аялдар | 99,8 %[112]<br>99,5<br>99,0 | 99,77 %<br>99,83<br>99,72 | 100 %[113]<br>100<br>100 |
| Балдар үйлөрүндөгү жана жатак үйлөрдөгү окуучулардын саны, адам | 19 329 адам[114] | 11 560 адам[115] | 23 167 адам[116] |

107 Кабак Д., Эсенгельдиев А. Кыргыз Республикасындагы дин тутуу эркиндиги // URL: https://tbinternet.ohchr.org/Treaties/CCPR/Shared%20Documents/KGZ/INT_CCPR_CSS_KGZ_16202_R.pdf

108 Кыргыз Республикасындагы билим жана илим: Статистикалык жыйнак // URL: http://www.stat.kg/media/publicationarchive/e92fa220-6092-4b80-ab66-9941553f73e3.pdf 36-37-б.

109 Абатуров В. Өзбекстандагы билим берүүнүн артыкчылыктары. Реформаларга баяндама // URL: https://review.uz/post/prioritet-obrazovaniya-v-uzbekistane-obzor-reform

110 Кыргыз Республикасындагы билим жана илим: Статистикалык жыйнак // URL: http://www.stat.kg/media/publicationarchive/e92fa220-6092-4b80-ab66-9941553f73e3.pdf 37-б.

111 2030-жылга чейин ӨРда элге билим берүү системасын өнүктүрүү концепциясы // URL: https://lex.uz/ru/docs/4312783

112 Эл каттоонун маалыматтары боюнча 2009-жылга.

113 ӨР калкынын 100 % сабаттуулугу боюнча төрт өлкөнүн бири болду // URL: https://nuz.uz/obschestvo/1190666-uzbekistan-popal-v-chetverku-stran-so-100-proczentnoj-gramotnostyu-naseleniya.html

114 Кыргыз Республикасындагы билим жана илим. 37-б. // URL: http://www.stat.kg/media/publicationarchive/e92fa220-6092-4b80-ab66-9941553f73e3.pdf

115 2019-жылга карата маалыматтар. ТР Президентине караштуу статистика боюнча агенттик. ТРдагы билим берүү. 2019/2020. 21-б.

116 2030-жылга чейин ӨРда элге билим берүү системасын өнүктүрүү концепциясы // https://lex.uz/ru/docs/4312783

Башталгыч, негизги жана орто билим берүү уюмдарында билим берүүнү камтуу коэффициенти (тиешелүү жаш курактагы топко % менен)




## 2 Мектептен билим албаган 7 – 17 жаштагы балдар менен өспүрүмдөрдүн саны, адам




## 3 Сабаттуулуктун деңгээли





**4 Балдар үйлөрүндө жана жатак үйлөрдө окугандардын саны, адам**




Орто кесиптик окуу жайлардын окуучуларынын саны боюнча колдо болгон маалыматтарга ылайык (ТӨМ 4.3.1 көрсөткүчү боюнча салыштырма маалыматтар), билим берүүнүн бул түрү Өзбекстанда популярдуу болсо, Тажикстанда андай эмес.

*11-таблица. Калктын 10 000 адамынын санына карата орто кесиптик окуу жайларында окуган окуучулардын саны* [117]

| | 2015/16 | 2016/17 | 2017/18 | 2018/19 |
|---|---|---|---|---|
| **КР** | 155 | 154 | 153 | 149 |
| **ТР** | 81 | 88 | 92 | 96 |
| **ӨР** | 474 | 455 | 356 | 219 |




[117] КМШ чөлкөмүндөгү 2015-2018-жылдардагы ТӨМ көрсөткүчтөрүнө мониторинг: статистикалык жыйнак / КМШнын мамлекеттер аралык статистикалык комитети – М., 2020 –136-б.http://www.cisstat.com/rus/sb-monitoring_2015-2018.pdf, 51-б.

Жогорку окуу жайларына келсек, 10 миң кишиге эң көп студенттер Кыргыз Республикасына туура келсе, эң азы Өзбекстанга туура келет. Акыркы жагдай чек арага жакын аймактарда пайда болгон жаңы тенденциянын пайда болушуна алып келди, Ош, Жалал-Абад жана Баткен шаарларынын жогорку окуу жайларында Өзбекстан Республикасынын көп сандаган студенттери билим алышууда.

*12-таблица. Калктын 10 000 адамынын санына карата жогорку окуу жайлардагы студенттердин саны*[118]

| | 2015/16 | 2016/17 | 2017/18 | 2018/19 |
|---|---|---|---|---|
| **КР** | 346 | 298 | 269 | 268 |
| **ТР** | 206 | 214 | 219 | 232 |
| **ӨР** | 84 | 84 | 91 | 108 |

деген ат менен белгилүү, баптисттер – 22,3% (262), Адеп Башаты – 20,9% (246), православ христиандар – 17,4% (205) ), Иегованын күбөлөрү - 12,3% (145), католик жамааты - 7,0% (82), салафиттер - 6% (71), Нурчулар - 2,7% (32), суфийлер - 2,5% түзөт. Жогорудагы маселе боюнча сурамжылангандардын ой-пикирин талдоо көрсөткөндөй, эң активдүү Таблиги Жамаат болуп саналат.

«Экстремизм» түшүнүгүн түшүнүү жана аныктоо үчүн сурамжылоого катышкандарга «Экстремизмди жана радикализмди кандай түшүнөсүз?» деген суроо берилген. Алынган маалыматтар сурамжылангандардын динди экстремизмден бөлөрүн көрсөтүп турат. Экстремизмдин негизги мүнөздөмөлөрү болуп зордук-зомбулук аракеттери, саясий максаттарга жетүүгө багытталган ыкмалар саналат. ФТД катышуучуларынын көбү радикализмдин жана экстремизмдин маңызын чечмелеп, радикализм аң-сезимде болушу мүмкүн экенин, ал эми экстремизм бул зордук-зомбулук аракеттери экенин түшүндүрүшөт.

Алынган маалыматтарды талдоо респонденттердин жогорку пайызы 66,9% диний чөйрөдөгү экстремизмдин коркунучун көрсөткөн. Баткен облусунда 82,4%, Талас облусунда 76,3%, Бишкек шаарында 74,4%. Болгону 13,3% гана мындай коркунуч жок деп эсептешет.

Экстремизмдин ички себептерин аныктоодо идеологиялык жана саясий себептерге басым жасалат, мында экстремисттик саясий идеологиялар азыркы саясатка атаандаш катары коюлушу мүмкүн. Бардык сурамжылоого катышкандар радикализмдин жана экстремизмдин тышкы себептерине негизинен буларды киргизишет:

- чет элдик миссионерлердин ишмердүүлүгү,
- чет өлкөлүк диний университеттерде (Сауд Аравиясы, Пакистан) окуу, ошол жактан радикалдуу идеялардын таасирине кабылуусу,
- Түркияда, Россия Федерациясында радикалдардын таасирине кабылып, ошол жактан экстремисттик идеяларга тартылган эмгек мигранттары.

Изилдөөчүлөрдүн белгилешинче, жалпы чөлкөмдө радикалдар негизинен маргиналдашкан, билим деңгээли төмөн, анын ичинде диний билими да төмөн адамдар деген стереотип бар. Радикалдын көнүмүш образы мындай – бул сакалчан, кыска шымчан, өзүн ошого жараша алып жүргөн адам. Бирок, мындай стереотиптердин артында радикалдуу көз караштагы бирок сырты «нормалдуу» адам байкалбай кала бериши мүмкүн.

Ушуга байланыштуу кээ бир изилдөөчүлөр исламдык билим берүү проблемасын радикалдашуунун себептеринин бири катары актуалдаштырууда. **Ольга Чикризова** менен **Александра Шумакова** мындай деп белгилешет: “Ислам билим берүү системасындагы проблемалар, БА чөлкөмүндө көз карандысыз мамлекеттер түзүлгөндөн кийин дароо эле пайда болгон. Республикалар өз имамдарын, уламаларын башка мусулман өлкөлөрдүн жардамысыз даярдай албасы ачыкка чыкты. Мындан тышкары, жергиликтүү деңгээлде динге сыйынуунун өзгөчөлүктөрүн карапайым элге, өзгөчө жаштарга түшүндүрө ала турган билимдүү руханий ислам лидерлери болгон эмес. Натыйжада, көптөгөн жаштар рухий суроолорго жоопту өз өлкөсүнөн тышкары издей башташты. Чөлкөмдүн бир катар өлкөлөрүндө жашоонун төмөн деңгээли ал жактын жаштарын жакшы жашоо жана өз кыялдарын ишке ашыруу үчүн Сирия, Ирак жана Ооганстан сыяктуу өлкөлөргө баруугa алып келет, бул жерде террористтик топторго

жалдоочулар аларга жакшы киреше жана тез «кызматтык өсүү» убада кылышып, ошондой эле ислам тууралуу алардын суроолоруна жооп беришип, муну менен Борбордук Азиянын жаш мусулмандарынын руханий кызыгуусун канааттандырат[158].

Башка изилдөөчүлөр диний билимге чоң үмүт артылган ыкманын өзүн стереотиптик көз караш деп эсептешет. Алардын арасында эң белгилүү орус ислам таануучулардын бири **Алексей Малашенко** бар, ал кеп ислам дининин түпкү маңызында жатат деп эсептейт: «Ислам – дүйнөлүк диндердин ичинен эң бир дүйнөбий дин, башкача айтканда башкаларга караганда кадимки жашоодогу көйгөйлөрдү чечүүгө, анын ичинде саясий жана экономикалык маселелерди да чечүүгө кайрылат. Исламды кээде «тоталдык дин» деп аташса, мусулмандар аны «жашоо образы»[159] деп эсептешет. Бул ислам өлкөлөрүндө жана аймактарында дүйнөбий, секулярдык саясатты жүргүзүүдө өзгөчө кыйынчылыктарды жаратууда. А. Малашенко менен К. Вылчеванын баалоосу боюнча: «Ислам терроризми – ислам радикализминин эң акыркы түрү. Радикализмдин да эмес, исламизмдин түрү. Азыр исламдагы катаал, радикалдык позицияны бекемдөө маселеси өксүк комплекси менен байланышкан»[160].

**«Россияда жана Борбордук Азия өлкөлөрүндө экстремизмдин алдын алуу»**[161] изилдөөсү Борбордук Азия экстремисттик тенденциялар олуттуу коркунуч жана көйгөй жараткан аймак экенин көрсөттү. Авторлордун пикири боюнча, аймакта экстремизм идеологиясынын пайда болушунун жана өнүгүшүнүн потенциалдуу негизи төмөнкү факторлор менен шартталган: а) Советтер Союзу кулагандан кийин пайда болгон идеологиялык боштук массалык жана жекече деңгээлде экстремисттик идеялардын тамырлашына шарт түзгөн; б) маалыматтык ааламдашуу экстремисттик контенттин массага таралышында маанилүү роль ойноду; в) Борбордук Азия үчүн негизги коркунуч исламчыл экстремизм жана фундаментализм. Эгемендүүлүктүн жылдарында Борбор Азия өлкөлөрү аймактагы кырдаалды туруксуздаштырууга жана бийликке диний режимди алып келүүгө аракет кылган исламчыл экстремисттердин аракеттерине туш келип жана азыр да дуушар болуп жатат. Ал эми Борбор Азия дүйнөбий жана диний режимдердин "согуш майданына" айланбай, "араб жазы" сыяктуу исламчыл күчтөрдүн бийликке келиши азырынча күмөндүү көрүнгөнү менен, белгилүү бир тобокелдиктер сакталып турат.

Борбордук Азия үчүн экстремисттик активдүүлүктүн өсүшү тышкы күчтөрдүн басымы менен байланышкан: Жакынкы жана Орто Чыгыштагы, Ооганстандагы, Пакистандагы ички саясий туруксуздук, алардын аймактарында диний экстремисттер жана фундаменталисттер үчүн базаларды жана лагерлерди даярдоо; Борбордук Азиянын аймагында ири мамлекеттердин (АКШ, Кытай, Индия) геосаясий атаандаштыгы менен; Борбордук Азиядагы ички аймактык, улуттук аймактык чыр-чатактар; баңги заттарды мыйзамсыз жүгүртүү жана экстремисттердин ишмердүүлүгүн каржылоо булагы болуп саналган башка трансулуттук кылмыштуулуктун өнүгүшү. Чындыгында

---

158 Чикризова О.С., Шумакова А.А. Постсоветтик мейкиндиктеги терроризмдин проблемасы. Ислам билим берүүсүндөгү кризистин Борбордук Азиядагы радикалдашуу процессине тийгизген таасири. Постсоветтик мейкиндиктеги террорчулук проблемасы // Постсоветтик изилдөөлөр. 2020. №4 // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/vliyanie-krizisa-islamskogo-obrazovaniya-na-protsess-radikalizatsii-tsentralnoy-azii/viewer

159 Малашенко А.В. Ислам экономикасы: өнүгүүгө шанс барбы? // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/islamskaya-ekonomika-est-li-shans-na-razvitie

160 Малашенко А., Вылчева К. Исламдан коркуу керекпи? // URL: https://carnegie.ru/2016/04/22/ru-pub-63446

161 Россияда жана Борбордук Азия мамлекеттеринде экстремизимдин алдын алуу: I бөлүк // «Берлек-Единство» геосаясий изилдөөлөрдүн борбору, — Уфа, РБ, РФ, 2018 // URL: http://berlek-nkp.com/files/pevrisca1.pdf

Ооганстандагы азыркы кырдаал исламчыл экстремисттер жана радикалдар менен болгон көйгөйлөрдү чечүүгө жардам бербейт.

Борбордук Азияга исламдык экстремисттердин "ислам революциясы" формасындагы түздөн-түз таасир тийгизүүсү азыркы учурда күмөндүү болуп турат. Борбордук Азиянын күн тартибинин фонунда, тескерисинче, радикалдуу исламчыл аракеттерге ыктаган элементтердин социалдык жана саясий институттарда акырындык менен тамырлашы, б.а. коомдо диний экстремисттердин социалдык маанилеринин акырындык менен өсүшү коркунуч жаратат. Ал эми экстремизмдин идеологиясы нормага, ал тургай жүрүм-турум эрежелерине чейин көтөрүлгөндө мындан да жаман болушу мүмкүн.

Мындан тышкары, теманын актуалдуулугу Борбордук Азиянын жарандары – чет элдик жоочу - террорчулардын (ЧЭЖТ) жана алардын үй-бүлө мүчөлөрүнүн өз өлкөлөрүнө кайтып келиши менен шартталышы мүмкүн[162]. Жалпысынан алганда изилдөөчүлөр ЧЭЖТдын өз өлкөлөрүнө массалык агылып киришине ишенишпейт, бирок изилдөөнүн авторлору алардын саны аз болгонуна карабастан, ЧЭЖТдын кайтып келүүсүнөн жана алар менен байланышкан адамдардын потенциалдуу коркунучтарына көңүл буруу зарыл деп эсептешет.

Талдоого алынган маалымат булактарында борбор азиялык жарандардын ар кандай экстремисттик уюмдардын катарына аралашкандыгы тууралуу сапаты ар кандай маалыматтар камтылган. Ошол эле учурда бир нече изилдөөдө кайталанган бир катар тыянактарды чыгарууга болот.

Россиянын жана башка постсоветтик өлкөлөрдүн жарандары көбүнчө "орусча сүйлөгөндөр" деп аталган бир нече топтордо, анын ичинде "Ислам мамлекети" жана "Ал-Каида" менен байланышы барлар да бар. Орус расмийлеринин маалыматы боюнча, 2017-жылдын май айына чейин Сирия менен Иракка 4 миңге чейин орус жараны, 5 миңи мурдагы СССР өлкөлөрүнөн (анын ичинде 1000ден ашууну Түштүк Кавказдан жана 4000ден[163] ашууну Борбор Азия[164] өлкөлөрүнөн) келген. Бул маалыматты өз алдынча текшерүү мүмкүн эмес жана бул болжолдуу көрсөтмө катары кызмат кыла алат.

Тажикстандын жана Кыргызстандын бийликтери ар бирине тиешелүү 1100 жана 508 (анын ичинен 130га жакыны балдар)[165] учурду билдиришкен. Өзбекстан боюнча расмий маалыматтар жарыяланган жок[166].

162 Lemon E., Mironova V., Tobey.W. Jihadists from Ex-Soviet Central Asia: Where Are They? Why Did They Radicalize? What Next? // Russia Matters, Belfer Center for Science and International Affairs // URL: https://www.belfercenter.org/publication/jihadists-ex-soviet-central-asia-where-are-they-why-did-they-radicalize-what-next Harvard Kennedy School, 20, December. Responses to returnees: Foreign terrorist fighters and their families, July 2017. URL: https://ec.europa.eu/home-affairs/sites/homeaffairs/files/ran_br_a4_m10_en.pdf / Thomas F. Lynch III, Michael Bouffard, Kelsey King, and Graham Vickowski. The Return of Foreign Fighters to Central Asia: Implications for U.S. Counterterrorism Policy, Institute for National Strategic Studies Strategic Perspectives, 2016. No. 21, October // https://inss.ndu.edu/Portals/68/Documents/stratperspective/inss/Strategic-Perspectives-21.pdf

163 Barrett R. Beyond the Caliphate: Foreign Fighters and the Threat of Returnees (The Soufan Center, 2017), pp. 12–13 // URL: https://thesoufancenter.org/wp-content/uploads/2017/11/Beyond-the-Caliphate-Foreign-Fighters-and-the-Threat-of-Returnees-TSC-Report-October-2017-v3.pdf

164 Блум М. Ислам мамлекетинин шейиттик пропагандасында балдардын жана жаштардын сүрөттөрү, 2015–2016. Т. 9, вып. 2. 2015 // URL: https://ctc.usma.edu/depictions-of-children-and-youth-in-the-islamic-states-martyrdom-propaganda-2015-2016/

165 Barrett, R. // URL: https://radical.hypotheses.org/files/2018/01/Beyond-the-Caliphate-Foreign-Fighters-and-the-Threat-of-Returnees-TSC-Report-October-2017.pdf

166 Barrett, R. Russian-Speaking Fighters In Syria, Iraq And At Home: Consequences And Context. The Soufan Center, 2017 //: https://thesoufancenter.org/wp-content/uploads/2017/11/Beyond-the-Caliphate-Foreign-Fighters-and-the-Threat-of-Returnees-TSC-Report-October-2017-v3.pdf

2018-жылы радикалдашууну изилдөө боюнча эл аралык борбордун изилдөөсүнө ылайык, ЧЭЖТдын жана алар менен байланышы бар адамдардын арасында ЧЭЖТ ИМИЛ/ДАИШ же туунду уюмдарынын ичинен 13% аялдар түздү. Орто эсеп менен алганда, дээрлик 20 000 ЧЭЖТ 17% ЕККУга мүчө мамлекеттерден болушкан. ИМИЛ/ДАИШ менен байланышы бар 7 миң 366 адам Ирак жана Сириядан өз өлкөсүнө кайтышкан, ал эми (20%) же кайтарып келүү процесси жүрүүдө. Кайтып келгендердин жалпы санынан 256 адам гана (4%) аялдар болгон[167].

Дагы бир изилдөөгө ылайык, экстремизмге байланыштуу кылмыштарга катышкан аялдардын үлүшү 22%га чейин өскөн. Болжол менен он жыл мурун аялдар мындай кылмыштардын 1%ын гана жасашкан[168].

ИМИЛ/ДАИШ балдарды жана жаштарды да мобилизациялоодо. Изилдөөчүлөр 2015-жылдын январынан 2016-жылдын январына чейин түзүлгөн маалымат базасынын алгачкы жыйынтыктарын көрсөтүштү. Ай сайын «жанкечтилик операциялардын» кесепетинен каза болгон жаштардын саны 2015-жылдын январында 6 болсо, 2016-жылдын январында 11ге жеткен. Ошондой эле бир же бир нече балдар же өспүрүмдөр катышкан операциялардын саны өскөн; 2016-жылдын январында 2015-жылдын январына салыштырмалуу балдар жана жаштардын өз жанын кыйган операциялары үч эсе көп болгон[169].

Ошол эле учурда изилдөөлөр көрсөткөндөй, Борбор Азия өлкөлөрү террорчуларды массалык түрдө жалдоочу аймак эмес. Бул мамлекеттерден ИМ тарабынан тартылган жоочулардын саны Жакынкы Чыгыш, Түндүк Африка жана Европа өлкөлөрүнө салыштырмалуу көп эмес.

Польшанын Эл аралык мамилелер институтунун маалыматы боюнча, бул өлкөлөрдөн келген ыктыярчылардын саны жашаган калктын жан башына: 14 миң 400 түркмөнгө – 1 адам, 40 миң тажикке 1 адам, 56 миң кыргызга 1 адам, 58 миң өзбекке 1 адам, 72 миң казакка 1 адам туура келет. Чөлкөм боюнча орточо көрсөткүч 0,002% түзөт. Салыштыруу үчүн, ЧЭЖТ берген алдыңкы беш өлкө (Тунис, Сауд Арабия, Иордания, Марокко жана Ливан) жалпы калктын аймактык орточо пайызы 0,08%дан 0,011%га чейин. Европанын алдыңкы беш өлкөсү үчүн (Франция, Германия, Улуу Британия, Бельгия, Босния жана Герцеговина) орточо көрсөткүч алардын жалпы калкынын 0,07% түзөт[170].

Польшанын Эл аралык мамилелер институтунун изилдөөсү боюнча кененирээк түшүндүрмө Кемел Токтомушевдин[171] басылмасында бул маалыматтар таблица түрүндө берилип, аларды салыштырууга мүмкүндүк берген.

---

167 Богно К. Терроризмге алып келүүчү зордук-зомбулук экстремизмдин жана радикалдашуунун алдын алуу ошондой эле бул коркунучка каршы күрөшүүдө гендердик фактордун ролу жөнүндө. Укук коргоо органдарындагы алдыңкы тажрыйбалар. Укук коргоо органдарынын мыкты тажрыйбалары / Трансулуттук коркунучтарга каршы күрөшүү департаментинин Терроризмге каршы бөлүмү// URL: https://www.osce.org/files/f/documents/1/1/429452_0.pdf, 111 маалымат булагына негизделген

168 Singh N.ISIS and Radicalization in the Central Asian Republics.Vivekananda International Foundation. 2016 // URL: https://www.vifindia.org/sites/default/files/isis-and-radicalization-in-the-central-asian-republics_0.pdf

169 Блум М. Ислам мамлекетинин шейиттик пропагандасында балдардын жана жаштардын сүрөттөрү. Т. 9, 2-чыг. 2015–2016 // URL: https://ctc.usma.edu/depictions-of-children-and-youth-in-the-islamic-states-martyrdom-propaganda-2015-2016/

170 Динер А., Леджик А. жана Рекавек К. Ready to go?ISIS and its presumed expansion into Central Asia', Эл аралык мамилелердин Польша институту, № 19. 2015 // URL: https://www.files.ethz.ch/isn/192428/PISM%20Policy%20Paper%20no%2019%20(121).pdf

171 Токтомушев К. Кыргызстан менен Тажикстандын чектеш аймактарындагы жаңжалдарды түшүнүшүү жана социалдык биримдик. Борбордук Азия университети, доклад №40. 2017. 20-б.

*22-таблица. Калктын жан башына чет өлкөлүк жоочулардын саны боюнча өлкөнүн жарандары*

| | |
|---|---|
| Түркмөндөр | 14 400 |
| Тажиктер | 40 000 |
| Кыргыздар | 56 000 |
| Өзбектер | 58 000 |
| Казактар | 72 000 |
| Ливандыктар | 6 500 |
| Иордандыктар | 5 300 |
| Тунистиктер | 7 300 |
| Сауд Аравиялыктар | 18 200 |
| Марокколуктар | 22 000 |
| Босния жана Герцеговиналыктар | 11 700 |
| Бельгиялыктар | 23 800 |
| Францоялыктар | 55 200 |




Мунун бир себеби - Орто Азия мамлекеттери менен Жакынкы Чыгыштагы согуш талааларынын ортосунда түз транспорттук байланыштын жоктугу. Экинчи себеп – оң маанайдагы социалдык басымдын болушу. ИМ көзөмөлдөгөн аймактарга барууну чечкендердин үй-бүлө мүчөлөрү туугандарынын чечимине терең өкүнүп, көңүлү калганын билдиришип, көпчүлүк учурда алардан баш тартышкан.

Мындай позитивдүү социалдык басым Борбор Азия мамлекеттеринин коомчулугунда туруштук берүүнүн фактору болуп, максаттуу иш алып баруунун натыйжасында жаштардын радикалдашуусунун потенциалдуу тобокелдиктерин азайтышы мүмкүн.

Ошентип, мусулмандардын радикалдашуусуна алып келген факторлор өзгөчөлүү, ар түрдүү жана көбүнчө динге тиешеси жок. Борбордук азиялыктардын радикалдашуусу үчүн ар түрдүү өбөлгөлөр, радикалдашуунун себептерин түз сызык түрүндө түшүнүү өтө жөнөкөй жана жаңылыштык экенин көрсөтүп турат. Бул кубулушту жана анын Борбордук Азия сыяктуу аймактарда актуалдуу экендигин түшүнүү үчүн так жана методологиялык жактан катаал мамиле керек[172].

Биз **Бахтиёр Бабаджановдун**[173] изилдөөсүнүн тыянактарына кошулсак болот, ал белгилегендей, Борбор Азия чөлкөмүндө жай исламдашуу уланып жатат жана бул көйгөйлөрдүн масштабын жана келечегин туура баалоо үчүн маалыматтык башаламандыкка алдырбай, өзгөчө "террористтик коркунучтар" тууралуу мифтерден алыс болуп, бир катар көйгөйлөргө кайрылууга түртөт. Мусулмандардын басымдуу бөлүгүндөгү исламдык иденттүүлүк иденттүүлүктүн башка түрлөрү менен (улуттук, мега-улуттук, жергиликтүү ж.б.) жанаша жашай турганын эске албай коюуга болбойт, бирок алардын өз ара катыштары иш жүзүндө изилденген эмес.

## 5.3. БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ЖАШТАРДЫН РАДИКАЛДАШУУСУНУН СЕБЕПТЕРИ ЖАНА ФАКТОРЛОРУ

Борбордук Азия өлкөлөрүнүн радикалдашуу проблемаларына алсыздыгы структуралык көйгөйлөргө, анын ичинде авторитаризмге, кеңири жайылган коррупцияга, инклюзивдик өнүгүүдөгү чектелүү прогресске жана мамлекет куруунун толук бүтпөгөндүгүнө байланыштуу жогору бойдон калууда[174]. Бардык өкмөттөрдүн алдында тынчтыкты жана стабилдүүлүктү камсыз кылуу, экономикалык өсүштүн темпин көтөрүү, ошол эле учурда жыл сайын эмгек рыногуна кирген жаштарды жумуш менен камсыз кылуу боюнча чоң милдеттер турат. Учурдагы нааразычылыктар жана алардын негизиндеги өзгөрүүлөргө чакырыктар, өз өлкөлөрүндөгү да, чет өлкөлөрдөгү да Борбор Азия өлкөлөрүнүн жарандары үчүн жагымдуу болушу мүмкүн.

Талдоого алынган изилдөөлөрдүн көбү тигил же бул жагынан радикалдашуунун себептери боюнча маселени айтпай өтө албайт. Расмий статистиканын маалыматтары, ошондой эле көз карандысыз изилдөөлөр жана баа берүүлөр радикалдашуунун себептеринин жана факторлорунун так градациясын бөлүүгө мүмкүндүк бербейт. Көбүнчө түрткү берүүчү фактор катары факторлордун жана себептердин жыйындысы болуп саналат, алар өлкөдөн өлкөгө, бир социалдык топко, ал тургай ар бир жеке учурда ар башка болушу мүмкүн. Изилдөөлөрдүн авторлору террорчулукка алып баруучу бирдиктүү жол жок жана радикалдашууга таасир этүүчү жалпы факторлордун жыйындысын ырааттуу түрдө жазып коюу мүмкүн эмес деген бир пикирди

[172] Токтомушев К. Кыргызстан менен Тажикстандын чектеш аймактарындагы жаңжалдарды түшүнүшүү жана социалдык биримдик. Борбордук Азия университети, 2017. 28-б. // URL: https://www.ucentralasia.org/Content/Downloads/UCA-IPPA-WP40-Promoting%20Social%20Cohesion%20and%20Conflict%20Mitigation-RUS.pdf

[173] Бабаджанов. Б. "Жакшы" жана "жаман" ислам жөнүндө. Диний экспертизага катышуудагы жеке тажрыйба // URL: https://crss.uz/2016/05/10/ob-islame-xoroshem-i-islame-ploxom-opyt-personalnogo-uchastiya-v-religioznoj-ekspertize/

[174] Swerdlow S. Applying a Human Rights-Based Approach to the Prevention of Violent Extremism. Case Study: Centra lAsia. UNDP. 2019. October.

бөлүшүшөт. Ар бир учур жеке факторлордун уникалдуу айкалышынын натыйжасы[175]. Бирок көпчүлүк изилдөөлөрдүн авторлору себептердин болжол менен кайталануучу тизмесин аныкташат.

**Саясий себептер.** Адамдар адилетсиздикке, репрессияга же мамлекеттик органдардын басмырлоосуна жооп кылып радикалдашып, экстремисттик топторго кошулуп кетишти. «Ислам уюмдарына тыюу салуу, исламчылар менен кызматташуу деген шектенүү жана андан кийин миңдеген мусулмандардын куугунтукка алынышы радикалдык топторду көмүскө иштөөгө мажбурлады. Мындай катаал чаралар бул уюмдардын курамына сандык баа берүүнү жана ишмердүүлүгүнө сапаттык баа берүүнү бир топ татаалдаштырып, диний-саясий экстремизмдин жайылышын нейтралдаштырууда кыйынчылыктарды жаратты[176].

Бийликтин басмырлоосуна жана куугунтуктоосуна жана/же мамлекеттик кызматтардын бирдей жеткиликтүү болбогонуна нааразычылык, укук коргоо органдарынын террорчулукка шектелгендерге этникалык белгиси боюнча калыс эмес мамилесин камтышы мүмкүн; укук коргоо органдары тарабынан жасалган адам укуктарын бузуулар; коопсуздук жана сот адилеттигине жетүү эркектер менен аялдар үчүн бирдей эместигин сезүү[177].

Себептердин бул бөлүгүнө өкмөттүн иш-аракетинин же аракетсиздигинин, анын ичинде адам укуктарынын бузулушунун курмандыгы катары сезүүгө байланышкан нааразычылык кирет. Бул факторлор катуу көңүл калуу менен акыйкатсыздык сезимине, мисалы, саясий жетекчиликте жана полицияда өкүлчүлүктүү кызыкчылыктарды коргогон адамдын жоктугуна байланышып, бул андан ары ксенофобия, басмырлоо жана маргиналдашуу менен күчөй беришине алып келет. Эксперттердин пикири боюнча: "БА жарандары өз мекенинде болуп жаткан социалдык-экономикалык мүнөздөгү экзистенциалдык көйгөйлөрдөн улам наразы болгондуктан, Сирияга куралдуу оппозициянын тарабында согушууга бара жатышат. Буга бир гана коррупция жана байлар менен кедейлердин ортосундагы ажырымдын күчөп баратканы эмес, ошондой эле адамдын укуктары менен эркиндиктеринин, татыктуу жашоо шарттарынын кепилдиктеринин жоктугу да кирет."[178]

Кыргыз Республикасындагы изилдөө бул тезисти ырастайт: "Жаштар табигый ресурстар, анын ичинде суу, ошондой эле этникалык жана чек аралардагы чыр-чатактарды болтурбоо боюнча мамлекеттик институттарга жана жергиликтүү муниципалдык органдарга ишене беришпейт"[179]. Кандайдыр бир деңгээлде коррупциялашкан мамлекеттик органдар жана жергиликтүү бийлик проблемалардын бир бөлүгү катары каралууда. Маселен, жер-жерлерде жүргүзүлгөн изилдөөлөр жаш үй-бүлөлөр арасында жерди адилетсиз бөлүштүрүү боюнча талаш-тартышты аныктап,

175 Богно К. Терроризмге алып келүүчү зордук-зомбулук экстремизмдин жана радикалдашуунун алдын алуу ошондой эле бул коркунучка каршы күрөшүүдө гендердик фактордун ролу жөнүндө. 2018 // URL: https://www.osce.org/files/f/documents/1/1/429452_0.pdf

176 Набиев Р.А., Шакиров И.Я. Постсоветтик Орто Азия мамлекеттеринде исламдык фундаменталдык агымдардын активдешүү багыттары// URL: https://cyberleninka.ru/article/n/arealy-aktivizatsii-islamskih-fundamentalistskih-techeniy-v-postsovetskih-sredneaziatskih-gosudarstvah

177 Ульянов М.В. Мигранттардын кылмыштуулугу жана экстремизмдин алдын алуу // Кылмыштуулук, кылмыш саясаты, мыйзам. 2016. 293—297-б. // URL: https://www.dissercat.com/content/migratsionnye-protsessy-v-sisteme-determinatsii-prestuplenii-ekstremistskoi-napravlennosti

178 Гарбузарова Е.Г. Борбор Азия мамлекеттериндеги азыркы мезгилдеги ислам // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/islam-v-gosudarstvah-tsentralnoy-azii-v-sovremennyy-period

179 Омуркулова-Озерска Э. Кыргызстандагы жаштар, тынчтык жана коопсуздук: БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 2250 резолюциясына ылайык, жаштар, тынчтык жана коопсуздук жаатындагы прогрессти изилдөөгө кошкон салым. 2017. URL: https://www.youth4peace.info/system/files/2018-04/6.%20FGD_Kyrgyzstan_SFCG%20%28Russian%29_0.pdf

жаш үй-бүлөлөр бул коррупциялашкан мамлекеттик мекемелердин айынан келип чыккан деп эсептешет.

Мектепте 14 - 17 жаштагы балдар өздөрү кабыла турган басмырлоолорго, рэкетчиликке, этносуна байланыштуу мушташууга тынчсызданышат. Алар мугалимдердин түшүнүгү жана колдоосу жетишпестигин, укук коргоо органдарынын бул маселелерди чечүүгө жөндөмсүздүгүн белгилешти. Кыздар мушташуу жана басмырлоолорго кабылуу жөнүндө азыраак тынчсызданышкан. Жаштарды сурамжылаган M-report көрсөткөндөй, алардын 69%ы өз мектептеринде басмырлоо бар экенин айтышкан (27% жеке басмырлоону баштан кечирген, ал эми 42% башка классташтары басмырлоого кабылганын көргөн)[180].

Изилдөө[181] бул тезисти Кыргызстандагы кырдаалды сыпаттоо менен ырастайт: "жаштар билиминин жана тажрыйбасынын чектелүүлүгүнөн жана ага улуулардын көзөмөлүнөн улам чечим кабыл алуу процесстерине дагы эле таасир эте алышпайт. Буга коррупция, трайбализм/жердешчилик, билим алуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу, айрым топторду, анын ичинде аялдарды, этникалык азчылыктарды, майыптарды жана ЛГБТ жаштарды басмырлоо сыяктуу бир катар факторлор таасир этет. Мындан тышкары, жаштардын саясатка катышуусу дайыма эле позитивдүү боло бербейт: саясий лидерлер жаш мүчөлөрдү жеке саясий максаттарына жетүү үчүн курал катары колдонушат, ал эми жаштар саясий байланыштарын өздөрүнүн келечегин финансылык жана башка жактан камсыз кылуу үчүн колдонушат.

Мамлекеттик органдардын адилетсиздигинен улам көптөгөн жаштар Кыргызстандагы саясий система өзгөрүп, болгондо да түп-тамырынан бери өзгөрүшү керек деп эсептешет. Бирок жаштардын өздөрүнүн расмий саясий турмушка катышууга мүмкүнчүлүктөрү өтө аз, анткени анда улуу муун басымдуулук кылат. Мындай мүмкүнчүлүктөр жок болгон учурда, жаштардын саясий көз караштары алардын диний көз караштары менен көп учурда туура келет, мисалы сурамжылоого катышкандардын дээрлик үчтөн бири саясий кызматка көбүрөөк динчил талапкерди гана эмес, атүгүл Конституциянын ордуна шариятты киргизүүнү да колдоого даяр. Жаштар мамлекеттик мекемелерге же бейөкмөт уюмдарга караганда диний мекемелерге көбүрөөк ишенишет. Алар батыш өлкөлөрүнө (АКШ жана ЕБ өлкөлөрү) караганда, сунниттик мусулмандардын өлкөлөрү Сауд Аравиясы, Түркия жана Россия өлкөлөрүнө көбүрөөк позитивдүү карашат.

**Социалдык-экономикалык себептер.** Кээ бир учурларда адамдарга өтө чоң сыйлыктар сунушталып же убада кылынган жеңил жана чоң акчанын артынан түшүү жана/же насыяларын төлөө, жашоо шарттарын жакшыртуу аракетинде бул кадамга барышкан[182].

---

180 Мектептеги рэкет // «М-репорттун» жаштарды сурамжылоосу. – 2017 // URL: http://mreport.kg/ru/poll/shkolnyj-reket/results/

181 Омуркулова-Озерска Э. Кыргызстандагы жаштар, тынчтык жана коопсуздук: БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 2250 резолюциясына ылайык, жаштар, тынчтык жана коопсуздук жаатындагы прогрессти изилдөөгө кошкон салым. 2017 // URL: https://www.youth4peace.info/system/files/2018-04/6.%20FGD_Kyrgyzstan_SFCG%20%28Russian%29_0.pdf

182 Арчаков М.К. Ислам экстремисттик уюмдарынын материалдык-техникалык жактан камсыздалуусу // Профессор Александр Александрович Сидоренконун элесине арналган окуу. 2016. № 3. 12-20-б. // URL: https://bgpu.ru/irbis/cgi-bin/irbis64r_14/cgiirbis_64.exe?LNG=en&Z21ID=&I21DBN=TRUD&P21DBN=TRUD&S21STN=1&S21REF=&S21FMT=fullwebr&C21COM=S&S21CNR=30&S21P01=0&S21P02=1&S21P03=A=&S21STR=%D0%90%D1%80%D1%87%D0%B0%D0%BA%D0%BE%D0%B2,%20%D0%9C%D0%B8%D1%85%D0%B0%D0%B8%D0%BB%20%D0%9A%D0%BE%D0%BD%D1%81%D1%82%D0%B0%D0%BD%D1%82%D0%B8%D0%BD%D0%BE%D0%B2%D0%B8%D1%87 https://bgpu.ru/irbis/cgi-bin/irbis64r_14/cgiirbis_64.exe?LNG=en&Z21ID=&I21DBN=TRUD&P21DBN=TRUD&S21STN=1&S21REF=&S21FMT=fullwebr&C21COM=S&S21CNR=30&S21P01=0&S21P02=1&S21P03=A=&S21STR=%D0%90%D1%80%D1%87%D0%B0%D0%BA%D0%BE%D0%B2,%20%D0%9C%D0%B8%D1%85%D0%B0%D0%B8%D0%BB%20%D0%9A%D0%BE%D0%BD%D1%81%D1%82%D0%B0%D0%BD%D1%82%D0%B8%D0%BD%D0%BE%D0%B2%D0%B8%D1%87

"Борбор Азия мамлекеттеринде эл аралык террористтик уюмдардын, анын ичинде ИМдин "уктап жаткан ячейкаларынын" түзүлүшүнө жана иштешине көмөктөшүүчү маанилүү факторлор болуп социалдык-экономикалык чөйрөнүн деградациясы, массалык жакырчылык жана коррупция, калктын басымдуу бөлүгүнүн бакубатчылыгы жана өнүгүү келечегинин жоктугу саналат. Мунун баары чогуу бул өлкөлөрдө кризистик нааразылык потенциалын түзүп, аларда террористтик уюмдардын ишмердүүлүгүнүн активдешине шарт түзөт."[183]

**Жалгыздык жана обочолонгондук.** БУУнун Террорчулукка каршы башкармалыгы жана Европа Кеңеши тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөдө[184] ЕККУ катышуучу - мамлекеттеринен ЧЭЖТ шилтеме берген радикалдашуунун бир себеби катары (аялдар да, эркектер да бар) жалгыздык жана обочолонуу сезимдери, анын ичинде өзүнүн коомдун жашоосуна аралашып, анын негизги түзүмдөрүнө таандык экендигине ишенбестик, өзүнүн ким экендигин адекваттуу кабыл албоо себеп болгон.

Бул топко коомдон обочолонууга байланышкан факторлор кирет; коомдун нааразылыгы, маргиналдашуу жана дискриминация (чыныгы же сезилген); жетишсиз социалдык мобилдүүлүк; билим алуунун же ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүнүн чектелгендиги; мажбурлап көчүрүү учурлары; кылмыштуулук; коомдук байланыштардын жоктугу жана адамдын коомдон четтетилиши. ИМ пропагандасы көрсөткөн «жагымдуу» исламдык жашоо образынан айырмаланып, башкаларды өз өлкөлөрүндөгү экономикалык жана социалдык мүмкүнчүлүктөрдүн начардыгы түртүп чыгарган болушу мүмкүн»[185].

**Омуркулова-Озерсктин**[186] изилдөөсүндө келечектин образынын көйгөйү чоң мааниге ээ экени аныкталган: «Кыргыз жаштарынын алдында тарбиясына жана айлана-чөйрөгө жараша келечекке карай бир нече варианттар же жолдор турат. Буга өтө жаш кезде турмушка чыгуу кириши мүмкүн; аз акы төлөнүүчү сезондук же квалификациясы жок жумушчу же подрядчы болуу; мамлекеттик кызмат өзү жана жакындары үчүн киреше жана коопсуздук булагы болуп, саясатчынын же мамлекеттик чиновниктин жолуна түшүү; диний лидер же динчил адам болуу; же кылмыш жолуна түшүү. Келечекке карай чектелген перспективалар менен жаштарда билимге жана көз-карашын кеңейтүүгө ынтызарлык жок болуп, ушундай ой жүгүртүү радикалдашууга азгырылууну күчөтөт. Мындан тышкары, жаштар окууну аяктагандан кийин пайда боло турган мүмкүнчүлүктөрдү түшүнүү үчүн көп ресурстар жок.

Жаш кыз-келиндер үчүн, өзгөчө айыл жеринде мүмкүнчүлүктөр мындан да чектелүү. Мажбурлап же макулдашылган никеге туруу кадимки көп көрүнүш бойдон калууда: жаш кыздын көп учурда өзү каалаган жигитке турмушка чыгууга мүмкүнчүлүгү жок, анын ордуна ал үчүн үй-бүлөлөр ортосунда келишим түзүлөт же ал эч качан көрбөгөн жигитке турмушка чыгуу үчүн ала качуу болушу мүмкүн. Эреже катары,

---

[183] Борбордук Азияда зордук-зомбулук экстремизминин алдын алуу үчүн коомчулуктун туруштук берүүсүн жана аймактык кызматташтыкты түзүүнү жогорулатуу // ПРООНдун аймактык долбоорунун алкагында МЭАУ баяндамасы (2018-2020-ж.) // Радикалдашуунун узак мөөнөттүү тобокелдик фактору катары социалдык-экономикалык жактан алсыз болуу. — Нур-Султан, 2020 // URL: https://www.kz.undp.org/content/kazakhstan/ru/home/presscenter/news/2020/november/prevention-of-violent-extremism-in-the-central-asian-region-and-.html

[184] Ошол эле жерде.

[185] Бочарников И.В., Гончаров С.С. Россиядагы "ИМ" террордук жалган халифатынын "уйкудагы ячейкалары": алдын алуу жана каршы күрөшүү чаралары // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/spyaschie-yachei-ki-terroristicheskogo-psevdohalifata-ig-v-rossii-mery-profilaktiki-i-protivodei-stviya

[186] Кыргызстандагы жаштар, тынчтык жана коопсуздук: БУУнун Коопсуздук Кеңешинин 2250-резолюциясына ылайык, жаштар, тынчтык жана коопсуздук жаатындагы прогрессти изилдөөгө кошкон салым. 66 терең интервью жана 6 ФТД// URL: https://www.youth4peace.info/system/files/2018-04/6.%20FGD_Kyrgyzstan_SFCG%20%28Russian%29_0.pdf

күйөөсүнүн үй-бүлөсүндө турмушка чыккан жаш аял башка үй-бүлө мүчөлөрүнө караганда азыраак укуктарга ээ, анын унчукпаган үй жыйноочу, ашпозчу же кызматчы сыяктуу алып жүрүүсү күтүлөт жана физикалык жана/же психологиялык зомбулукка кабылышы мүмкүн.

Социалдык-экономикалык көйгөйлөр[187], өзгөчө жакырчылык жана жумушсуздук экстремизмдин булагы болбосо да, анын пайда болушунун базасын түзүп, калыптанышына негиз болуп саналат. Социалдык-экономикалык курч проблемалардан улам эл мамлекетке карата терс мамиле түзүүгө жөндөмдүү болот.

Изилдөө көрсөткөндөй, мамлекеттик башкарууга наразычылык демократия (жана аны менен бирге дүйнөбий) жөнүндө бурмаланган ойлорго алып келүүгө жөндөмдүү, демек, адамдарды саясий режимди өзгөртүүнү талап кылууга, анын ичинде экстремизм жолу менен өзгөртүүгө түртөт. Мындай каалоо калк арасында психологиялык жактан мамлекеттин колдоосун сезбей, ошондой эле келечектеги мамлекеттик пландарды көрбөгөн учурда актуалдаша баштайт. Эксперттер белгилегендей: "Борбордук Азиянын азыркы өнүгүүсү социалдык-экономикалык өнүгүүнүн сакталып жаткан төмөнкү деңгээли менен мүнөздөлөт, анын натыйжасында жумушсуздук, жакырчылык, ар кандай чөйрөлөрдө криминалдашуу, коррупция жана кландык системанын кайра жаралуусу келип чыгат"[188].

**Жекече социалдык–психологиялык себептер.** Өзүнүн ким экендигин бекемдөө жана өз потенциалын ишке ашыруу каалоосу. Ошентип, Скотт Гейтс, Суканья Поддер[189] белгилегендей, «Радикалдашуу чечиминин мотивдери көп, алар бири-биринен айырмаланат жана татаал жолдор менен өз ара аракеттенет, балким, биз али толук түшүнө элекпиз. Мотивдер укмуштуу окуяларды, жергиликтүү коомчулукка же каршы жыныстагы адамдарга таасир калтырууну, өзүнүн ким экендигин издөөнү, өч алуу сезимин, жолдошчулукту издөө, тарыхта калууну жана башкаларды камтышы мүмкүн».

Европа Комиссиясынын радикалдашуу маселелери боюнча маалыматтык тармагы[190] ошондой эле психологиялык себептерди маанилүү деп белгилейт: "Алар адамдын таарынычын жана башка эмоцияларды, мисалы, жалгыздык жана жатыркоо сезимдерин камтыйт; ачуулануу жана көңүл калуу; адилетсиздикке карата күчтүү сезим; басынтуу сезими; ошондой эле авторитардык дүйнө тааным; кырдаалды бир жактуу чечмелөө адаты; кутум теориясына ишенүү; курмандык болуу сезими; жеке азгырылуу сезиминин жогору болушу; жана/же өзүнүн жашоосун коомдун негизги маданий ченемдерине каршы коюу каалоосу[191].

Жашоодон канааттануу деңгээли төмөн жана агрессиянын деңгээли жогору болгон жаштар радикалдашууга көбүрөөк дуушар болушат. Көптөгөн диний эксперттер жана жаштар менен иштеген адистер азгырылуунун себептери катары психологиялык кыйынчылыктарды жана үй-бүлөдөгү жагымсыз атмосфераны белгилешет.

187 "Search for Common Ground" жана КР ДИМКна караштуу диний абалды изилдөө борборунун материалдары боюнча.

188 Борисов Д.А., Сафаров А.М. ИМИЛ Борбордук Азияда: Жакынкы Чыгыштагы окшоштуктар жана аймактык өзгөчөлүк // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/igil-v-tsentralnoy-azii-blizhnevostochnye-analogii-i-regionalnaya-spetsifika

189 Гейтс С., Суканья П., Социалдык тармактар, жалдоо, Ислам мамлекетине берилгендик. 2015 // URL: http://www.terrorismanalysts.com/pt/index.php/pot/article/view/446/html На основе 43 источников

190 Богно К. Терроризмге алып келүүчү зордук-зомбулук экстремизмдин жана радикалдашуунун алдын алуу ошондой эле бул коркунучка каршы күрөшүүдө гендердик фактордун ролу жөнүндө. Укук коргоо органдарынын мыкты тажрыйбалары. 2018 // URL: https://www.osce.org/files/f/documents/1/1/429452_0.pdf

191 Овсянникова О.А. Экстремизимдин психологиялык булактары // Согуштун, тынчтыктын жана армиянын жалпы проблемалары бөлүмүнүн окумуштууларынын илимий эмгектери. Аскердик илимдердин академиясы. — Москва, 2019. 170–179-б. https://www.elibrary.ru/item.asp?id=37142785&pff=1

Психологиялык ыдык көрүү жана агрессивдүү аракеттерге алып келген башка механизмдер же ыдык көрүүдөн кийинки стресстик абалдагы ата-энелерден түздөн-түз тукум куугандыктан келип чыгышы, балким дагы башка татаал психологиялык көйгөйлөр менен байланыштуу болушу мүмкүн[192].

Буларга харизмалуу лидерге суктануу сыяктуу жүрүм-турумдун өзгөчөлүктөрү кирет; мурда болгон достук жана үй-бүлөлүк байланыштар; өзүн обочо кармоо; коомдо кабыл алынган маданий эрежелерди танган терс жүрүм-турумдун жана мамилелердин ашкере формалары; салттуу коомдо табылбаган бирок өзүнүн бир нерсеге таандык сезимин издөө; же муктаждыктары жана суроо-талаптары окшош башка адамдар менен баарлашуу.

**Маданият жана иденттүүлүк кризиси.** Бул факторлор маданий маргиналдашуу менен байланышып, бара-бара коомдон алыстап кетүүгө алып мүмкүн. Мисалы, мигранттарда катыштыгы бар экендигин сезүү жок — алар өздөрүн жаңы «үйүнүн» бир бөлүгү да, ата-энеси көчүп келген өлкөнүн бир бөлүгү катары да сезишпейт. Мындан тышкары, Борбордук Азиядан келген мигранттардын олуттуу бөлүгү төмөнкүдөй мүнөздөлөт: «квалификациянын, укуктук билимдин, жарандык билимдин төмөнкү деңгээли, чет тилин билбегендиги жана эмгек рыногунун талаптарын жетиштүү деңгээлде билбегендиги»[193].

Өзүн жалгыз/обочолонгон, достору азыраак жана чыр-чатактар көп аралашкан жаштар радикалдашууга көбүрөөк азгырылышат. Мурда советтик администрация жаштардын бош убактыларын эффективдүү жана жемиштүү өткөрүүсү үчүн материалдык да, социалдык да инфраструктураны түзүүгө өзгөчө көңүл буруп келген. Бүгүнкү күндө ири шаарларды кошпогондо, мурдагы инфраструктуранын көбү талкаланып же эскирип, жаштар көчөдө өз алдынча калып, аларга кылмыш дүйнөсүнүн таасири көбүрөөк болушу мүмкүн. Кылмыш дүйнөсү менен байланышы бар жаштардын радикалдашып кетүү коркунучу жогору.

Суфан борборунун изилдөөчүлөрү[194] ЧЭЖТ мобилизациясынын уникалдуу мүнөзүнө өбөлгө түзгөн орун алмаштырууга жана маалыматка жетүү менен байланышкан үч **факторду** аныкташкан. Алар радикалдашуунун аныкталган себептери менен бирдикте кызыктуу болушу мүмкүн.

- Адамдардын Сирия Араб Республикасына жетүүсүнүн **салыштырмалуу жеңилдиги.**
- **Саякаттоонун ар түрдүү мотивдери жана алардын убакыттын өтүшү менен өзгөрүүсү.** Изилдөөчүлөр кагылышуунун алгачкы этабындагы саякатчыларды 2014-жылдын июнунан кийин саякатка чыккандар менен салыштырышкан, алар мурункулардан айырмаланып, ИМИЛдин "халифатында" жашоого милдеттүү экенин көрүшү мүмкүн жана ошондуктан үйлөрүнө кайтууну пландашкан эмес.
- **Маалыматтык-коммуникациялык технологияларга (МКТ) жетүүнүн, колдонуунун жана коопсуздугунун өзгөрүшү.** Бул Ирактагы жана Сирия

[192] Овсянникова О.А. 170–179-б.

[193] Толеуов Ж.С. Борбордук Азия (Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан) өлкөлөрүндө жаштардын сырткы миграциялык процесстерин жөнгө салуу // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/regulirovanie-vneshnih-migratsionnyh-protsessov-molodezhi-v-stranah-tsentralnoy-azii-kazahstan-kyrgyzstan-uzbekistan-tadzhikistan

[194] Barrett R. Beyond the Caliphate: Foreign Fighters and the Threat of Returnees / The Soufan Center. 2017. На основе анализа 53 источников информации // URL: https://radical.hypotheses.org/files/2018/01/Beyond-the-Caliphate-Foreign-Fighters-and-the-Threat-of-Returnees-TSC-Report-October-2017.pdf

Араб Республикасындагы террордук топторго өздөрүнүн пропагандасын кеңири жана глобалдуу аудиторияга тезирээк жайылтууга мүмкүндүк берди. ЧЭЖТ ошондой эле өздөрүнүн үй-бүлөлөрү жана достору менен үзгүлтүксүз байланышта болуп, аларды саякатка үндөп, чыр-чатак болгон аймактарга алардан акча которууларды уюштура алышты.

Радикалдашууну жана экстремисттик топторго кошулууну түшүндүргөн факторлордун бул кеңири спектрине дагы бир нече өбөлгө түзүүчү факторлорду кошууга болот.

**Жаштардын жумушсуздугу.** Жаштар, өзгөчө жаш аялдардын тиешелүү техникалык билими болсо да жумушка орношо албай, натыйжада аларда компетенттүүлүк жоголуп жана кызматка орношууда узак убакытка созулган туруксуздук абалга туш болушу мүмкүн. Жеке тоскоолдуктарга билимдин жетишсиздиги, жетишсиз иш тажрыйбасы же өзүнүн кесиптик көндүмдөрүн жана квалификациясын текшерүүгө жөндөмсүздүгү кирет. Типтүү сценарий – булар формалдуу эмес сектордогу жумушчулар: мисалы, жергиликтүү базарлардагы, айыл чарбасындагы сезондуу жумушчулар, же кир жуучу жана тазалоодогу жумушчулар жана эмгек миграциясы.

Фергана өрөөнүндөгү жаштардын жашоосун изилдөө көрсөткөндөй, жаштар көп учурда кыйынчылыктарды жеңүүгө жардам бере турган зарыл жөндөмгө ээ эмес[195]. Жаштар жергиликтүү деңгээлде же Фергана өрөөнүнүн шаарларында жетиштүү эмгек акы төлөнгөн жана узак мөөнөттүү карьералык өсүүлөрүн канааттандыра турган жумуш табууда кыйынчылыкка туш болгонун айтышкан.

Башка изилдөөлөр көрсөткөндөй, жаштарда талап кылынган көндүмдөрдүн жетишпестигинен, ушундай жумуштарга даярдыгы, тажрыйбасы жок жаштар жумуштан бошонууга жана узак мөөнөттүү жумушсуздукка көбүрөөк дуушар болушат. Билим алуу жаштар тарабынан жеке өнүгүүнүн жана жашоо мүмкүнчүлүктөрүн жакшыртуунун жолу катары кабыл алынат. Билим алууга ушундай умтулуу кандайдыр бир денгээлде азгырылууну азайтууга жардам берет. Студенттер экономикалык жактан туруксуз абалда болушса да, жаштардын бул категориясы өздөрүнүн экономикалык алсыздыгы менен күрөшүүгө жакшыраак даяр[196].

**Аз акы төлөнгөн жумуш орундары**. Азгырылуучу топтордун жашоочулары негизинен аз акы төлөнүүчү жумуштарда иштешет, бул үй чарбаларынын тиричилик муктаждыктарын канааттандырууга жетиштүү туруктуу киреше алуу мүмкүнчүлүгүн чектейт. Мамлекеттик бюджеттик мекемелерде кызмат орундарын ээлеген адамдар эмгек акыларын өтө төмөн деп эсептегендиктен алар экинчи жумушта иштөөгө мажбур болушат, ал жакта туруктуу киреше жок жана эмгек акы күн сайын төлөнөт.

Үй-бүлөсүн бир адам өзү гана баккан үй-бүлөлөр өзгөчө оор абалда. Жеке сектордо жумушка орношуу көбүнчө келечекте да ушундай азгырылуу абалында болууну азайтпайт, анткени ал жеке өнүгүүгө же акча топтоого мүмкүндүк бербейт.

[195] Хадимуллин Р.Р. Кыргыз коомунун радикалдашуусунун проблемалары // URL: http://berleknkp.com/analitics/4890-cgi-berlek-edinstvo-problema-radikalizaciikyrgyzskogo-obschestva.htm

[196] Элшими М.С. ж.б. Россияга Борбордук Азиядан келген эмгек мигранттарынын арасында радикалдашууга түрткү берген факторлорду изилдөө/ Коргонуу изилдөөлөрүнүн Королдук бириккен институту (RUSI), Search for Common Ground / RUSI атайын чыгарылышы, 2018 // URL: https://prevention.kg/wp-content/uploads/2019/01/%D0%98%D1%81%D1%81%D0%BB%D0%B5%D0%B4%D0%BE%D0%B2%D0%B0%D0%BD%D0%B8%D0%B5_%D0%BC%D0%B8%D0%B3%D1%80%D0%B0%D0%BD%D1%82%D1%8B_%D1%8D%D0%BA%D1%81%D1%82%D1%80%D0%B5%D0%BC%D0%B8%D0%B7%D0%BC.pdf

Мамлекеттик мекемелерде (мектептерде, бала бакчаларда) иштеген жаш кыз-келиндер да эптеп күн көрүп жатышканын айтышты[197].

**Гендердик теңчилик.** Аялдардын социалдык-экономикалык бакубат жашоосу айрыкча айыл жерлеринде алардын үй-бүлөлүк абалына, күйөөсү жана анын үй-бүлөсү менен болгон мамилесинен көз каранды. Күйөөсү таштап кеткенде же ажырашып кеткенде алардын жакшы жашоосу кескин начарлап кетиши мүмкүн. Кээ бир учурларда бул жагдайлар каржылык колдоону жоготууга алып келиши мүмкүн, ал тургай, алар үйдөн чыгып кетүүгө аргасыз болот. Бул көйгөйлөр өзгөчө үй кожойкеси болгон жана расмий иш тажрыйбасы жок көп балалуу аялдардын алдында абдан курч турат.

Өз кезегинде, көптөгөн жаш аялдардын бир нече туруктуу жумуш орундарында ийгиликтүү атаандашууга квалификациялары жок, алар карьерасын өнүктүрүү үчүн зарыл болгон көндүмдөрдү ала албаган кооптуу сезондук жумуштарда иштөөгө аргасыз болушат. Көп балалуу, туруктуу жумуш таба албаган аялдар жакырчылыкка эң көп дуушар болушат. Изилдөөнүн жүрүшүндө аныкталган азгырылуучу категория – бул зарыл билими же иш тажрыйбасы жок жаш аялдар. Чөлкөмдө аялдар арасындагы жумушсуздуктун узак убакытка созулган көйгөйү курч турат. Айрыкча айыл жеринде аялдардын жумушка орношуусуна тоскоолдуктар: сабаттуулуктун жана билимдин төмөнкү деңгээли, керектүү көндүмдөргө ээ боло албоо, мектепке чейинки мекемелердин, анын ичинде ден соолугунун мүмкүнчүлүгү чектелген балдар үчүн мекемелердин жоктугу[198].

Чындыгында, мындай маданий стереотиптер өтө жай жоюлат. Биз чыдамкай болуу менен талыкпай иштешибиз керек, анын ичинде аялдардын өздөрүндө калыптанып калган стереотиптерди бузуу да талап кылынат[199].

**COVID-19 пандемиясынын түрткүсү.** COVID-19 пандемиясы жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн чектеп, аларды суроо-талапка ээ болгон жана инфекциялардын көбөйүп бараткан саны менен күрөшүү үчүн маанилүү деп эсептелген кызматтар менен чектеп жатат (дарыгерлер, медайымдар, айдоочулар). Ошол эле учурда аймактагы кыймылга убактылуу киргизилген чектөөлөр жаштардын кыйла бөлүгү иштеген ишканалардын – кафелердин, ресторандардын, соода борборлорунун, курулуштардын, мейманкана бизнесинин ишмердүүлүгүн токтотту.

## 5.4. МИГРАЦИЯНЫН ТААСИРИ

**«Кайрылып келүү миграциясы. Эл аралык ыкмалар жана Борбордук Азиянын аймактык өзгөчөлүктөрү»**[200] аттуу 100дөн ашык маалымат булактарынын негизинде жүргүзүлгөн изилдөөдө, КМШдагы чек аралардагы миграциянын жарымына жакыны Борбордук Азия өлкөлөрүнөн Россия Федерациясына жана жарым-жартылай Казакстанга иштөө үчүн агымдар түзөрүн көрсөтөт. Ошентип, туруктуу миграциялык

---

197 Ошол эле жерде.

198 Борбордук Азиядагы МЭАУ (МОМ) //Борбордук Азиядагы мигранттардын азгырылуусу жана интеграциялык муктаждыктары: Кайтып келуүчү миграциянын түпкү себептери, социалдык-экономикалык кесепеттери. — Астана, 2016; МЕАУ Борбордук Азия // Борбордук Азиядагы мигранттардын азгырылуусу жана интеграциялык муктаждыктары: мигранттардын жана жамааттардын муктаждыктарын баалоо жана тобокелдиктерди башкаруу. — Астана, 2017 // URL: www.iom.kz/en/publications

199 Матвиенко И. Өзбекистан: аялдар аз алышат, билими да азыраак, теңчилиги да азыраак // URL: http://ced.uz/issledovaniya/uzbekistan-zhenshhiny-menshe-poluchayut-menee-obrazovanny-menee-ravny/

200 Алаева Г., Деловарова Л., Диноршоев А. Кайтып келүүчү миграция. Эл аралык ыкмалар жана Борбордук Азиянын чөлкөмдүк өзгөчөлүктөрү // URL: https://publications.iom.int/fr/system/files/pdf/return-migration-in-ca-ru.pdf

коридор түзүлдү, ал калктын кыймылы жана акча которуулары боюнча дүйнөдөгү эң чоңдордун бири болуп калды.

КР, ТР жана ӨР чөлкөмдөгү миграциялык процесстердин активдүү катышуучулары, эмгек мигранттарынын олуттуу бөлүгүн чет өлкөгө жөнөткөн өлкөлөр болуп калды. Борбордук Азия өлкөлөрү менен анын кабыл алуучу өнөктөштөрүнүн ортосундагы эмгек миграциясына 3,8 миллионго жакын адам тартылган, бул БА өлкөлөрүнүн экономикалык жактан активдүү калкынын болжол менен 14% түзөт. Россия Федерациясына Тажикстандан барган эмгек мигранттары 85%, Кыргызстандан баргандар 85%ке чейин, Өзбекстандан барган эмгек мигранттары 70%ке жакынын түзөт.

Россия Федерациясынын жана Казакстандын калкынын азайып жана карып бараткан фонунда, Борбордук Азия өлкөлөрүндө демографиялык абал түп-тамырынан башкача: 2050-жылга карата эмгекке жарамдуу калктын саны: Өзбекстанда - 6,4 миллионго, Тажикстанда - 2,8 миллионго, Кыргызстанда - 600 миң адамга өсөт. Борбордук Азия өлкөлөрүнө калктын кеңири көбөйүшү мүнөздүү – бул чөлкөмдө төрөттүн коэффициенти боюнча 1 аялга 2,4төн 3,2ге чейин бала туура келсе, Россия Федерациясында 1 аялга 1,7 бала туура келет. Борбордук Азия мамлекеттеринин экономикасы тездик менен өнүккөн шартта да бүтүндөй эмгекке жарамдуу калктын бардыгы жумуш таба албайт. Орто мөөнөттүү келечекте Борбордук Азия өлкөлөрү Россия Федерациясы жана Казакстан үчүн негизги миграциялык донорлор болуп кала бермекчи.

**Кыргыз Республикасы** өзүнүн жаңы тарыхында мигранттарды жөнөтүүчү өлкө катары терс миграция сальдосуна ээ болуп келген. Оң миграциялык баланс үч мамлекет менен гана байкалат: Өзбекстан, Тажикстан жана Кытай менен. Кыргызстандан эмиграциянын динамикасына республиканын өзүндөгү, негизги миграциялык өнөктөш өлкөлөрдөгү да социалдык-экономикалык жана саясий факторлор таасир этет (мисалы, РФдагы экономикалык абал жана анын миграциялык мыйзамдарындагы өзгөртүүлөр). Кыргызстандын 700 миңден ашуун жараны республиканын чегинен тышкары эмгек мигранттары болуп жүрүшөт, анын ичинен 640 миңден ашыгы Россия Федерациясында, 35 миңи Казакстанда, 30 миңи Түркияда, 15 миңи АКШда, Италияда 5,5 миңден ашык адам, Корея Республикасында жана Германияда ар биринде 5 миң адамдан мигранттар бар. 2018-жылы РФда 640 миң КР жараны миграциялык каттоого алынган – бул Кыргызстандын чет өлкөлөрдөгү бардык мигранттарынын 90%га жакынын түзөт.

2015-жылдын башталышында **Тажикстан Республикасында** эмгек ресурстарынын саны 4 983 миң адамга жеткен. Ошол эле учурда жумуш менен камсыз болгондордун санынын (92 миң) өсүшү эмгек ресурстарынын өсүшүнөн (453 миң) олуттуу (дээрлик беш эсе) артта калууда, бул эмгек рыногундагы жагымсыз жагдайды ого бетер татаалдантат. Акыркы 20 жылдын ичинде Тажикстандын калкынын саны 31 пайызга, эмгек ресурстары 67 пайызга өстү. Ошол эле учурда жумуштуулуктун деңгээли 9% гана өскөн, б.а. жумуштуулуктун өсүшү жумушчу күчүнүн өсүшүнөн 58% артта калууда. Тажикстандын эмгек рыногу бардык эмгекке жарамдуу калкты жумуш менен камсыз кыла албайт, ушуга байланыштуу тажиктердин чет өлкөдө жумуш табуу максатында жигердүү эмгек эмиграциясы байкалууда. Акыркы убакка чейин КМШ мейкиндигинде Россия Федерациясы Тажикстандын эмгек мигранттарын тартуу боюнча иш жүзүндө

жападан жалгыз өлкө болуп келген. Бүгүнкү күндө Казакстандын тез өнүгүп жаткан экономикасы Тажикстандан да эмгек ресурстарын активдүү тартууда.

Негизинен эмгек миграциясы сезондук жана кайтып келүүчү мүнөзгө ээ, анткени Тажикстанда үй-бүлөлүк байланыштар абдан бекем. Эмгек мигранттарынын басымдуу бөлүгү чет өлкөдө иштөөнү үй-бүлөнүн каржы маселесин убактылуу чечүү деп эсептешет. Бирок акыркы 5-7 жылдын ичинде чет өлкөдө иштөөнүн узактыгы жана кесипкөйлүк боюнча дифференциациянын деңгээли жогорулагандыгы байкалууда.

**Өзбекстан Республикасынын** мүнөздүү өзгөчөлүгү да калктын өсүшүнүн жогорку темпи болуп саналат. Жыл сайын жумушчу күчүнүн өсүшү 350—370 миң адамды түзөт. Учурда Өзбекстан маятник сыяктуу миграция менен, б.а. айыл-кыштактардан шаарларга адамдардын бир күн ичинде каттоосу менен мүнөздөлөт. Маалыматтарды талдоо Өзбекстанда ички жана тышкы мигранттардын катышы акырындап өзгөрүп жатканын көрсөтүп турат. Эгерде 2010-жылы мигранттардын 15%га жакыны Өзбекстандын чегинен тышкары кетүүнү кааласа, 2016-жылы мигранттардын көпчүлүгү кайра өлкөнүн ичине миграцияга барууну каалаган. 2017-жылы ар кандай максатта чет өлкөгө кеткен Өзбекстандын жарандарынын жалпы саны 6,8 миллион, 2018-жылы 13,8 миллион адамды түзгөн. Өлкөдөн чыгып кеткен Өзбекстандын эркектеринин саны 58% (8 млн адам), аялдар – 42% (5,8 млн адам) түздү. КМШ өлкөлөрүнө 13,3 млн адам (96%), алыскы чет өлкөлөргө 531 миң адам (4%) кеткен. Өзбекстандын жарандарынын эң көп саны Казакстанга – 7,1 млн (52%), Кыргызстанга – 3,1 млн (23%), Россия Федерациясына – 1,1 млн (9%), ошондой эле Корея Республикасына, Түркия, Кытай, АКШ жана Германияга да кетишкен.

Дүйнөлүк банктын маалыматы боюнча, 2017-жылы Өзбекистандын жалпы эркек эмгек мигранттарынын 81% жана аялдардын 67% Россия Федерациясында, тиешелүүлүгүнө жараша 12% жана 10% Казакстанда, 3% жана 18% Түркияда иштешкен. 2018-жылы РФда Өзбекстандын 4,5 миллион жараны миграциялык каттоодон өткөн, анын ичинен 1 миллион 574 миң адам иштөө максатында болгон.

**"Кыргызстандагы жаштар, тынчтык жана коопсуздук"**[201] изилдөөсүндө балдар жана үй-бүлөлөр үчүн миграциянын тобокелдиктери белгиленет, тактап айтканда: "Айыл жеринен экономикалык миграция айылда калган жаштар үчүн кошумча көйгөйдү жаратат. Эмгек мигранттарынын артында калган балдар психологиялык жана физикалык зомбулукка жакын болушат жана социалдык кызматтарга, саламаттыкты сактоого жана билим алууга жетүүдө мүмкүнчүлүктөрү чектелүү"

**"Эмгек миграциясы: баа берүү, проблемалар, чечүү жолдору"**[202] аттуу изилдөө башка мамлекеттерге жумушка орношуу максатында кеткен жана кетүүнү пландап жаткан жарандардын кетүүгө даярданууда, түздөн-түз жашоодо жана ишке орношууда туш болгон көйгөйлөрү тууралуу пикирин изилдөөгө, ошондой эле эмгек миграциясынын бардык этаптарында пайда болгон көйгөйлөрдү жана кыйынчылыктарды чечүүгө жардам бере турган маалыматка, кызматтарга болгон муктаждыкты изилдөөгө багытталган.

201 Омеркулова-Озерска Э., Эсенгул Ч. Кыргызстандагы жаштар, тынчтык жана коопсуздук // URL: https://www.youth4peace.info/system/files/2018-04/6.%20FGD_Kyrgyzstan_SFCG%20%28Russian%29_0.pdf, изилдөө 66 терең интервьюга жана 6 ФТДга негизделген

202 Эмгек миграциясы: баалоолор, проблемалар, чечимдер // Ижтимоий фикр (Коомдук пикир). УзБИОМ. 2020 // URL: https://ijtimoiyfikr.uz/ru/issledovaniya/obschestvo/trudovaya-migratsiya-osenki-problemy-resheniya.htm

Маалыматтар Өзбекстандын Эмгек менен камсыз кылуу жана эмгек мамилелери министрлигине караштуу Тышкы эмгек миграциясы боюнча агенттиктин адистери менен биргеликте, борбордун адистери тарабынан даярдалган адистештирилген анкета боюнча телефон аркылуу сурамжылоо аркылуу чогултулган.

Изилдөө жарандардын, эмгекке жарамдуу жаш муундун убактылуу иш жүргүзүү үчүн башка өлкөлөргө барууга кызыгуусу артканын көрсөттү. Эмгек мигранттары башка өлкөлөргө кайра (акыркы үч жылда кеткен респонденттер) да, биринчи жолу да (жакынкы келечекте башка өлкөгө кетүүнү каалаган респонденттерге) кетүүгө ниетинин туруктуу жогорку деңгээлин көрсөтүшөт. Сурамжылоо көрсөткөндөй, эмгек мигранттарынын башка өлкөлөрдө болуу мөөнөтүн кыска деп мүнөздөөгө болот, бул (жалпысынан) жарандардын Өзбекстанда жашай турган ниетин ырастайт.

**“Чет өлкөлөрдөгү эмгек мигранттары менен иштөө, алар үчүн түзүлгөн маалыматтык ресурстар, долбоорлор жана алардын натыйжалуулугу”**[203] аттуу изилдөөдө, экстремизм жана терроризм идеологиясына терс мамилени калыптандырууга багытталган материалдарды даярдоодо негизги тезистер катары, алардын гумандуулукка каршы маңызына басым жасалган маалыматтар тандалып алынган. Анын ичинде Өзбекстандын жарандарына (анын ичинде террорчунун үй-бүлө мүчөлөрүнө, биринчи кезекте ата-энелерине) экстремизмдин жана терроризмдин кыйратуучу кесепеттерин көрсөтүү. Диний лидерлер менен иштөөгө да чоң маани берилет. Имамдар, теологдор, ислам аалымдары тарабынан диний экстремизм жана терроризм идеологиясын айыптоолору баса белгиленип, диний экстремизм жана терроризм идеологдорунун Куран, хадис жана башка ыйык диний китептердин жазууларын атайылап бурмалоо жана бузуу тактикаларынын бети ачылат.

Идеологдор менен жалдоочулардын психологиялык ыкмаларды, жаштарды жана эмгек мигранттарын алдоо, аң-сезимин манипуляциялай тургандыгы жөнүндө максималдуу маалыматтарды берүүнүн зарылдыгына чоң көңүл бурулуп жатат. Ошол эле учурда авторлор террористтик мүнөздөгү жана экстремисттик багыттагы кылмыштарды жасагандыгы үчүн жазанын сөзсүз боло тургандыгына ынандыруу боюнча иштерди жүргүзүү зарылчылыгы жөнүндө (анын ичинде РЭУ жана ЭАТУга катышуу жолуна түшкөн жаштардын аянычтуу тагдырынын конкреттүү мисалдары) айтылат. Бирок жаштар үчүн азыркы кездеги жалпы социалдык жана өздөрүнүн жеке көйгөйлөрүн зомбулук көрсөтпөй чечүү, ошондой эле инсандык өнүгүү жана жашоодо ийгиликке жетишүү мүмкүнчүлүктөрүнө ишенимди калыптандыруу, мындан кем эмес маанилүү.

Изилдөөлөрдүн[204] бири ата-энеси миграцияда жүргөн үй-бүлөлөрдүн балдары менен жаштарынын акы төлөнүүчү жумуш издөөгө мүмкүнчүлүгү жок экенин көрсөткөн. Мигрант үй-бүлөлөрдүн жаштары мигрант ата-энелери которгон акчаны алып, ата-энелеринин ордун басып, үй-тиричилиги жана айыл чарба жумуштары менен алектенишет. Мындан тышкары, мигрант үй-бүлөлөрдөгү жаш аялдар балдарды жана карыган үй-бүлө мүчөлөрүн кароо сыяктуу акы төлөнбөгөн жумуштарда көбүрөөк

[203] Чет өлкөлөрдөгү эмгек мигранттары менен иштешүү, алар үчүн түзүлгөн маалымат ресурстары, долбоорлор жана алардын эффективдүүлүгү / АКИБ (ЦИРУ) (Аймактык коркунучтарды изилдөө борбору). 2020 // URL: https://crss.uz/2020/12/09/prezentaciya-na-temu-rabota-s-trudovymi-migrantami-za-rubezhom-sozdavaemye-dlya-nix-informacionnye-resursy-proekty-i-ix-effektivnost

[204] Карымшаков К., Сулейманова Б. Акча которуулардын жаштардын эмгек ресурстарына таасири: Кыргызстандын маалыматтары. 2016.

убакыт өткөрүшөт, өздөрүнө аз убакыт калат, бул дагы аларды коомдук турмуштан алыстатат.

Четэлдик изилдөөчүлөр[205] да экономикалык мүмкүнчүлүктөрдү издөөдөгү миграция радикалдашуунун негизги кыймылдаткычы экенине кошулат. Негизинен легалдуу эмес мигранттар жалдоочулар менен байланышат. Террордук топторго берилгендер Москвадагы мечиттерге бат-баттан зыярат кылып, бейкапар динчилдерди «халифат бар Сирияда жашаш керек» деп шыктандырып турушат. Террордук уюмдарга тартуу негизинен Россия Федерациясында болот. Борборлору – бул өлкө боюнча жайгашкан мечиттер жана намазканалар, аларга жаш мигранттарды консолидациялоо жана дин аркылуу аларга коопсуздук жана жамааттык сезимин тартуулоо үчүн чечендер көп келишет. Интернеттеги социалдык тармактар чектелген ролду ойнойт.

Динди радикалдуу түшүнүү аркылуу "иденттүүлүктү турукташтыруудан" "иденттүүлүктү даңазалоого" өтүү, "динден баш тарткандарга" жана "каапырларга" каршы "ыйык согуш" жүргүзүү идеясын кабыл алуу көп убакытты талап кылбайт.

Чөлкөмдө өзүнчө/жеке миграция, ошондой эле үй-бүлө мүчөлөрү (бир туугандар, эжелер, аталар, апалар, күйөө балдар) менен болгон миграция да бар. Эмгек миграциясы үй-бүлөлөрдүн жана жамааттардын бакубатчылыгына узак убакыт бою терс кесепеттерин тийгизиши мүмкүн. Миграция жубайлардын узак мөөнөткө бири биринен алыста болуусунан улам ажырашуулардын жана үй-бүлөлөрдүн бузулушунун көбөйүшүнө алып келет. Мигранттардын өздөрүнүн ден соолугунун начарлашы, балдардын жанында ата-энесинин жоктугунан психологиялык абал сыяктуу көйгөйлөр да олуттуу. Жергиликтүү деңгээлде ылайыктуу жумуш таба албаган жаштар Фергана өрөөнүнөн чыгып кетүүгө мажбур болушууда. Чет өлкөдөн табылган финансылык ресурстар көптөгөн үй чарбалары үчүн үй-бүлөлүк бюджетке олуттуу салым болуп саналат. Кээ бир учурларда эмгек миграциясы экономикалык кыйын абалды ого бетер тереңдетиши мүмкүн, айрыкча үй-бүлөлөр карызга батып же миграцияны баштоо үчүн бардык мүлкүн сатууга аргасыз болгондо. Жолго чыгууга жетишсиз даярдануу, тилди жакшы билбөө жана бейтааныш чөйрөгө туруштук бере албоо кээ бир мигранттарды финансылык жактан да, жеке өздөрүн да коркунучка дуушар кылат. Кээ бир жергиликтүү тургундар жол киреге жана турак-жайга болгон көп чыгымдарды жабуу үчүн кооптуу миграциялык стратегияларды колдонууга аргасыз болушат[206].

Ошол эле учурда Россия Федерациясында репрезентативдик топту камтып, терең интервьюларды алуу менен өткөрүлгөн изилдөө, миграция фактору радикалдашууга кимдир бирөөлөр каалагандай чоң таасир бербегенин көрсөтүп турат[207]. Саясий мейкиндикте көп жолу кайталанган радикалдашуу Борбор Азия өлкөлөрүнөн тышкары болуп жатат деген ырастоо, реалдуу коркунуч алдында өкмөттөрдүн жана коомдун жоопкерчилигинин деңгээлин төмөндөтүүгө багытталган.

Албетте, миграциялык процесстер бир катар тобокелдиктер жана чакырыктар, анын ичинде мигранттардын радикалдашуусу менен байланышкан. Бул өзгөчө калктын санынын туруктуу өсүү тенденциясы байкалган жана кээ бир оң өзгөрүүлөргө

---

205 Singh N. ISIS and Radicalization in the Central Asian Republics. Vivekananda International Foundation. 2016, октябрь. URL: https://www.vifindia.org/sites/default/files/isis-and-radicalization-in-the-central-asian-republics_0.pdf

206 Элшими М.С. ж.б. Россияга Борбордук Азиядан келген эмгек мигранттарынын арасында радикалдашууга түрткү берген факторлорду изилдөө/ Коргонуу изилдөөлөрүнүн Королдук бириккен институту (RUSI), Search for Common Ground / RUSI атайын чыгарылышы. 2018. Апрель // URL: https://prevention.kg/wp-content/uploads/2019/01/%D0%98%D1%81%D1%81%D0%BB%D0%B5%D0%B4%D0%BE%D0%B2%D0%B0%D0%BD%D0%B8%D0%B5_%D0%BC%D0%B8%D0%B3%D1%80%D0%B0%D0%BD%D1%82%D1%8B_%D1%8D%D0%BA%D1%81%D1%82%D1%80%D0%B5%D0%BC%D0%B8%D0%B7%D0%BC.pdf

207 Ошол эле жерде.

карабастан, жумушсуздуктун жана жакырчылыктын жогорку деңгээли сакталып, натыйжада эмгек миграциясы туруктуу Борбордук Азия үчүн актуалдуу.

Мигранттар ар кандай чайкоочулук кеп-сөздөрдүн жана баш айлантуулардын темасы болуп, ар тараптан – кабыл алуучу өлкөлөрдө, өз өлкөлөрүндө, радикалдык үгүтчүлөр жана экстремисттик топтордун эмиссарлары тарабынан кысымдын объектисине айланышат[208]. «Мигранттык карта» кабыл алуучу өлкөлөрдүн саясий риторикасында айтылып, себеби бардык ийгиликсиз иштер жана туруксуздук үчүн бул азгырылуучу топту күнөөлөп коюу өтө оңой болуп, бул коомдук аң-сезимде да мигранттарга карата жагымсыз пикирди жаратат.

**“Террорчулукка алып келген зордук-зомбулук экстремизмге жана радикалдашууга каршы туруу: теория жана практика”**[209] изилдөөсүндө, башка нерселер менен катар эмгек мигранттарынын арасында зордукчул экстремисттик идеологиясынын таасирин жаштарга жана өспүрүмдөргө өзгөчө көңүл буруу менен алдын алуу, ошондой эле маалымат чөйрөсүндө диний-экстремисттик агымдарга каршы турууда ЖМК жана бейөкмөт уюмдардын ролу да каралган.

Изилдөөнүн корутундусунда көптөгөн журналисттер жана блогерлер, айрыкча жаштар террорчулукка алып келген зордук-зомбулук экстремизм жана радикалдашуу темасын чагылдырууга чоң кызыгуу көрсөтүшкөнү белгиленген. Ошол эле учурда алар уюшкан террористтик топтордун тарыхын жана учурдагы ишмердүүлүгүн, алардын кыйратуучу пропагандасын терең билишпейт.

Бүгүнкү күндө террорчулукка алып келе турган зордук-зомбулук экстремизмге жана радикалдашууга каршы туруу сыяктуу курч темаларды даярдаган журналисттерди адистештирүү зарылчылыгы абдан курч коюлууда. Коомдун коопсуздугу жана андан аркы өнүгүүсү үчүн өтө маанилүү теманы тандап алган журналисттердин тобу менен атайын окуу курстарын өткөрүү зарыл.

Радикалдашуунун курмандыктарын жана радикалдуу идеялардын таасирине кабылгандарды эки топко: пассивдүү радикалдарга жана активдүүлөргө бөлүүгө болот. Идеологияны чындап бөлүшүп, түшүнүп, бардык же кээ бир пункттарга макул болуп, алардын программасына тиешелүү функцияларды аткаргандар активдүү. Пассивдүү радикалдашкандар - булар кырдаалдын курмандыгы болгон адамдар. Мисалы, жоочулардын жубайлары же алардын үй-бүлө мүчөлөрү расмий статистика боюнча көбүнчө радикалдашкандар жана террорчу катары өтүшөт. Ошондой эле миграцияланган өлкөлөрдөн жалданган мигранттар согуш жүрүп жаткан аймактарга кирип, аларга катышууга аргасыз болушат, бирок алардын кээ бирлери алардын идеологиясын бөлүшпөйт жана аны такыр түшүнүшпөйт, алар мусулман болушкан эмес/жада калса мусулман амалдарын аткарбагандар болушкан. Бул топту жагдайдын курмандыгы катары көрүүгө болот. Активдүү радикалдар үчүн ар кандай факторлор, кээде бир топ факторлордун жыйындысы аныкталган[210].

Эксперттер: «Өнүккөн өлкөлөрдө мигранттардан коркуу маанайынын күчөшү негизинен башка жактан келгендерди кабыл алган коомго алардын социалдык

---

[208] Рустам Азизи. Мигранттардын радикалдашуусу: чындыгы эмнеде, а жалганы эмнеде // Asia-PlusMediaGroup // URL: https://asiaplustj.info/ru/news/tajikistan/security/20181226/radikalizatsiya-migrantov-mifi-i-realnost

[209] Терроризмге алып баруучу зордук-зомбулук экстремизмине жана радикалдашууга каршы күрөшүү: теория жана иш жүзүндө. АКИБ (ЦИРУ) (Аймактык коркунучтарды изилдөө борбору). 2020. URL: https://crss.uz/2021/01/12/on-lajn-kruglye-stoly-na-temu-protivodejstvie-nervt-teoriya-i-praktika/

[210] Мехрангез Т. ИМ жалдоочулары бир нече саатта өздөрүнө тартып жалдап алууга жөндөмдүү // Asia-PlusMediaGroup // URL: https://asiaplustj.info/ru/news/opinion/20180814/ekspert-rekruteri-ig-sposobni-zaverbovat-za-neskolko-chasov

интеграцияланиуудан баш тартуусу, жергиликтүү калк өз жашоо турмушуна карата коркунучту көргөн жат этномаданий салты бар компакттуу конуштарды түзүү менен шартталгандыгын" белгилешет[211].

Экстремизм зордук-зомбулукка же куугунтукка дуушар болгон жамааттардагы мигранттардын чөйрөсүндө пайда болот, анын ичинде ксенофобия жана элди Европадагы, Түндүк Америкадагы мусулман калкына каршы койгондордун, европалык шаарларда отурукташкан ар түрдүү маданият менен диндердеги иммигранттарга мүнөздүү "жашоо образына" потенциалдуу коопсуздук коркунучтарга бир жактуу мамиле да бар[212].

Ошентип, үйдөн алыс болуу (жалгыздык жана эч кандай көзөмөлдүн жоктугу), системалуу түрдө кыйынчылыктарга жана кыянаттык менен пайдаланууга кабылуу, жашоо жана иштөө шарттарынын жетишсиздиги – булардын бардыгы мигранттардын азгырыкка алдыруудагы себептери катары түшүндүрүлөт. Өзбек изилдөөчүсү Б. М. Бабаджанов белгилегендей: «Россия Федерациясында иштеген эмгек мигранттарынын айланасында негизинен айрым россиялык массалык маалымат каражаттарынын жана жарым-жартылай ушул өлкөнүн тиешелүү органдарынын аракети менен көптөгөн мифтер түзүлдү. Мифтер кабыл алуучу өлкөдө калпыс түшүнүктөр (стигматизация) (же коомдук четке кагуу) формасында болот, ошондуктан мигранттарга карата социалдык, улуттук четтетүү же башка басмырлоочу стереотиптердин негизинде пайда боло турган стереотипти пайда кылат"[213].

## 5.5. АЗГЫРЫЛУУЧУ ТОПТОР

**"Кыргызстандын жаштарынын радикалдашууга жана экстремизмге азгырылуусу жана туруштук берүүсү: жашоонун беш тармагындагы талдоо"**[214] изилдөөсү өлкөнүн бир катар аймактары, атап айтканда Баткен облусу жана Ош шаары радикалдашууга түндүк аймактарга караганда көбүрөөк дуушар болоорун көрсөткөн. Бул Кыргызстандын атайын кызматынын статистикасын тастыктайт. Анткен менен КР атайын кызматы радикалдардын 90% да Кыргызстандын түштүгүндөгү өзбек улутундагылар экенин ырасташат. Изилдөөнүн натыйжалары мындай ырастоону тастыктабайт, тескерисинче, жалпысынан этникалык азчылыктар жана өзгөчө этникалык өзбектер этникалык кыргыздарга караганда радикалдашууга көбүрөөк туруштук берерин көрсөтөт.

Изилдөө жаштардын үй-бүлөлөрүнүн социалдык-экономикалык абалы менен алардын радикалдашууга азгырылуусу/туруштук берүүсүнүн ортосунда өз ара түз байланыш бар экендигин аныктаган жок. Жаштарды азгырылууга дуушар кылган нерсе – бул радикалдашууга түз же кыйыр түрдө салым кошо турган эмгек миграциясы: кээ бир жаштар Россиядагы эмгек миграциясында өздөрүнүн жеке тажрыйбасынан улам радикалдуу көз караштарга ээ болушу мүмкүн, ошол эле учурда башка балдар эмгек

[211] Гринько С.Д. Мыйзамсыз миграция менен экстремизмдин өз ара байланышы // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/vzaimosvyaz-nezakonnoy-migratsii-i-ekstremizma

[212] Мындай идеялар 2011-жылы Норвегияда террордук чабуулдарды жасаган Андерс Брейвиктин "2083: Европанын көз карандысыздык декларациясы" деп аталган манифестинде айтылган. URL: https://sites.google.com/site/breivikrusinform/home/breivik_2083_manifest_rus

[213] Бабаджанов Б.М. Өзбекстандын Россиядагы эмгек мигранттары: социалдык тармактар жана диний контексттер // URL: https://crss.uz/2018/03/01/trudovye-migranty-uzbekistana-v-rossii-socialnye-seti-i-religioznye-konteksty/

[214] Насритдинов Э., Урманбетова З., Мурзахалилов К., Мырзабаев М. Кыргызстандын жаштарынын радикалдашуу жана экстремизмге алгырылуусу жана туруштук берүүсү: жашоонун беш тармагына талдоо //. CAP, 2019. № 212. Январь. URL: https://www.caa-network.org/archives/15165

миграциясында жүргөн ата-энелеринин жоктугунан көбүрөөк азгырылууга дуушар болушат.

**“Кыргызстандагы дерадикализация үчүн социалдык медиа: Борбордук Азия үчүн модель”** долбоорунун алкагында жүргүзүлгөн талаа изилдөөлөрүнүн жыйынтыктары боюнча талдоочулук отчеттун[215] алкагында, “экстремисттик топтордун азгырыгына берилген жаштардын белгилүү категориясы жок” деп аныкталган, ал эми талаа изилдөөлөрүнүн маалыматтары бул чындыкты баса белгилеген. Демек, зордук-зомбулук экстремизминин курмандыктары сөзсүз эле Кыргызстандын жаштарынын социалдык жана экономикалык жактан аярлуу өкүлдөрү эмес, алар коомдун билимдүү, бай же өзүн-өзү камсыз кылган мүчөлөрү да болушу мүмкүн».

Barrett R. 62 маалымат булагын талдоонун негизинде жүргүзгөн изилдөөсүндө[216], соттуулук постсоветтик өлкөлөрдөн радикалдашуу үчүн түрткү боло албайт деп айтылат: 156 адамдын төртөө гана мурда соттолгон, ал эми жети адамдын Түндүк Кавказдагы козголоңчуларга тигил же бул жол менен тиешеси болгон. Мобилизация бардык жаш курак категорияларында жүргөн, бирок алардын көбү 30 жашка чейинкилер болгон.

Көпчүлүгү Москва жана Санкт-Петербург сыяктуу шаарлардагы эмгек мигранттарынын жамааттарынан келген БА жоочулары да ар кандай топтордо болушкан. Жалдангандардын айрымдары куралдуу топторго кошулса, башкалары “Имам Бухари Жамааты”, “Түркстан Ислам партиясы”[217] жана “Катибат Таухид валь-Жихад” сыяктуулар окуу базаларын түзүп, ар кандай топторду колдогон билдирүүлөр менен чыгышкан.

Башка чет элдик изилдөөдө да ушундай тыянактар чыгарылган[218]: «Потенциалдуу радикалдын конкреттүү профилин түзүү мүмкүн эмес. Мындан тышкары, Ислам мамлекетинин үгүтчүлөрүнүн билимдүү дарыгерлерге, медайымдарга, мугалимдерге, компьютердик адистерге муктаж экенин билдирип, кайра-кайра кайрылуулары кеңири жана ар кыл катмардан адамдарды тартуу мүмкүнчүлүгүн күчөтүүдө. Ошентип, потенциалдуу террорчу – кайырчы жинди деген миф жокко чыгарылат. Азыркы «практика саясий жана диний экстремисттердин арасында билимдүү, коомго интеграцияланган радикалдардын дагы бир түрү пайда болгонун көрсөтүп турат. Ошол эле учурда билимдүү адамдар билимсиздердин лидери жана уюштуруучусу болуп калышууда”[219].

Бирок дагы деле мындай эксперттик баалоолор кездеше берет: «Террордук коркунуч менен күрөшүү практикасы террорчулардын моралдык принциптери жок «адамдар» экенин көрсөтүп турат. Мисал катары мусулман маданиятын келтирсе болот, анын кээ бир өкүлдөрү өздөрүнүн фанаттык жогорку максаттары үчүн жашоодогу бардык баалуулуктардан - ден соолук, үй-бүлө, ата-энелер, балдар ж.б.

215 Сикорская И. Мирсайитова И. жана Каримова М. жалпы редакциясы алдында: Кыргызстан жаштарынын радикалдашуусуна өбөлгө түзгөн маанилер, образдар жана медиа каналдар // “Кыргызстандагы дерадикализация үчүн социалдык медиа: Борбордук Азия үчүн модель” долбоорунун алкагындагы талаа изилдөөлөрүнүн жыйынтыгы боюнча талдоочулук отчет. 2017 // URL: https://prevention.kg/

216 Barrett R. Russian-Speaking Fighters In Syria, Iraq And At Home: Consequences And Context. The Soufan Center, 2017. URL: https://crestresearch.ac.uk/resources/russian-speaking-fighters-full-report/

217 Мурдагы «Чыгыш Түркстан ислам кыймылы».

218 Singh N. ISIS and Radicalization in the Central Asian Republics.Vivekananda International Foundation. 2016. October // URL: https://www.vifindia.org/sites/default/files/isis-and-radicalization-in-the-central-asian-republics_0.pdf

219 Рамазанова Ф. Эктремизм менен терроризмдин алдын алуу боюнча Европанын тажрыйбасы// URL: https://cyberleninka.ru/article/n/evropeyskiy-opyt-profilaktiki-ekstremizma-i-terrorizma-povysheniya-pravovoy-kultury-sredi-molodyozhi-na-sovremennom-etape

баш тартууга даяр. «Ыйык жихад» түшүнүгүн алып жүргөн адамдар үчүн моралдык чектер аныкталган эмес[220].

Скотт Гейтс, Суканья Поддер[221]: «Чет элдик жоочулардын профили ар түрдүү, алар кошулууну кабыл алуу каадасы деп эсептеген жаңы келип эч нерсе билбегендерден тарта, согушту эңсеп жана шейит болууну көздөгөн өжөр жоочуларга чейин, ошол эле учурда гуманитардык себептер менен кеткен адамдарды көп учурда уурдашып же согушууга мажбур кылышкандарга чейин бар» деп белгилешет.

«Search for Common Ground» бейөкмөт уюму жана КР ДИМК алдындагы диний кырдаалды изилдөө борбору тарабынан жүргүзүлгөн изилдөөлөр төмөнкүдөй калктын азгырылуу топторун аныктайт:

***Жаш адамдар*** көбүнчө экстремисттик идеологияга азгырылышат, анткени алар өздөрүн көрсөткүсү келет. Экстремисттик уюмдарга кошулууну алар башка альтернативалардын жоктугунан улам бир нече жолдун бири катары карашы мүмкүн. Мындан тышкары, бул коомдун салттуу мүнөзүнө байланыштуу болушу мүмкүн, мында жаштар улуу муунга шексиз баш ийиши керек жана жашы улгайган соң гана өздөрүнүн көз карандысыздыгын урматтоосуна жетише алат. Ал эми радикалдык агымдар жаштарга алар үчүн маанилүү макам берип, алар аткарып жаткан "миссиянын" баалуулугуна ишендирип, өзүнө тарта алышат.

Эксперттер белгилегендей: «Жаштар экстремизминин күчөшү, биринчи кезекте, жаштарды адаптациялоо жана социалдаштыруу саясатынын ийгиликсиз болгондугунун далили. Социалдык ордун таба албай калуу, оор финансылык абал, эффективдүү социалдашуунун жана сапаттуу билимге жетүүнүн жоктугу, жумушка орношуунун начар келечеги сыяктуу факторлор социалдык жактан корголбогондукту жана саясий институттарга жана бийликке ишенбөөчүлүктү пайда кылат. Натыйжада аң-сезимде асоциалдык түшүнүктөр, экстремисттик көрүнүштөргө жакындык пайда болот"[222].

**Аялдар** да радикалдашууга дуушар болушат. Дайыма коомдук кысым алдында болуп, алар көбүнчө эрте эле (18 жашка чейин) турмушка чыгышат жана үй-бүлө бузулганда же жубайы каза болгондо, өздөрүн жана балдарын бага албай калышат, анткени аларда жогорку билими жок, же толук орто билими да жок болуп чыгат. Ошондой эле акыркы учурда интернет аркылуу таанышууну жамынып, аялдарды экстремисттердин катарына тартуу көрүнүштөрү байкала баштады.

Дагы бир тобокелдиги бар топ **этникалык азчылыктар.** Жалпысынан салыштырмалуу ийгиликтүү финансылык абалына карабастан, алар Кыргыз Республикасынын жарандары катары өздөрүнүн саясий укуктарын ишке ашырууда адилетсиздикти көп сезишет. Мындай абал этникалык азчылыктардын өкүлдөрүн наразылык акцияларына түртүп, алар муну радикалдашуу жолу менен билдириши мүмкүн. Экстремисттик диний уюмдарга түрдүү этностордун өкүлдөрү катышканына карабастан, кыргыз улутундагы калктын арасында мындай уюмдардын катышуучулары жалаң этникалык азчылыктын өкүлдөрү деген ишеним басымдуулук кылаарына көңүл

[220] Базылева С.П. ШКУнун аймактык антитеррордук саясатынын алкагында Өзбекстандын антитеррордук саясаты // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/antiterroristicheskaya-politika-uzbekistana-v-ramkah-regionalnoy-antiterroristicheskoy-politiki-shos

[221] Гейтс С., Поддер С. Социалдык тармактар, жалдоо, Ислам мамлекетине берилгендик. 2015 // URL: http://www.terrorismanalysts.com/pt/index.php/pot/article/view/446/html адабияттын 43 булагынын негизинде.)

[222] Рамазанова Ф. Экстремизм менен терроризмдин алдын алуу боюнча Европанын тажрыйбасы // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/evropeyskiy-opyt-profilaktiki-ekstremizma-i-terrorizma-povysheniya-pravovoy-kultury-sredi-molodyozhi-na-sovremennom-etape

бурулууга тийиш. Мындай пикирдин таралышын этностор аралык мамилелердин чыңалуусу жана башка этностордун өкүлдөрүнө ишенбөөчүлүк көрсөтүп турат.

ПРООНдун **"Борбордук Азияда зордук-зомбулук экстремизминин алдын алуу үчүн коомчулуктун туруштук берүүсүн жогорулатуу жана аймактык кызматташтыкты түзүү"**[223] аймактык долбоорунун алкагында МЭАУнун отчетунда төмөндөгүлөр азгырылуучу топтор (же радикалдашууну коштогон факторлор) катары аныкталган:

**Жаштар.** Бул эң кеңири жана жалпы таанылган көмөкчү фактор. Жогоруда саналган бардык негизги - экономикалык, саясий же идеологиялык факторлордун ичинен жаштар, балким, эң сезимтал топ болуп саналат. Турмуштук тажрыйбанын жетишсиздиги, жаштык максимализм жаштардын андай ишке тартылуу ыктымалдуулугунун өтө жогору болушун камсыз кылуу үчүн жетиштүү шарт болуп саналат.

**Аялдар.** Бул коомдордун патриархалдык маданияттарындагы аялдардын макамы аларды эркиндикке жана эмансипацияга жетүү үчүн радикалдык жана экстремисттик аракеттерге түртөт деп көп айтышат. Бирок ошол эле учурда аялдар экстремисттик топторго кеткен күйөөсүнүн же эркек туугандарынын аркасынан башка эркектерди жана аялдарды тартып келген фактылар да бар[224]. Өзбекстандык журналист И.Матвиенко белгилегендей: «...Өзбекстанда кээ бир аялдар үйдөн чыгууга тыюу салынгандыктан эле интервьюга баралбай калышы мүмкүн. Эгер маектешүүгө келген күндө да, жумуш берүүчү көбүнчө аялды жумушка алууга даяр эмес"[225]. Логикалык жактан экинчи сүйлөмдүн ордуна үчүнчү сүйлөмдү коёт элем.

**Билим берүүнүн ролу.** Билимдин жоктугу же анын жетишсиздиги адамдарды радикалдык жана экстремисттик себептер менен азгырылууга алып келет. Билим алууга жардам берүүчү фактор катары ал эки бөлүктө каралат: кадимки (дүйнөбий) жана диний. Дүйнөбий билимдин жоктугу адамды сынчыл ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүнөн, баарлашуу көндүмдөрүнөн ажыратат жана жакшы жумушка орношуу мүмкүнчүлүктөрүн азайтат. Диний маселелерде түшүнүктүн жоктугу адамды өзүнө айтылган нерсени баалай албай, бул чөйрөдөгү талашсыз бийликти башка адамга же коомчулукка өткөрүп берүүгө ыктоого алып келет[226]. Эксперттер белгилегендей: "Ислам билим берүү системасындагы көйгөйлөр БА чөлкөмүндө эгемендүү мамлекеттер түзүлгөндөн кийин эле белгилүү болгон. Республикалар башка мусулман өлкөлөрүнүн жардамына кайрылбастан, өз имамдарын, уламаларын даярдай албасы аныкталган. Мындан тышкары, жергиликтүү деңгээлде динге сыйынуунун өзгөчөлүктөрүн карапайым элге, өзгөчө жаштарга түшүндүрө ала турган билимдүү руханий ислам лидерлери болгон эмес. Натыйжада көп сандаган жаштар суроолорго жоопту өз мекенинен сырткары жерлерден издей башташты[227].

223 ПРООНдун «Борбордук Азияда зордук-зомбулук экстремизминин алдын алуу үчүн коомчулуктун туруштук берүүсүн жана аймактык кызматташтыкты түзүүнү жогорулатуу» (2018-2020-ж.) аймактык долбоорунун алкагында МЭАУ (МОМ) отчету. Социалдык-экономикалык алсыздык радикалдашуу тобокелдигинин узак мөөнөттүү фактору катары. Нурсултан, 2020.

224 Ошол эле жерде.

225 Матвиенко И. Өзбекистан: аялдар аз алышат, билими да азыраак, теңчилиги да азыраак // URL: https://cabar.asia/ru/uzbekistan-zhenshhiny-menshe-poluchayut-menee-obrazovanny-menee-ravny

226 МЭАУ Борбордук Азияда, Борбордук Азиядагы мигранттардын азгырылуусу жана интеграциялык муктаждыктары: мигранттардын жана коомчулуктун муктаждыктарын баалоо жана тобокелдиктерди башкаруу. Астана. 2017 // URL: www.iom.kz/en/publications

227 Чикризова О.С., Шумакова А.А. Ислам билим берүүсүндөгү кризистин Борбордук Азиядагы радикалдашуу процессине таасири // URL: https://cyberleninka.ru/article/n/vliyanie-krizisa-islamskogo-obrazovaniya-na-protsess-radikalizatsii-tsentralnoy-azii

**Жеке байланыштар.** Борбордук Азияда да, изилдөөдө көрсөтүлгөн чөлкөмдө да жеке байланыштар радикалдашуунун күчтүү фактору болуп саналат: адамды экстремисттик топторго жана аракеттерге тартууда үй-бүлө мүчөлөрү, достору, тааныштары чечүүчү мааниге ээ.

**"Кыргыз Республикасындагы коомдук-саясий кырдаалга диний фактордун таасири"** изилдөөсү[228] экстремизмге көбүрөөк дуушар болгон төмөнкү тобокел топторун бөлүп көрсөтөт:

**Жаш курагы боюнча** «Жаштар» - 87,6% (1039), «жашы улуу адамдар» - 9,4% (112), «бардыгы» - 1,9% (23).

**Жынысы боюнча:** «эркектер» - 73% (866), аялдар - 22,2% (263).

**Жашаган жери боюнча:** «айыл калкы» - 67,2% (797), «шаарлардын жашоочулары» - 28,6% (339).

**Билим деңгээли боюнча:** «билими аз адамдар» - 61,6% (731), «орто билими барлар» - 32,5% (386), «жогорку билими барлар» - 4,2% (50).

**Иш менен камсыз болгондор боюнча:** суралгандардан "жумушсуздар" – 92,9% (1102), "иштегендер" – 4% (48). Социологиялык изилдөөнүн жыйынтыгы боюнча төмөнкүдөй тыянак чыгарылды.

## 5.6. ТУРУШТУК БЕРҮҮ РЕСУРСТАРЫ

Бир катар изилдөөлөргө ылайык, мамлекеттердин ортосундагы чек араларда мамлекеттик сезимтал саясат болбосо, милитаризацияга чейин жеткен коомдук биримдиктин эрозиясы жана чыр-чатактар пайда болгон жерлер болуп калышы мүмкүн, ал акырында азгырылуучу топтордун радикалдашуу мүмкүнчүлүгүнө салым кошот. «Бейтарап зонадагы» мамлекеттер, бир жагынан, жергиликтүү тургундардан алардан кайсы мамлекетке тиешелүү экендигин чечүүнү талап кылган чөйрөнү түзүшөт, экинчи жагынан мындай тандоону жергиликтүү баш тартуу/туруштук берүү жасайт. Ушундай ортолук абал талаштуу аймактарды милитаризациялоого алып келип жана мамлекеттик бийлик дайыма аз болгон маргиналдуу периферияларда артикуляциялануучу алып келген улуттук коопсуздук саясатынын өктөмү менен жок болот[229].

Ошол эле учурда изилдөөлөр эгемендүү мамлекеттерди куруунун институционалдык логикасынын кысымына кабылган жана эрозия абалында турган социалдык биримдиктин "акторлорун жана чекиттерин" бөлүп көрсөтүшөт: алар медицина кызматкерлери, мугалимдер, мардикерлер, чек арадагы мураптар жана чабандар.

Изилдөө көрсөткөндөй, СКА жана Жайыт комитеттери сыяктуу жамааттык уюмдар, ошондой эле өкмөттөр өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чегин, жаратылыш ресурстарын иш жүзүндө колдонуучу чек араларынан эмес, административдик чек

[228] "Диний фактордун Кыргыз Республикасынын социалдык-саясий кырдаалына таасири" изилдөөсү. Чотаев З.Д. Элебаева А.Б. ж.б. жалпы редакциясында. А.Б. Элебаева, Н.С. Эсенаманова, З.Д. Чотаев. Молдокеева Ж.Ф. : – талаа изилдөөсүнүн координатору -Б. 2016, - 205 с. http://religion.gov.kg/wp-content/uploads/2016/11/%D0%92%D0%9B%D0%98%D0%AF%D0%9D%D0%98%D0%95_%D0%A0%D0%95%D0%9B%D0%98%D0%93%D0%98%D0%9E%D0%97%D0%9D%D0%9E%D0%93%D0%9E_%D0%A4%D0%90%D0%9A%D0%A2%D0%9E%D0%A0%D0%90.pdf

[229] Мырзакулова А. Кыргызстан менен Тажикстандын чек араларындагы чыңалуу жана социалдык биримдиктин чакырыктары. Изилдөөчүлүк отчет №2, 2018. URL: https://www.ucentralasia.org/Content/downloads/Challenges%20of%20Social%20Cohesion_RUS.pdf

араларда көрүшөт. Бул болсо жергиликтүү жамааттардын ресурстарга жетүүсүнө терс таасирин тийгизет, мурда эле ишеним болбогон жерде дагы эле ишенбөөчүлүк пайда болуусуна жем таштайт.

**Медлин Ривз**[230] сот адилеттигине жетүүнүн жоктугун чек ара аймагындагы кырдаалды курчутуучу негизги көйгөйлөрдүн бири катары баса белгилейт: "Чек аранын талаштуу тилкелеринде жашаган жергиликтүү калк үчүн чек аранын аркы өйүзүндө жашаган адам жасаган кылмышты/мыйзам бузууну сот аркылуу талашуунун мүмкүн эместиги иш жүзүндө сот адилеттигине жетүүнүн жоктугун билдирет. Чек арага жакын жайгашкан айылдарда чек арачылар иш жүзүндө милициянын ролун аткарышат, бирок де-юре бул алардын ыйгарым укуктарына кирбейт. Чек ара аймагында акыркы 10 жылда болуп өткөн дээрлик ар бир жаңжал чек ара кызматтарынын катышуусу менен коштолгон. Бул чыр-чатактын күчөшүнө алып келет, чек арачылардын катышуусунда суу бөлүштүрүү боюнча дыйкандардын ортосундагы талаш куралдуу тирешүүгө айланып жатат"[231].

Ошол эле учурда жаштардын радикалдашууга туруштук берүүсүн иштеп чыгуу артыкчылыктуу багыт болуп саналат. Радикалдашууга каршылык көрсөтүүнүн таасирин күчөтүү үчүн мамлекеттик жана коомдук аракеттердин бүтүндөй механизми бар, алар жаштар арасында туруштук берүүнү өнүктүрүүгө көмөктөшүүгө тийиш. Бардык деңгээлдеги (республикалык, райондук жана жергиликтүү) кызыкдар тараптар тартылган: булар Ички иштер министрлиги, прокуратуранын, жергиликтүү бийлик органдарынын өкүлдөрү, ЭСКММ райондук деңгээлдеги кызматкерлери, ДИМК, ошондой эле диний жана жаштар уюмдары жана жергиликтүү имамдар[232].

Диний лидерлер жума намазда негизинен эркектерге жана балдарга улуттук деңгээлде бекитилген темаларда насаат айтышат. Алар кээде мектеп жетекчилеринин жана жашы жете элек өспүрүмдөр менен иштөө инспекциясынын радикалдашуу жана зордук зомбулук экстремизминин алдын алууга байланышкан суроо-талаптарын да аткарышат. Ошондой эле мектептердин талабы боюнча диний лидерлер мектеп окуучуларына салттуу дин деген эмне темасында лекцияларды окуп, радикалдашкан диний топторго тартылуудан сактануунун жолдору тууралуу айтып беришет.

Бирок радикалдашууга каршы туруу боюнча биргелешкен аракеттерди координациялоо абдан начар. Учурда бирдиктүү ыкма, координация жана өнөктөштүк жок экени аныкталды. Маселен, медреселер шаардык, райондук билим берүү бөлүмдөрүнүн түздөн-түз көзөмөлүндө эмес. Жатак мекемелери түздөн-түз Билим берүү министрлигинин карамагында жана жергиликтүү деңгээлде көзөмөлгө алынбайт. Медреселер райондук же шаардык билим берүү бөлүмдөрү тарабынан көзөмөлдөнбөйт.

Радикалдашууга туруштук берүүнү жогорулатуу үчүн негизги кызыкдар тараптардын (республикалык, райондук жана айылдык деңгээлдеги мамлекеттик билим берүү мекемелери, анын ичинде мектеп администрациялары, мугалимдер,

---

230 Мадлен Ривз. Ички милитаризм: Борбордук Азиянын айыл жерлеринде мамлекеттик чек арага көнүшүп кетүү / ИОН РАНХиГСтин келечектүү социалдык изилдөөлөр борбору МВШСЭНдин саясий илимдер факультети менен бирге / "Иденттүүлүк саясаты" семинары// URL https://www.msses.ru/announcement/odomashnennyy-militarizm-oprivychivanie-gosudarstvennoy-granitsy-v-selskikh-rayonakh-tsentralnoy-azi/

231 Ошол эле жерде.

232 Кыргыз Республикасындагы өспүрүмдөрдүн радикалдашуу жана зордук-зомбулук экстремизмге туруштук берүүсүн калыптандырууда билим берүү мекемелеринин ролу. М., 2020. 39-40-б., Алымкулов М. Кыргыз Республикасынын ички иштер органдарынын ролу. http://www.apap.kg/uploads/pdf/Вестник/труды%20препод/Алымкулов%20М.С.%20Роль%20органов%20внутренних%20дел%20в%20обеспечении%20национальной%20безопасности%20КР.%20—%20Б.%2С%202021.pdf

жеке жана диний билим берүү мекемелери), ошондой эле жалпы коомчулуктун (ата-энелер, коомчулуктун лидерлери, коомдук уюмдар) балдардын радикалдашуу жана зордук-зомбулук экстремизмге туруктуштук берүүсүн калыптандырууда балдарга багытталган, алардын укуктарынын негизинде билим берүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө маалыматтуулукту жогорулатуу зарыл[233].

Өлкөнүн түштүгүндөгү чыр-чатактан кийинки жарашуу жана этникалык жамааттардын өз ара катышуусунун механизмдерин, процесстерин иштеп чыгуу жана чыңдоо боюнча сунуштар; мындай иштерде бир гана укук коргоо жана күч колдонуу чараларынын көз карашынан мамиле кылуудан алыс болуу: билим берүү жана маданият аспектилерине көбүрөөк артыкчылык берүү жана жергиликтүү жамааттардагы адамдардын ортосундагы конструктивдүү өз ара аракеттенүүгө көмөк көрсөтүү, ошондой эле өлкө калкынын ичиндеги бардык этникалык топтор үчүн “Кыргыз жараны” жалпы жарандык иденттүүлүктү калыптандыруу жана жаштарды патриоттук тарбиялоо боюнча иштерди күчөтүү.

**Кыргызстан менен Тажикстандын чектеш аймактарындагы жаңжалдарды түшүнүү жана социалдык биримдик.** Кемел Токтомушевдин[234] изилдөөсү кыргыз-тажик чек арасындагы көйгөйлөр боюнча эң салмактуу жана жүйөлүү материалдардын бири. Докладдын негизги күчтүү жактарынын бири - чек арадагы чыр-чатактар жана тирешүүлөр мурдатан аныкталган шарттар эмес деген ырастоо болуп саналат. Көпчүлүк изилдөөчүлөр көңүл бурган объективдүү себептердин бүтүндөй комплекси, мисалы, суунун, жердин жетишсиздиги, жумушсуздук, экономикалык деңгээлдин төмөндүгү, калктын жыштыгы ж.б. өздөрү эле чек араларда чыр-чатактарды чыгаруунун шарты болуп саналбайт.

2021-жылдагы окуяларды эске алуу менен автор колдонгон ыкма дыкат көңүл бурууга жана изилдөөгө татыктуу, анткени ал бул маселе боюнча көпчүлүк эмгектерге тыкыр теориялык талдоо жүргүзгөн, чыр-чатактардын тарыхын жана этимологиясын изилдеген. Ушунун негизинде ал кээ бир калыптанып калган пикирлерди жана стереотиптерди жокко чыгарат. Биринчи кезекте чыр-чатактар чечилгис объективдүү себептерден келип чыгат жана аларды чечүү сырттан кийлигишүүсүз мүмкүн эмес деген пикирлердин негизи жок экендигин белгилейт.

Чыр-чатактар эгемендүүлүк мезгилинин натыйжасы деп эсептеген көптөгөн көз караштардан айырмаланып, автор алардын тымызын жана туруктуу мүнөзгө ээ экендигин, алар өткөн кылымдын 30-жылдарынан бери туруктуу мүнөздө болуп келгенин көрсөтөт. Ошол кезде эле мамлекет ошол аймакта жашаган элдин кызыкчылыгын көздөбөй, өз кызыкчылыгынан жана артыкчылыктарынан улам чечим кабыл алып келген.

Автор буга чейинки көптөгөн изилдөөлөрдө чыныгы стереотипке айланган чыр-чатактардын себептерин объективдүү көрсөтүүнү сынга алат. Фергана өрөөнүнө арналган эмгектердин көбү калктын жыштыгы, ресурстардын (суу, жер, жайыт) жетишсиздиги, советтик административдик - аймактык улуттук чек арадан калган мурастарды ажыратуу ж.б. сыяктуу стандарттуу маалыматтарды саноодон башталат.

[233] Кыргыз Республикасындагы өспүрүмдөрдүн радикалдашуу жана зордук-зомбулук экстремизмге туруштук берүүсүн калыптандырууда билим берүү мекемелеринин ролу. М., 2020. 56-б.// URL: https://www.hedayahcenter.org/wp-content/uploads/2020/05/EFCA_Research_Final-Report_RUS.pdf

[234] К. Токтомушев. Кыргызстан менен Тажикстандын чектеш аймактарындагы жаңжалдарды түшүнүү жана социалдык биримдик. Борбордук Азия университети Доклад № 40, 2017 // URL: https://www.ucentralasia.org/Content/Downloads/UCA-IPPA-WP40-Promoting%20Social%20Cohesion%20and%20Conflict%20Mitigation-RUS.pdf

Ушулардын негизинде себептер терең жана тамырлашкан мүнөзгө ээ, ошондуктан сырттан кеңеш алуу, кеңешүү, каржы ж.б. формалар кийлигишүүлөр талап кылынат деген пикир бекемделип келген. Ошол эле учурда чындап эле бүтүндөй тарыхта чыр-чатактар коштоп келгенине карабастан, бул чөлкөмдө жашаган элдердин ортосундагы маселелерди чечүүнүн жана кызматташуунун тажрыйбасы да жетиштүү. Бул тажрыйбага көп учурда көңүл бурулбайт, маселени чечүү административдик түзүмдөргө берилип келген.

Чек аранын милитаризациялануусу, чек арадан адамдардын өтүү көйгөйү укук коргоо органдарына берилип жатканы жаңжалдын негизги себептеринин бири катары белгиленет. Мындай пикирге макул болсо болот, анткени демаркация жана делимитация маселеси өзүнөн өзү эле бул көйгөйдү чечпейт. Нааразычылыктын, кыжырдануунун себептерин карапайым эл эмес, укук коргоо органдарынын мыйзамсыз аракеттери жаратууда. Ыңгайлуу өтүү маселесин чечпей туруп, чек арачылар, милиция жана администрация тарабынан кемсинтүү менен опузалап акча талап кылмайды жок кылбай туруп чек араларды бекемдөө, экинчи тарапка карата нааразылык сезимин калтыра берет.

Чек ара аймагындагы ар кандай маселелер боюнча мурда кабыл алынган сунуштар кылдаттык менен чогултулган фактылык маалыматтарсыз аткарылып жаткандыгы боюнча автордун ырастоосу да ынандырарлык көрүнөт. Көп жылдардан бери бул проблема кызыкдар тараптарды тынчсыздандырып келет, бирок компетенттүү, билимге негизделген сунуштарды жана чечимдерди иштеп чыгууга жардам бере турган иш жүзүндөгү маалыматтар жана материалдар ушул кезге чейин жок.

# 6. ЖАШТАРДЫН КЕРЕКТӨӨЛӨРҮН ЧАГЫЛДЫРУУ ЖАНА СТРАТЕГИЯЛЫК ДОКУМЕНТТЕРДЕ РАДИКАЛДАШУУНУН АЛДЫН АЛУУ

**Кыргыз Республикасы**

2018-жылдын ноябрында кабыл алынган **2018-2040-жылдарга Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн Улуттук стратегиясы**[235] (Стратегия) орто мөөнөттүү жана узак мөөнөттүү мезгилге өлкөнү өнүктүрүүнүн негизги багыттарын аныктайт.

Стратегиялык максат катары сот адилеттигин жана мыйзам үстөмдүгүн камсыз кылууга жөндөмдүү, анын ичинде жогорку ишенимге, жарандардын колдоосуна жана эл аралык деңгээлде таанылган соттордун көз карандысыздыгын камсыздоого жөндөмдүү улуттук сот адилеттиги системасын калыптандыруу аныкталган. Ар бир адамдын муктаждыктарына, анын укуктарын, эркиндиктерин камсыз кылууга, коомдо адилеттүүлүктү камсыз кылууну көздөгөн багыттар такталган (Стратегия, 12-бет).

«Демократиялык коомдогу дин» деген бөлүмдө (Стратегиянын 30-32-беттери) Кыргызстандагы мамлекеттик дин саясатынын жалпы принциптеринен жана артыкчылыктарынан тышкары, «динди жана динге ишенгендерди конституциялык түзүлүштүн негиздерине кол салуу максатында пайдаланган лидерлердин, ар кандай диний уюмдардын жана бирикмелердин аракеттерине каршы туруу боюнча иштердин зарылдыгы белгиленген. Өлкөнүн Конституциясы жана мыйзамдары радикалдык, экстремисттик жана террористтик уюмдардын жана бирикмелердин мамлекеттүүлүккө жана улуттун руханий дүйнөсүнө тийгизген терс таасирине каршы күрөшүүгө милдеттендирет".

Ушул эле бөлүмдө «Радикализм, экстремизм жана терроризмдин алдын алуу максатында калк арасында түшүндүрүү, профилактикалык иштерди жүргүзүү, ошондой эле ушулардын негизинде экстремизм боюнча айыпталган кылмыш иштери боюнча соттук чечимдер кабыл алына турган дин таануу жана психологиялык-лингвистикалык экспертиза жүргүзүү боюнча улуттук потенциалды күчөтүү» зарылдыгы көрсөтүлгөн.

«Мыйзам үстөмдүгү жана мыйзамдуулукту камсыз кылуу» (Стратегиянын 70—71-беттери) бөлүмүндө «инсандын кол тийбестигинин принцибин кыйшаюусуз сактоого негизделген сот адилеттигинин системасын түзүү милдети коюлган. Сот адамдын жана жарандын укуктарын камсыздайт, адамдын эркиндигин мамлекеттик органдардын, биринчи кезекте укук коргоо органдарынын мүмкүн болуучу өзүм билемдигинен коргойт. Ошондой эле «жазалоо практикасынын деңгээлин төмөндөтүү жана мыйзамдарды гумандаштырууга» умтулуу да айтылган".

«Коопсуз өлкө» (73–75-б.) бөлүмүндө: «Укук коргоо органдарынын ишиндеги мамлекеттик артыкчылык укук бузуулардын алдын алуу, укук коргоо күчтөрүн саясаттан арылтуу жана демилитаризациялоо болот» деп аныкталган.

Маалыматтык коопсуздук чөйрөсүндө мамлекеттин көңүлүндө «маалыматтык-коммуникациялык технологиялардын, ошондой эле маалыматтык системалардын киберкоопсуздугун камсыз кылуу, киберкоркунучтарга жана кибер инциденттерге чара көрүү системасын түзүү, ошондой эле учурда сөз эркиндигин чектөөгө жол

[235] 2018-2040-жылдарга карата Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы / КР Улуттук статкомитети // URL: http://www.stat.kg/ru/nsur/

бербөө менен экстремизмдин, терроризмдин бардык түрлөрүнүн алдын алуу каралган. Булар менен бирге зарыл чөйрөлөрдө атаандаша ала турган ата мекендик медиа контентти калыптандыруу маанилүү". Бул Долбоордун 1.8. иш чарасынын алкагында кызматташууну алдыга жылдырууда колдонулушу мүмкүн.

«Улуттук жана аймактык коопсуздукту чыңдоо» бөлүмүндө (Стратегия, 77-бет) иш-аракеттин негизги багыттарынын бири эл аралык терроризмге жана экстремизмге каршы аракеттенүү болуп саналат[236].

**2023-жылга чейинки мезгилге өлкөнү өнүктүрүүнүн орто мөөнөттүү артыкчылыктарынын** ичинен «Жогорку билим берүүнүн сапатын жогорулатуу» аталышындагы 1.10-милдети Долбоор менен кызматташууга негиз боло ала турган жоболорду камтыйт: «Мамлекет кызыкдар тараптар менен биргелешип, рыноктун жана азыркы коомдун талаптарын, ошондой эле өлкөнүн өнүгүү перспективаларын эске алуу менен жогорку билим берүүнүн мазмунун кайра карап чыгууну активдештирет. Мамлекет бизнестин кадрларды даярдоого, билим берүү программаларын түзүүгө, ошондой эле илимий изилдөөлөрдүн айланасында түзүлгөн "ЖОЖ – өндүрүш" системасын түзүүгө, окуу процессин уюштурууга түздөн-түз катышуусун колдойт. Мамлекет ЖОЖдордо креативдүү лабораторияларды, стартаптарды, илимий борборлорду түзүүгө, анын ичинде зарыл шарттарды түзүү жолу менен ар тараптан колдоо көрсөтөт» (ошол эле жерде 92-бетте).

«Конфессиялар аралык жаратмандык диалогду калыптандыруу» аттуу 5.4-милдет ар кандай конфессиялардын өкүлдөрүнүн ортосундагы баарлашуу үчүн аянтчаларды уюштурууну жана ДИМКнын, КМДБнын, православдык христиандардын епархиясынын кызматкерлеринен турган координациялык кеңешти түзүүнү көздөйт. «Туруктуу Координациялык кеңеш башка диний уюмдар менен биргеликте конфессиялар аралык ынтымакты жана диний сабырдуулукту чыңдоо боюнча конкреттүү чараларды ишке ашыруу боюнча жыл сайын конфессиялар аралык талкууларды өткөрөт. Диний радикализмге жана экстремизмге каршы аракеттенүүнүн бардык мамлекеттик механизмдери адам укуктарынын жана дин тутуу эркиндигинин принциптеринин негизинде ишке киргизилет» (ошол эле жерде 102–103-беттер). Координациялык кеңештин күн тартибине ЗЭА маселелери киргизилиши мүмкүн.

«Радикализмдин жана экстремизмдин жайылышынын алдын алуу» аттуу 13.3-милдетте «жамааттарда, ЖОЖдордо, мамлекеттик билим берүү мекемелеринде, ошондой эле мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлердин, укук коргоо органдарынын, дин кызматкерлеринин, калктын азгырылуучу катмарынын, атап айтканда, алыскы же "жабык" аймактык жамааттарда жашаган жана коомдук иш-чараларга аралашуу мүмкүнчүлүгү чектелген жаштардын жана аялдардын арасында радикалдуу идеологиялардын алдын алуу максатында комплекстүү, системалуу маалыматтык түшүндүрүү иштери медиаресурстарды пайдалануу менен, өлкө дининин салттуу баалуулуктары илгерилетилээри" каралган.

ЗЭА ишинде колдонулушу мүмкүн болгон дагы бир маанилүү мамлекеттик саясат документи болуп **Кыргыз Республикасында элдин биримдигин жана этностор аралык мамилелерди чыңдоо концепциясы** саналат. Анткени анда улуттар аралык

[236] 2018-2040-жылдарга карата Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы / КР Улуттук статкомитети// URL: http://www.stat.kg/ru/nsur/

чыңалууну басаңдатууга гана эмес, жалпы жарандык иденттүүлүктүн негизинде коомду консолидациялоого багытталган чаралар каралган[237].

ЗЭА маселелери кандай болгон күндө да иденттүүлүк жана жарандуулук маселелери менен байланышкан. Диний иденттүүлүк адамдын өзүн-өзү ыктыярдуу аныктоосунун предмети болуу менен, жарандык баалуулуктарга карама-каршы келбеши керек. Анын үстүнө Кыргызстандын жарандары ар кайсы мамлекеттерде террордук окуяларга катышкан резонанстуу учурларда этникалык өңүт даана байкалат. Бул тууралуу көптөгөн изилдөөлөрдө айтылат.

Долбоордун максаттары үчүн бул Концепциянын иш-чараларынын көбү жергиликтүү бийлик органдарын да, коомчулуктарды да тартуу менен жергиликтүү деңгээлде ишке ашырыла турганы маанилүү. Ошентип, Концепция аймактардагы конкреттүү бенефициарлардын катышуусу менен ишке ашырылып, анда зомбулуктуу чыр-чатактар жана социалдык биримдик менен байланышкан маселелер эң курч, сезимтал жана ошого жараша актуалдуу бойдон калууда. Бул тажрыйба Долбоор үчүн пайдалуу болушу мүмкүн.

2020-жылы Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы менен коомду интеграциялоонун жаңы Концепциясы бекитилди, Концепциядагы иш-чаралар планы боюнча иштер аяктап жатат.

ЗЭА темасына тиешелүү дагы бир концептуалдык документтин – **Кыргыз Республикасындагы диний чөйрөдөгү мамлекеттик саясаттын концепциясынын** абалы татаалыраак. Ал боюнча Концепция жана иш чаралар планы өкмөттүн планына чейин кабыл алынган, документте белгиленген саясий чаралардын көбү өкмөттүк документке интеграцияланган. Аны ишке ашыруу мөөнөтү 2020-жылы аяктады, жаңы Концепциянын долбоору иштелип чыкты. 2021-жылдын июнь айынын башына карата документтин долбоору расмий түрдө жарыяланган эмес.

Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-2022-жылдарга экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн программасын ишке ашыруу боюнча иш-чаралар планы бекитилген.

Пландын «Экстремизм жана терроризм проблемаларын түшүнүүнү тереңдетүүчү жана натыйжалуу каршы чараларды иштеп чыгууга көмөктөшүүчү илимий-изилдөө иштерин колдоо» бөлүмүндөгү бардык пункттары өзгөчө көңүл бурууну талап кылат. Биринчи кезекте Долбоордо изилдөө компоненти абдан маанилүү, бирок аны ишке ашыруу бир катар тобокелдиктер менен байланышкан. Өтө кеңири өңүттөн карап көңүл буруу жана коомдук пикирди дагы бир жолу байкоого алып, буга чейин бир нече жолу изилденген суроолорду кайталоо коркунучу да бар.

Пландын иш чараларынын алкагында "Радикалдуу экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү чөйрөсүндө түшүндүрүү иштерин жакшыртуу" боюнча 2-бөлүктөгү иш-чаралардын көбү жаштарга багытталган.

Жаштарга маалымдоо иштерин жүргүзүүдө, өзгөчө класстан тышкаркы иш-чараларды, факультативдерди, маалыматтык кампанияларды өткөрүүдө жана окуучулар менен укук коргоо органдарынын өкүлдөрүнүн, эксперттердин, дин өкүлдөрүнүн ортосунда жолугушууларды уюштурууда, лекторлордун өздөрүнүн потенциалына көңүл буруп, алардын билимин жогорулатууга умтулуу зарыл. Мындай

237 2018-2040-жылдарга карата Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук стратегиясы / КР Улуттук статкомитети // URL: http://www.stat.kg/ru/nsur/

болбосо эскирген форматтагы монотондуу, кызыксыз өткөн иш чаралар жаштарды кызыктырбайт.

Айрыкча сапаттуу медиа кампанияларды өткөрүү боюнча иштер кыйынчылык жаратууда. Пландын 2-бөлүгүндөгү иш чаралар чачыранды элементтер катары көрүнгөнү көңүлдү бурат (мисалы, «Маалыматтык билдирүүлөр жана кайрылуулар бекитилген соң тышкы социалдык жарнакты даярдоо жана жайгаштыруу», «Атайын телекөрсөтүүлөрдүн жана рубрикалардын циклин, медиа долбоорлорду, социалдык жарнактарды, даректүү тасмаларды даярдоо жана көрсөтүү» ж.б.). Ал эми азыркы дүйнөдө бул ар кандай максаттуу топторго, биринчи кезекте жаштарга багытталган, жакшы иштелип чыккан ураандарды жана символдорду камтып, башынан баштап жакшылап ойлонулган, сапаттуу, бир бүтүндүктү түзгөн узак мөөнөттүү медиа стратегия болушу керек эле.

Долбоор мындай медиа стратегияны иштеп чыгууга жана ишке ашырууга жардам берүүдө негизги күч боло алат. Эгерде Долбоордун бардык Иш чаралары боюнча бирдиктүү, жакшы ойлонулган медиа стратегиясы болбосо, буга жетишүү мүмкүн эмес.

«КТРКда «Жума хутбаларын» көрсөтүүнү кайра жандандыруу жана башка телеканалдарда КМДБ жана ДИМК бекитип берген маалыматтык билдирүүлөрдү көрсөтүп туруу үчүн кошумча убакыт бөлүү" сыяктуу пландын өзүнчө чарасына көңүл бурууга туура келет. Буга чейин бир нече телеканалдардан көрсөтүлүп келе жаткан мындай бир жактуу, адеп-ахлактык маанайдагы берүүлөр диний темага кызыккан адамдардын, өзгөчө жаштардын кызыгуусун жаратпайт.

Ошол эле учурда "алтын кнопкалардын" ээлери (миллиондон ашык катталуучусу бар) жаштарга түшүнүктүү тилде, турмуштук көйгөйлөрдү чагылдырган дин кызматкерлери болуп жатышат. Көбүнесе булар динге байланыштуу татаал темалар жана талкуулар эмес, адамдарды тынчсыздандырган кадимки күнүмдүк маселелер.

Өкмөттүн иш-планына киргизилген чаралардын бири – өлкөнүн потенциалын жогорулатуу үчүн терминологиялык талкуунун канчалык маанилүү экендигинин дагы бир далили. "Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн жана укук коргоо органдарынын уюштуруу-штаттык түзүмүнө теолог кызматын киргизүү" каралууда. Бул чара эмне үчүн планга киргизилгенин жана эмне себеп болгонун түшүнүү кыйын, балким «дин таануу» боюнча адис айтылгандыр. Анткени укук коргоо органдарында теологдун компетенциясына талап дээрлик жок. Сыягы, булар диний маселелерди түшүнө алган жана ушундай жакын темалар боюнча өздүк курамга түшүндүрүү иштерин жүргүзө алган адамды көздөшкөн окшойт.

Потенциалдуулукту жогорулатуу боюнча бөлүмдө педагогикалык кадрлар үчүн чаралар каралган. Бул ишти жогорку окуу жайларынын базасындагы ишке түздөн-түз багытталган кыска мөөнөттүү 2-натыйжа (2.2, 2.3) боюнча иш чаралардын алкагында гана эмес, ошондой эле академиялык сектордун эксперттерин активдүү тартууну башка активдүү жактарга, атап айтканда изилдөөлөрдү, саясатты, мыйзамдарды, мамлекеттик органдардын, жарандык коом уюмдарынын жана массалык маалымат каражаттарынын потенциалын жогорулатууну талкуулоо процесстерине тартуу талап кылынат (1.2, 1.3, 1.4, 1.5, 1.6, 1.7, 1.8).

Пландын 5-бөлүмү. «Максаттуу топтор менен профилактикалык иштерди өркүндөтүү» Иш чаранын 2.2-бөлүгүндөгү зордук-зомбулук экстремизмге байланыштуу

беренелер боюнча соттолгондорго жана алардын үй-бүлөлөрүнө кызмат көрсөтүүчү уюмдардын ишине тиешелүү.

Жалпысынан Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-2022-жылдарга экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча программасын ишке ашыруу боюнча иш чаралар планы секторлор аралык өнөктөштүктүн негизин түзөт, бирок конкреттештирүүнү талап кылат.

**Тажикстан Республикасы**

ТР Борбор Азия мамлекеттеринин ичинен биринчи болуп **"Тажикстан Республикасынын 2016-2020-жылдарга экстремизм жана терроризмге каршы күрөшүү боюнча Улуттук стратегиясын"** жана аны ишке ашыруу боюнча "Иш аракеттер планын" иштеп чыккан. Стратегия - экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү жаатында Тажикстан Республикасынын мамлекеттик саясатынын максаттарын, милдеттерин жана негизги багыттарын аныктаган программалык мүнөздөгү документ. Стратегияда экстремизмге жана терроризмге натыйжалуу каршы туруу үчүн «алардын активдешүүсүнүн идеологиялык, социалдык-экономикалык, укуктук жана институционалдык факторлорун жокко чыгарууга багытталган чаралардын комплексин» иштеп чыгуу жана ишке ашыруу зарыл экендиги белгиленген (3-бөлүк).

Стратегия коомдо диний кастыкты козуткан, жаштарды экстремисттик жана террористтик мүнөздөгү кылмыштарды жасоо үчүн өз тарабына тартуучу, күч колдонуу менен мамлекеттин коомдук-саясий түзүлүшүн өзгөртүүгө умтулган экстремисттик жана террористтик топтордун радикалдык идеологияларынын таасирине өлкөнүн калкы (бөтөнчө жаштардын) кабылбашы үчүн, борбордук жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, айыл, кыштактардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан аларга түшүндүрүү иштерин жүргүзүүгө багытталган.

Жалпысынан Стратегиянын негизги максаттары өлкөнүн бардык жарандарына экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча комплекстүү чараларды калыптандырууга багытталган. Стратегияны ишке ашыруу мезгилинде калк арасында, анын ичинде жаштар арасында масштабдуу иштер жүргүзүлдү. Стратегияны ишке ашыруунун иш аракеттер планына ылайык 36 негизги отчеттуулугу бар акторлор тартылган, анын ичинде министрликтер жана ведомстволор, сот органдары, илимий изилдөө жана билим берүү мекемелери, ошондой эле облустардын, шаарлардын, райондордун жана жамааттардын (айылдык кеңештер) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бар.

Улуттук стратегияны ишке ашыруу боюнча иш аракеттер планын ишке ашыруу боюнча борбордук координациялоочу орган катары Тажикстандын Башкы прокуратурасы иштеген. Изилдөөлөр көрсөткөндөй, өлкөнүн жарандарынын экстремисттик топторго мүчө болушунун себептери жана факторлору ар кандай мүнөздө болгон. Бул этапта ушул маселени чечүү үчүн комплекстүү ыкманы иштеп чыгуу зарыл. Ошондуктан, Стратегиянын текстинде «бул чөйрөдө ийгиликтерге жетишүү үчүн аларды активдештирүүнүн идеологиялык, социалдык-экономикалык, укуктук жана институционалдык факторлорун нейтралдаштырууга багытталган иш чаралардын комплексин иштеп чыгуу жана ишке ашыруу зарыл» деп белгиленет. Стратегияда мамлекеттик органдардын, жарандык коом институттарынын жана калктын калың катмарынын алдына жаңы милдет коюлган. Бүгүнкү күндө улуттук

Стратегиянын жетишкен жыйынтыктарын чыгаруу дагы эле кыйын, анткени көрүлгөн чаралардын натыйжасына орто мөөнөттүү келечекте, б. а. 2025-жылдан кийин реалдуу баа берүүгө болот.

Стратегияны ишке ашыруу 2016–2020-жылдары экстремизм жана терроризм проблемасын - кийинчерээк бул процесске калктын бардык катмарын жана жарандык коомдун башка акторлорун да тартууну талап кылган комплекстүү проблема катары жаңыча чечмелеп түшүндүрүүдө бир катар чараларды демилгелеп жана ишке ашырууга жардам берди.

Топтолгон тажрыйба көрсөткөндөй, келечекте экстремизм жана терроризм проблемасы боюнча зарыл коомдук пикирди калыптандыруу үчүн, көбүрөөк интеллектуалдык продуктыларды жана контентти иштеп чыгуу зарыл. Ошондой эле бул проблемага акырындык менен таасир көрсөтүү менен, калктын радикалдашуусунун социалдык гуманитардык кесепеттерин чечүүгө болгон ыкма маанилүү.

Тажикстан Республикасынын дагы бир маанилүү ченемдик укуктук актысы болуп, Тажикстан Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 4-апрелиндеги № 1042 **“Тажикстан Республикасынын дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы жөнүндө”**[238] жарлыгы саналат.

Концепцияда Тажикстан Республикасынын дин чөйрөсүндөгү заманбап чакырыктарга карата жаңы позициясы чагылдырылып, калктын динчилдигинин өсүшүнө, гуманитардык жардамга мамлекеттик көзөмөлдү күчөтүүгө, диний кастыкты болтурбоого, коомдун экономикалык, социалдык жана маданий маселелерин чечүүдөгү дүйнөбий мамлекетти куруу процессине диний бирикмелерди тартууга байланышкан артыкчылыктуу маселелер белгиленген.

Концепциянын негизги максаттары: мамлекет менен диний бирикмелердин жаратмандык кызматташтыгын чыңдоо үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, абийир эркиндиги жаатында конституциялык кепилдиктерди ишке ашыруу, диний - конфессиялык теңчиликти жана толеранттуулукту камсыз кылуу, диний чөйрөдө радикалдык кыймылдар менен агымдардын идеялары менен ишенимдеринин жайылып кетпөөсүнүн алдын алуу, Тажикстандын коомчулугунда толеранттуулук жана өз ара түшүнүшүү атмосферасын түзүү.

Концепцияны ишке ашыруу максатында, Тажикстан Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Дин иштери, улуттук каада-салттарды, тойлорду жана ырым-жырымдарды иретке келтирүү боюнча комитети ар бир беш жылда иш чаралар планын иштеп чыгып, бекитип турары белгиленген.

### Өзбекстан Республикасы

2016-2022-жылдары Өзбекстан бул тармакка байланыштуу бир катар маанилүү документтерди кабыл алган. Алардын арасында:

- 2017–2021-жылдарга Өзбекстан Республикасын өнүктүрүүнүн беш приоритеттүү багыты боюнча иш аракеттердин стратегиясы (02.07.2017);

[238] Тажикстан Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 4-апрелиндеги № 1042 жарлыгы. “Тажикстан Республикасынын дин чөйрө Тажикстан Республикасынын Президентинин 2018-жылдын 4-апрелиндеги № 1042 жарлыгы. “Тажикстан Республикасынын дин чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы жөнүндө” // URL: https://base.spinform.ru/show_doc.fwx?rgn=105582 сүндөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясы жөнүндө” // URL: https://base.spinform.ru/show_doc.fwx?rgn=105582

- Өзбекстан Республикасынын Коргонуу доктринасы (01.09.2018);
- «Өзбекстан Республикасынын Мамлекеттик коопсуздук кызматы жөнүндө» Өзбекстан Республикасынын мыйзамы (04.05.2018);
- Өзбекстан Республикасынын Президентинин "Диний агартуу тармагындагы ишмердүүлүктү түп тамырынан жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө" жарлыгы (16.04.2018);
- «Экстремизмге каршы аракеттенүү жөнүндө» Өзбекстан Республикасынын мыйзамы (30.07. 2018);
- Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетинин «2030-жылга чейинки мезгилге туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү Улуттук максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө» токтому (20.10.2018);
- Өзбекстан Республикасынын Президентинин «Диний агартуу чөйрөсүнүн ишин жакшыртуу боюнча кошумча чаралар жөнүндө» токтому (09.04.2019);
- Өзбекстан Республикасынын этностор аралык мамилелер чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын концепциясы (15.11.2019);
- 2021-2026-жылдарга экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча Өзбекстан Республикасынын Улуттук стратегиясы (07.01.2021);
- "Абийир эркиндиги жана диний уюмдар жөнүндө" мыйзам (3-редакциясы, 05.07.2021),
- Өзбекстан Республикасынын коомдук коопсуздук концепциясы (29.11. 2021-жыл);
- 2022–2025-жылдарга Өзбекстан Республикасынын коомдук коопсуздукту камсыздоо системасын өнүктүрүү стратегиясы (29.11. 2021);
- 2022-2026-жылдарга жаңы Өзбекстанды өнүгүү стратегиясы (28.01.2022).

Өзбекстан Республикасынын **«Мамлекеттик жаштар саясаты жөнүндө»** мыйзамынын 5-беренесине ылайык, анын негизги багыттарынын бири болуп төмөнкүлөр саналат: «Жаштарды адеп-ахлактык принциптерди бузууга, терроризм жана диний экстремизм идеяларына, сепаратизм, фундаментализмге зордук-зомбулук менен ырайымсыздыкка сыйынууга алып келүүчү аракеттерден коргоо"[239].

**«Экстремизмге каршы аракеттенүү жөнүндө»** Өзбекстан Республикасынын Мыйзамынын 4-беренесине ылайык, Өзбекстан Республикасында экстремизмге каршы аракеттенүүнүн негизги принциптери болуп төмөнкүлөр саналат: мыйзамдуулук; адам укуктарынын, эркиндиктеринин жана мыйзамдуу кызыкчылыктарынын артыкчылыктуулугу; ачыктык; жоопкерчиликтен кутулбастык[240]. Ушул эле мыйзамдын 5-беренесине ылайык, Өзбекстан Республикасында экстремизмге каршы аракеттенүү жаатындагы мамлекеттик саясаттын негизги багыттары болуп төмөнкүлөр саналат: экстремизмдин алдын алуу боюнча чараларды, анын ичинде калктын укуктук аң-сезимин жана укуктук маданиятын жогорулатуу менен ишке ашыруу, коомдо экстремизмге карата чыдабай турган мамилени калыптандыруу, ошондой эле анын пайда болушуна түрткү болгон себептерди жана шарттарды жок кылуу; экстремизм чөйрөсүндөгү укук бузууларды өз убагында табуу жана аларга бөгөт коюу, алардын

[239] «Мамлекеттик жаштар саясаты жөнүндө» ӨР мыйзамы № ЗРУ-406 14.09.2016 г. // URL: https://lex.uz/ru/docs/3026250
[240] «Экстремизмге каршы күрөшүү жөнүндө» ӨР мыйзамы № ЗРУ-489 30.07.2019 г. // URL: https://lex.uz/ru/docs/3841963

кесепеттерин жоюу, ошондой эле жоопкерчиликтен кутулбас принципти камсыз кылуу; экстремизмге каршы күрөшүү жаатындагы эл аралык кызматташтык[241].

Мыйзамдын 7-беренесине ылайык, экстремизмдин алдын алуу чаралары: калктын укуктук аң-сезимин жана укуктук маданиятын жогорулатуу, коомдо экстремизмге карата чыдабай турган мамилени калыптандыруу; экстремисттик иштерди жүргүзүүгө жол берилбестиги жөнүндө расмий эскертүү берүү; юридикалык жак тарабынан экстремисттик иштерди жүргүзүүгө жол берилбестиги жөнүндө эскертүү берүү; экстремисттик материалдарды ташып келүүгө, даярдоого, сактоого, таратууга жана көрсөтүүгө тыюу салуу; экстремизмди каржылоого тыюу салуу; юридикалык жактын ишин токтотуу; уюмду экстремисттик деп таануу[242].

Өзбекстан Республикасынын Президенти 2018-жылдын 16-апрелинде **«Диний агартуу чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктү түп тамырынан жакшыртуу боюнча чаралар жөнүндө»** жарлыкка кол койгон[243]. Бул документке тиркеме катары «Диний агартуу чөйрөсүндөгү ишмердүүлүктү түп тамырынан бери жакшыртуу боюнча чаралардын программасы» жарыяланган[244]. Белгиленген чаралардын катарында: мектептерде «Дүйнө элдеринин диндеринин тарыхы», орто атайын окуу жайларында жана ЖОЖдордо «Дин таануу» жана «Диний экстремизмге жана эл аралык терроризмге каршы күрөшүүнүн руханий агартуучулук негиздери» предмети боюнча окуу программалары, окуу китептери, кадрлар менен камсыз болуусун изилдөө; улуттар аралык жана конфессиялар аралык ынтымакты камсыз кылуу боюнча Өзбекстандын тажрыйбасын эл аралык аренага кеңири жайылтуу, бул багыттагы илимий жана чыгармачылык ишмердүүлүккө көмөк көрсөтүү; Өзбекстан Республикасынын дипломатиялык өкүлчүлүктөрүнө материалдарды, анын ичинде чет элдик массалык маалымат каражаттарында чагылдыруу максатында конфессиялар аралык ынтымакты жана толеранттуулукту чыңдоо, экстремизм менен терроризмдин алдын алуу боюнча жүргүзүлүп жаткан иштер тууралуу аудиовизуалдык материалдарды берүү.

Өзбекстан Республикасынын Министрлер Кабинетинин **«2030-жылга чейинки мезгилге туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү улуттук максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө»**[245] токтомунда 16-максат «Тынчтыкты сүйгөн жана ачык коомду туруктуу өнүгүүнүн кызыкчылыгында курууга көмөктөшүү, бардыгы үчүн сот адилеттигине жетүүнү камсыз кылуу жана кеңири катышууга негизделген бардык деңгээлдеги эффективдүү, отчеттуу жана биргелешкен мекемелерди түзүү». Демек, 16.а милдеттери коррупцияны жана экстремизмди кыскартуу (16.5) жана зомбулуктун алдын алуу, терроризмге, экстремизмге каршы күрөшүүдө улуттук жана эл аралык деңгээлдеги өз ара аракеттенүүнү кеңейтүү аркылуу тиешелүү улуттук мекемелерди бекемдөө (16.а) болуп саналат.

**«Өзбекстан Республикасынын этностор аралык мамилелер чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясатынын Концепциясында»** негизги милдеттердин катарында: «улуттар аралык мамилелердин маданиятын жогорулатуу, коомдо экстремизмге жана турмуш-тиричиликке тиешелүү улутчулдукка, алардын бардык формаларына жана көрүнүштөрүнө чыдабай турган мамилени калыптандыруу, ошондой эле башка

---

[241] Ошол эле жерде.

[242] Ошол эле жерде.

[243] «Диний агартуу тармагындагы ишмердүүлүктү түп тамырынан жакшыртуунун чаралары жөнүндө" ӨР Президентинин жарлыгы № УП-5416 16.04.2018 г.// URL: https://lex.uz/ru/docs/3686283

[244] «Диний агартуу тармагындагы ишмердүүлүктү түп тамырынан жакшыртуу боюнча чаралардын программасы». ӨР Президентинин 2018-жылдын 16-апрелдеги № УП-5416 жарлыгына №1-тиркеме // URL: https://lex.uz/ru/docs/3686283

[245] ӨР Министрлер Кабинетинин «2030-жылга чейинки мезгилге туруктуу өнүгүү чөйрөсүндөгү улуттук максаттарды жана милдеттерди ишке ашыруу боюнча чаралар жөнүндө» токтому № 841 20.10.2018 г. // URL: https://lex.uz/ru/docs/4013358

этностордун улуттук баалуулуктарына сыйлабас мамилеге бөгөт коюу» каралган[246]. Ушул Концепцияны ишке ашыруу боюнча "Жол картасынын" 13-пунктунда: "Коомдо коомдук-саясий туруктуулукту жана этностор аралык тынчтык мамилелерди бузууга багытталган экстремизмдин, ксенофобиянын, улуттук өзгөчөлүктүн идеяларын пропагандалоого жана жайылтууга чыдабай турган абалды калыптандыруу» деп берилген[247].

Өзбекстан Республикасынын Президентинин **«Имам Матуриди эл аралык илимий-изилдөө борборун түзүү боюнча чаралар жөнүндөгү»** (11.08. 2020-ж.) токтомунда, Борбордун негизги милдеттеринин бири болуп төмөнкүлөр: "элди, өзгөчө жаштарды билим алып агарууга, руханий жактан тазарууга, тынчтыкка жана бейпилдикке, прогресске жана жаратмандыкка чакырган ислам дининин идеяларын «караңгычылыкка каршы билим берүү» идеясына негиздеп, фанатизмдин көрүнүштөрүн, ошондой эле экстремизмдин максаттарын, идеологиялык негиздерин, заманбап көрүнүштөрүн жана ыкмаларын, аларга каршы күрөшүүнүн илимий-билим берүүчү негиздерин колдонуу боюнча сунуштарды иштеп чыгып жана берүү" белгиленген[248].

**"Калкты иш менен камсыз кылуу жөнүндө"** мыйзамдын 104-беренесинде (20.10. 2020-ж.) потенциалдуу эмгек мигранттары менен иштөөдө төмөнкүлөрдү уюштуруу керектиги белгиленген: "ишке орношууга бараткан өлкөгө тиешелүү чет тилин, салттарын жана мыйзамдарын үйрөнүү боюнча, коопсуздук чаралары, диний экстремизмдин жана террорчулуктун алдын алуу боюнча кыска мөөнөттүү курстарды өткөрүү"[249].

Өзбекстан Республикасынын Президентинин 2021-жылдын 26-мартындагы жарлыгы менен Өзбекстан Республикасынын Ички иштер министрлигинин түзүмүндө Терроризм жана экстремизмге каршы күрөшүү башкы башкармалыгын камтыган Оперативдүү тергөө департаменти түзүлдү[250]. Ушунун өзү мамлекет бул проблемага олуттуу көңүл буруп жатканынын далили.

**«Өзбекстан Республикасынын 2021-2026-жылдарга экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча Улуттук стратегиясында»** төмөнкү негизги милдеттер белгиленген: экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү жаатында мамлекеттик органдардын ишинин артыкчылыктуу багыттарын аныктоо; ченемдик - укуктук жана методикалык - практикалык базаны жакшыртуу боюнча сунуштарды иштеп чыгуу; экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүүгө багытталган мамлекеттик органдардын, коомчулуктун жана эл аралык коомчулуктун аракеттерин бириктирүү; коомдогу конфессиялар аралык жана этностор аралык ынтымакты камсыз кылуу; калкты, өзгөчө жаштарды экстремисттик жана террористтик аракеттерге тартуудан коргоо боюнча мамлекеттик чаралардын системасын иштеп чыгуу; экстремизмди жана терроризмди каржылоого каршы аракеттенүүнүн

[246] Өзбекстандын улуттар аралык мамилелердеги мамлекеттик саясатынын концепциясы // ӨР Президентинин 2019-жылдын 15-ноябрдагы №УП-5876 жарлыгына №1-тиркеме // URL: https://lex.uz/ru/docs/4597684

[247] Өзбекстандын улуттар аралык аралык мамилелер чөйрөсүндөгү мамлекеттик саясаттын концепциясын ишке ашыруунун «Жол картасы» // ӨР Президентинин 2019-жылдын 15-ноябрдагы №УП-5876 жарлыгына №2-тиркеме // URL: https://lex.uz/ru/docs/4597684

[248] ӨР Президентинин «Имам Матуридинин Эл аралык илим изилдөө борборун түзүү боюнча чаралар жөнүндө» токтому № ПП-4802 11.08.2020 г. // URL: https://lex.uz/ru/docs/4945429

[249] «Калкты иш менен камсыз кылуу жөнүндө» ӨР мыйзамы № ЗРУ-642 20.10.2020 г. // URL: https://lex.uz/ru/docs/5055696

[250] ӨР Президентинин «Ички иштер органдарынын коомдук коопсуздукту камсыздоо жана кылмыштуулук менен күрөшүү жаатындагы ишмердүүлүгүн сапаттык жаңы деңгээлге көтөрүү чаралары жөнүндө» жарлыгы № УП-6196 // URL: https://lex.uz/ru/docs/5344121

натыйжалуу механизмдерин киргизүү; экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү жаатында аймактык жана эл аралык кызматташтыкты өркүндөтүү[251].

**“2022-2026-жылдарга Жаңы Өзбекстанды өнүктүрүү стратегиясында”** 5 жыл ичинде ишке ашыруу боюнча 100 конкреттүү максат көрсөтүлгөн. 82-максат «Экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүүнүн натыйжалуу механизмдерин калыптандыруу» катары белгиленген. Берилген механизмдердин ичинен төмөнкүлөр бөлүнгөн: экстремизмге жана терроризмге каршы натыйжалуу мамлекеттик саясат; экстремизм жана терроризм факторлорунун алдын алуу механизмдерин өркүндөтүү; социалдык жана руханий атмосфераны жакшыртуу, жат идеялардын таасирине бөгөт коюу жана алардын таасирине кабылган адамдардын көйгөйлөрүн системалуу иш менен жоюу; калктын, өзгөчө жаштардын арасында терроризм жана экстремизм идеологиясына каршы иммунитетти калыптандыруу; экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча эл аралык укуктук базаны өркүндөтүү; экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү жаатында чет мамлекеттер, аймактык жана эл аралык уюмдар менен кызматташуунун укуктук базасын кеңейтүү; экстремизмге, терроризмге жана аларды каржылоого каршы аракеттенүү жаатында чет мамлекеттер жана эл аралык уюмдар менен маалымат жана тажрыйба алмашуу; экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча эл аралык жана аймактык уюмдарга активдүү катышуу; биргелешкен аракеттер планынын алкагында Борбордук Азияда БУУнун Глобалдык антитеррордук стратегиясын ишке ашыруу боюнча биргелешкен аракеттерди координациялоо; Борбордук Азияда экстремизмге жана терроризмге каршы күрөшүү боюнча биргелешкен иштердин алкагында маалымат алмашууга жана кызматташтыкты өнүктүрүүгө көмөктөшүүчү эл аралык демилгелерди ишке ашырууда Өзбекстандын ролун кеңейтүү; Ооганстанда тынчтыкты жана ынтымакты камсыз кылуу боюнча дүйнөлүк коомчулуктун жана аймактык уюмдардын демилгелерин тездетүү, бул өлкөнү экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү менен бирге аймактык кызматташуу процесстерине тартуу[252].

Ошол эле учурда Өзбекстан терроризм коркунучу боюнча глобалдык рейтингде азыркы учурда акыркы орундардын бирин ээлеп турганын белгилей кетүү керек, бул албетте оң натыйжа (2017-жылы – 117-орун, 2018-жылы – 125-орун, 2019-жылы – 135-орун, 2020-жылы – 134-орун). Бул тууралуу белгилүү өзбек эксперттеринин бири Виктор Михайлов белгилегендей: «Изилдөөнүн жыйынтыгы көрсөткөндөй, Өзбекстан дүйнөдөгү эң коопсуз өлкөлөрдүн бири. Террордук коркунучтардан коопсуздук - радикалдашууга жана терроризмге алып баруучу экстремисттик идеялардын жайылышына каршы туруу жаатындагы олуттуу жана ойлонулган иштин натыйжасы. Мындай профилактикалык иштерди көптөгөн министрликтер, ведомстволор, жарандык коом институттары, ошондой эле өлкөнүн күч блогунун атайын кызматтары эффективдүү иштерди жүргүзөт”[253].

Бул рейтингде Өзбекстан 2022-жылдын башында 0,000 алып, Исландия, Бириккен Араб Эмираттары, Португалия, Сингапур, Словения, Түштүк Корея, Ямайка жана башкалар менен бирге бүгүнкү күндө абдан коопсуз өлкөлөрдүн катарына кошулду[254].

---

251 Өзбекстан Республикасынын 2021-2026-жылдарга экстремизмге жана терроризмге каршы күрөшүү боюнча Улуттук стратегиясы. ӨР Президентинин 2021-жылдын 1-июлундагы жарлыгына №1-тиркеме № УП-6255 // URL: http://old.lex.uz/ru/docs/5491628

252 2022-2026-жылдарга Жаңы Өзбекстанды өнүктүрүү стратегиясы. ӨР Президентинин 2022-жылдын 28-январындагы жарлыгына №1-тиркеме. № УП-60 // URL: http://old.lex.uz/ru/docs/5841077

253 Михайлов В. Өзбекстан терроризмдин дүйнөлүк индексинде бир позицияны жоготту // URL: https://crss.uz/2020/11/29/uzbekistan-poteryal-odnu-poziciyu-v-mirovom-indekse-terrorizma/

254 Терроризмдин дүйнөлүк индекси// URL: https://translated.turbopages.org/proxy_u/en-ru.ru.7a827cf6-624d83d8-bc9c609c-74722d776562/https/en.wikipedia.org/wiki/Global_Terrorism_Index

# КОРУТУНДУЛАР ЖАНА СУНУШТАР

- БА чөлкөмүндө радикалдашуу жана экстремизм маселелерин талкуулоодо колдонулган терминдерди жана түшүнүктөрдү түшүнүү маселеси боюнча бирдиктүү пикир жок. Ошол эле учурда өлкөдөгү, чөлкөмдөгү жана глобалдык деңгээлде негизги терминдерди түшүнүшүүдө ажырымдар бар. Чөлкөмдө мамлекеттик органдардын жана жарандык коомдун эксперттеринин позицияларын жакындатуу үчүн, алардын потенциалын жогорулатуу жана мамлекеттер ортосунда мыкты тажрыйба алмашуулардын негиздери катары терминдер боюнча ачык талкууларды өткөрүү үчүн коммуникациялык аянтчалар түзүлгөн эмес.
- Этникалык иденттүүлүк, жарандык улут куруу, позитивдүү улутчулдук маселелери боюнча эксперттик потенциал абдан эле жетишсиз. Эгемендүүлүктүн алгачкы жылдарында жаш эксперттер үчүн ар кандай жайкы мектептер, конференциялар жана семинарлар, анын ичинде Борбор Азиянын бир катар өлкөлөрүнүн эксперттерин бириктирген семинарлар үзгүлтүксүз өткөрүлүп турду. Алардын мүчөлөрү убакыттын өтүшү менен изилдөөчүлөр, эксперттер, жарандык лидерлер жана активисттер болуп калышты. Бирок акыркы жылдары мындай иш чаралар дээрлик өткөрүлбөй, эксперттик потенциал солгундап кеткен. Ушул себептен улам, этностор жана улутчулдук маселелери боюнча дискуссияларга маргиналдашкан, билими жетишсиз адамдар тартылып, бул талкуулар коомдогу чыр-чатактын потенциалынын өсүшүнө алып келген мазмундарды жаратат.
- Ошондой эле негизги статистикалык маалыматтарды чогултуу боюнча маалымат жана тажрыйба алмашуу үчүн аянтчалар жок, ансыз сапаттуу изилдөөлөрдү жүргүзүү мүмкүн эмес. Маалыматтарды чогултуу методологиясы жана тизменин өзү жакшыртууну талап кылат, анын ичинде унификациялоо, учурдагы маалымат массивдерин биргелешип изилдөө жана аларды чогултуу системасын өркүндөтүү эсебинен.
- 100дөн ашык талдоого алынган изилдөөлөрдүн натыйжалары көрсөткөндөй, Борбордук Азия чөлкөмүндөгү жаштарда басымдуулук кылган иденттүүлүк түрлөрүн изилдөө боюнча жетиштүү изилдөөлөр жүргүзүлбөйт, себеби ушулардын негизинде радикалдык кыймылдарга мобилизация болушу мүмкүн. Солчул жана оңчул радикал, улуттук - патриоттук жаштар кыймылдары боюнча изилдөөлөр дээрлик жок. Радикалдаштыруунун бардык проблемаларын ачык талдабай туруп диний факторго түшүрүү тенденциясы ачык байкалууда.
- Ар түрдүү социалдык - экономикалык, саясий жана этникалык факторлорго негизделген чыңалган кырдаалдарда жана чыр-чатактарда диний фактор бир гана терс фактор катары көрсөтүлүп, бул ошого жараша тиешелүү көнүмүш кабылдоону калыптандырат.
- Салттуу теориялык жана методологиялык база бүгүнкү күндө "дин – саясат – конфликт" байланыштарын аныктоо үчүн жетишсиз. Бул изилдөөдө дисциплиналар аралык синтетикалык ыкманы колдонууну аныктаган. Ал макросаясий процесстерди талдоонун жана алардын адам өзүн таандык эсептеген адамдын же бүтүндөй коомдоштуктун деңгээлиндеги

проекцияларынын интеграциясына негизделген, жекече жана жамааттык иденттүүлүктүн ортосундагы карым-катышты ачып берет.

- Мамлекеттик жана мамлекеттик эмес уюмдардагы ЗЭАда негизги өзөктү түзгөн мазмун – бул «жаман исламды» кандайдыр бир «жакшы, салттуу, жергиликтүү, толеранттуу, агартуучу, заманбап, ортолук ж.б.у.с. ислам» менен алмаштыруу лейтмотиви чыгып жатат. Мындай конструкциялардын бирдей мааниде эместиги интервенцияларды натыйжасыз кылат жана кээде радикалдарга өз идеяларын жайылтуу үчүн каналдарды берет.
- ЗЭА боюнча изилдөөлөрдө, мамлекеттик программаларда жана медиа стратегияларда радикалдашууга каршы туруу жана коомдо толеранттуулукту бекемдөө куралы катары секуляризмге, дүйнөбий потенциалга жана капиталга жетиштүү көңүл бурулбайт.
- Радикалдашуунун түздөн-түз курмандыктары (жана алардын жакындары) менен терең интервью жана/же кейс-стади ыкмалары аркылуу түздөн-түз жүргүзүлгөн изилдөөлөрдүн саны жетишсиз, бул көпчүлүк изилдөөлөрдүн маалыматтарын жана корутундуларын кыйыр түрдө болууга алып келет.
- Расмий статистиканын маалыматтары, ошондой эле көз карандысыз изилдөөлөр жана баа берүүлөр радикалдашуунун себептерин жана факторлорун так аныктоого мүмкүндүк бербейт. Көбүнчө түрткү берүүчү фактор болуп себептердин жыйындысы саналат, алар өлкөдөн өлкөгө, бир социалдык топтон экинчисине, ал тургай ар бир жеке учурда ар кандай болушу мүмкүн. Расмий жана көз карандысыз отчеттор бир катар стандарттарды жана стереотиптерди калыптандырды, алар дайыма эле реалдуу маалыматтар жана иштерди терең талдоо менен тастыктала бербейт, бирок отчеттон отчетко көчүп келет.
- Заманбап практика көрсөткөндөй, экстремисттерди жалдоо адамдардын кеңири жана ар түрдүү чөйрөсүнөн келип чыгат, бул потенциалдуу террорист жөн эле «кайырчы жинди» деген мифти жокко чыгарат. Саясий жана диний экстремисттердин арасынан башка бир радикал пайда болду – алар билимдүү, коомго интеграцияланган. Ошондой эле алар билимсиздердин массасы үчүн лидер жана уюштуруучулар болуп калышат.
- Жаштар арасындагы экстремизмдин жагымдуулугу аң-сезимди мифологияга сугарып, жалган, бирок конкреттүү турмуштук максаттарды жана милдеттерди түзүүгө, адамдарды «өз» жана «жат» деп бөлүүгө, мамлекетке, этникалык топторго, динге карата жеке мамилени тактоого мүмкүндүк бергендиги менен бекемделет. Экстремизм жаштар үчүн азгырык, өнүгүүнүн ар кандай баскычтарындагы иденттүүлүк кризисине жооп кайтаруу, алардын кемчиликтеринин ордун толтуруу же коом алдында кыйратуучу жол менен гана өзүн көрсөтүү мүмкүнчүлүгү катары кызмат кылат. Жаштар чөйрөсүндөгү экстремизм толеранттуулуктун, маданияттын жана билим берүүнүн деңгээлинин, адеп-ахлактык жана баалуулук багыттарынын кризисинин, коомдогу патриоттуулуктун жана атуулдуктун натыйжасынын төмөндөшү катары чыгат.
- Окумуштуулар ашкере жалпыланган категорияларды азгырылуучу топтор жана жаштардын экстремисттик топтордун («жаштар», «аялдар», «мигранттар»)

жалдоосуна дуушар болгон категориялары катары айырмалап, аларды бирдей тектүү жамааттар деп эсептешет, бирок бул чындыкка дал келбейт.

- Изилдөөлөрдө көбүнчө аялдардын жана балдардын үндөрү, эркектердин үнүнө тең катары эске алынбайт. Көйгөй жабык жамааттардагы (махалла, диний жана кээ бир этностук топтор), өзгөчө айыл жергесиндеги аялдарга жетүүнүн кыйынчылыгында жатат.
- Зордук-зомбулук экстремизминин курмандыктары өз өлкөсүндө таба албаган “жаркын келечек” ишенимине муктаж. Аларга өздөрүнө, жакындарына көңүл буруу жана турмуштук суроолорго туура жооп берүү жетишпейт. Дал ушундай нерселерди жалдоочулар пайдаланышып, экстремисттик мазмунду «баатырдык», «жер бетиндеги жашоонун анык чындыгы», «коррупциясы жок дүйнө үчүн», «эгер сен чыныгы эркек же эне болсоң», “диндеш бир туугандарга жардам берүү” деген жагымдуу ураандар менен жана башка психологиялык кысым көрсөтүүчү чакырыктар менен толтуруп, кырдаалдан пайдаланышат.
- Тобокелдиктерди азайтуу жана жаштардын радикалдашууга туруштук берүүсүн жогорулатуу процессинин ийгилиги, алардын муктаждыктарын жана талаптарын эркин билдирүү, плюрализм жана көп түрдүүлүк идеяларын илгерилетүү үчүн ар кандай аянтчаларды түзүүнү талап кылат. Жаштар өнүгүүнүн социалдык -экономикалык аспектилеринде да, саясий жана идеологиялык жактан да коомдун бардык башка мүчөлөрүнөн, өзгөчө мамлекеттен үзгүлтүксүз жана толук кандуу көңүл бурууну талап кылат.
- БА чөлкөмүндө радикалдашуунун алдын алууга арналган жаштар арасында түшүндүрүү иштерин жүргүзүүдө, жаштар менен иштөөнүн заманбап ыкмаларын билген лекторлордун, тренерлердин, инструкторлордун потенциалы такай көңүл бурууну талап кыла тургандыгы эске алынбайт. Жүргүзүлүп жаткан акциялар бытыранды, бир дагы өлкөдө ар кандай максаттуу топторго, биринчи кезекте жаштарга багытталган жакшы иштелип чыккан маанилери, ураандары жана символдору бар узак мөөнөттүү медиа стратегия жок.
- Борбор Азиянын ар бир республикасы экстремизмге каршы күрөшүү боюнча комплекстүү чараларды көрөт. Экстремизмге каршы күрөшүү жаатындагы өлкөлөр тарабынан көрүлгөн бул чаралардын бардыгына карабастан, аларды абсолюттук натыйжалуу дегенге болбойт. Экстремизм улуттук деңгээлден жогору турган проблема катары айрым мамлекеттердин чегинен чыгып, алардын өзгөчөлүктөрүнө оңой ыңгайлашат. Компетенттүүлүктөрдү жогорулатуу үчүн Борбордук Азия өлкөлөрү экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттерди мындан ары да бириктириши керек.
- Борбор Азия республикаларынын ар биринде экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча кабыл алынган бир катар улуттук стратегиялык документтер жана иш аракеттердин пландары бар, анын ичинде коомду интеграциялоо, диний чөйрөдө мамлекеттик саясатты ишке ашыруу ж.б. Аларды иштеп чыгуу жана ишке киргизүү боюнча тажрыйба алмашууда жетиштүү иш жүргүзүлбөй жатат.
- Борбордук Азия өлкөлөрүнүн билим берүү секторун узак мөөнөттүү өнүктүрүүгө байланыштуу стратегиялык документтери, талдоого жана билим берүүнүн тармактык документтерине экстремизм менен радикалдашуунун

алдын алуу жана тынчтыкты орнотуу принциптерин киргизүү боюнча жоболорду киргизүүдө андан ары иштеп чыгууга алынган эмес.

**СУНУШТАР**

**КР, ТР жана ӨР чек ара аймактарында толеранттуулукта жана тынчтыкта биргелешип жашоону бекемдөө боюнча:**

- Экстремизмдин жана радикалдашуунун алдын алуу боюнча иштерде колдонулган терминдер боюнча коомдук талкууларды уюштуруу мамлекеттик органдардын жана жарандык коомдун эксперттеринин позицияларын бириктирүүнүн негизи, алардын потенциалын жогорулатуунун натыйжалуу жолу боло алат.
- Мамлекеттүүлүктү чыңдоо жана жарандык улут куруу процесстери Борбордук Азия чөлкөмүнүн бардык өлкөлөрү үчүн өтө маанилүү процесс экендигин эске алып, ар бир республикада жана бүтүндөй чөлкөмдө жалпы жарандык иденттүүлүктүн калыптанышын тездетүү боюнча чаралардын комплексин кабыл алуу зарыл. Ошол эле учурда Борбордук Азияда аймактык иденттүүлүктүн калыптанышы темасынын айланасында талкууларды, эксперттик пикир алмашууларды бир эле мезгилде илгерилетүү менен шыктандыруу зарыл.
- КРда, ТРда жана ӨРда кабыл алынган жана ишке ашырылып жаткан экстремизмге жана терроризмге каршы аракеттенүү боюнча мамлекеттик программаларга зарыл толуктоолорду киргизүү менен, анын ичинде БУУнун Башкы катчысынын зордук-зомбулук экстремизмине каршы туруу боюнча сунуштарын эске алуу менен, үзгүлтүксүз мониторинг жүргүзүлүүсү жана ишке ашырылуусуна баа берүү процесси ишке ашууга тийиш. Мындай иштер Борбордук Азия өлкөлөрүндө жана өнүктүрүү боюнча эл аралык өнөктөштөр, анын ичинде терроризмге каршы күрөшүү боюнча адистешкен БУУнун түзүмдөрү жана бөлүмдөрү менен көрүлүп жаткан аракеттерди жана чараларды координациялоонун баштапкы этабына көмөктөшөт.
- Мындан мурда иш чаралардын пландары негизинен мамлекеттик мекемелерге багытталып, жарандык коом эффективдүү актор катары каралбай келгендигин эске алуу зарыл. Тиешелүү программаларды ишке ашырууга жарандык коом кеңири жана натыйжалуу тартылышы керек.
- Жаштарды социалдык адаптациялоого, жумуш орундарын түзүүгө, социалдык эс алуу көйгөйлөрүн чечүүгө, ошондой эле кызматтык өсүш жана саясатка катышуу  жана жергиликтүү, мамлекеттик чечимдерди кабыл алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү боюнча атайын чараларды иштеп чыгууга багытталган иш чаралардын комплексин иштеп чыгууга басым жасоо менен, жаштар менен иштөө боюнча улуттук программалардын аткарылышына мониторинг жүргүзүү жана баалоо, аларды жаңылоо зарыл.
- Билим берүү саясатына, анын ичинде заманбап жалпы, орто атайын жана жогорку билим берүүнүн мазмунуна жана методологиялык бөлүктөрүнө сынчыл ой жүгүрткөн, кеңири көз карашы бар, табигый жана коомдук - гуманитардык илимдер боюнча билимдүү, өз алдынча билим алуу көндүмдөрү бар адисти даярдоого багытталган олуттуу өзгөртүүлөрдү киргизүү. Заманбап эмгек рыногуна, анын ичинде тышкы рынокко багытталган кесиптик билим берүү системасын өркүндөтүү.

- Көп тилдүү жана кесиптик билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу, жарандык патриотизм сезимин тарбиялоо аркылуу ар кандай диний жана этникалык топтордун жаш өкүлдөрүнө социалдык интеграциялануу жана жарандык иденттүүлүктүн калыптанышы үчүн шарттарды түзүү.
- Мамлекеттик (өзгөчө укук коргоо органдарында) дискриминация жана коррупция көйгөйлөрүн чечүү үчүн реформалар зарыл, ансыз алар социалдык нааразычылык жана радикалдашуу үчүн негиз болуп кала берет. Кылмыштуу топтордун жаштарга социалдык таасиринин алдын алуу боюнча иштерди активдештирүү зарыл.
- Радикалдуу диний же башка секталардын таасирине кабылган адамдардын мыйзамга баш ийген жашоо образына кайтып келишине колдоо көрсөтүү үчүн реабилитациялык жана реинтеграция борборлорун түзүү.
- Радикалдуу агымдарга каршы күрөшүүдө өзгөчө мааниге ээ болгон ортолукту карманган дин кызматкерлеринин компетенттүүлүгүн жана квалификациясын жогорулатуу, ошондой эле диний билим берүү системасын өркүндөтүү. Медреселердин окуу программаларына келечектеги имамдарга радикалдык мазмундарды аныктоого жана аларга каршы мазмундарды колдонуу менен күрөшүүгө жардам бере турган предметтерди киргизүү.
- Диний лидерлердин диний билим деңгээлин жогорулатуу үчүн окутуу системасын иштеп чыгуу зарыл. Диний билим берүү системасына медреселердин мугалимдери үчүн укук, жарандуулук, сынчыл ой жүгүртүү, конфликтология, тынчтык орнотуу, медиация, толеранттуулук боюнча предметтерди, курстарды, семинарларды, тренингдерди киргизүү.
- Радикалдуу экстремисттик веб-сайттарга байкоо жүргүзүү жана аларды жок кылуу, социалдык тармактарда иштеген жалдоо топторунун ишмердүүлүгүн аныктоо.
- Кыргыз Республикасынын, Тажикстан Республикасынын, Өзбекстан Республикасынын дин иштери боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдары, эксперттик жолугушуулар аркылуу диний уюмдарды эсепке алуунун жана каттоонун координацияланган методологиясын иштеп чыгуу, диний уюмдар менен маалымат жана тажрыйба алмашууну өркүндөтүү, анын ичинде медреселер жана университеттер үчүн окуу китептерин жана окуу куралдарын иштеп чыгуу максатында кызматташуу механизмдерин түзүүлөрү зарыл.
- Мурда иштеп келген ОАМДБга (Орто Азия Мусулмандарынын Дин Башкармалыгы) окшош Борбордук Азия мусулмандарынын дин башкармалыгын (БАМДБ) түзүүнү демилгелөө мүмкүнчүлүгүн карап көрүү. Мындай аянтча Борбор Азия мамлекеттеринин муфтияттарынын өкүлдөрүнүн жолугушуу, байланыш түзүү, пикир алмашуу жайы боло алмак.
- Кыргыз Республикасынын, Тажикстан Республикасынын жана Өзбекстан Республикасынын атайын кызматтарына: «Талибан», «Ислам мамлекети», «Аль-Каида», «ӨИК» жана башка экстремисттик топтордун 2021-жылы Ооганстандан АКШ менен НАТОнун аскердик күчтөрү чыгарылгандан кийинки активдешүүсүнүн ыктымалдыгы боюнча чалгындоо, ыкчам жана алдын алуу иш чараларын туруктуу жүргүзүү.

- Фергана өрөөнүндө (үч мамлекетте тең аймактык бөлүмдөрү бар) Чек араларды изилдөө борборун ачуу мүмкүнчүлүгүн карап чыгуу, анын алкагында чек ара жаңжалдарын, алардын тарыхый өбөлгөлөрүн, мындай чыр-чатактарды болтурбоо жолдорун жана ыкмаларын изилдөө, чек араларды жана чек ара кызматташтыгын чыңдоо үчүн жаңы ыкмаларды жана технологияларды сунуштайт, чек араны делимитациялоо жана демаркациялоону аяктоо чек араны жакшы жана коопсуз башкарууну талап кылат.
- Жергиликтүү жаштардын иденттүүлүгүн калыптандырууга көмөктөшүүчү жергиликтүү край таануу ийримдери менен музейлердин маанилерин сактоо жана жаңыртууну колдоо. Жаштардын социалдык алгылыктуу кыялдарын жана стратегияларын калыптандыруучу жергиликтүү, улуттук, аймактык деңгээлдеги баалуулуктарды аныктоо зарыл. Андан кийин мындай баалуулуктарды масштабдоо системасын иштеп чыгуу зарыл.

**Долбоордун башка компоненттери үчүн изилдөөлөрдүн артыкчылыктарын аныктоодо, мурунку изилдөөлөрдө изилденбеген темалар жана маселелер:**

Жарандык, этникалык, диний, аймактык жана башка иденттүүлүктүн түрлөрүн түшүнүү боюнча учурдагы кырдаалга баа берүү үчүн изилдөө жүргүзүү (базалык сурамжылоо), жаштардын улуттар аралык мамилелерге, аймактык, динчилдиктин деңгээлине жана жарандуулукка сезимталдык деңгээлин баалоо.

- Борбордук Азия чөлкөмүндөгү өлкөлөрдүн дүйнөбий потенциалына масштабдуу изилдөө жана баалоо жүргүзүү. Мындай изилдөөлөр төмөнкүлөрдү камтышы керек: улуттук ЧУАларды жана программаларды кабинеттик талдоо; сапаттык компонент — негизги акторлор жана алдыңкы эксперттер менен тереңдетилген интервьюлар; сандык компоненти – коомдун деңгээлинде секуляризмди кабылдоо.

**Долбоордун мындан аркы аракеттерин конкреттештирүү боюнча:**

- Долбоорду ишке ашыруунун жүрүшүндө улуттук стратегиялык документтерге таянган аргументтерди активдүү пайдалануу зарыл. Алардын мазмунуна жана сапатына карабастан, бардык өлкөлөрдүн мамлекеттик органдарында аларды ишке ашыруу боюнча ички иш пландары бар, анын аркасында Долбоор менен мамлекеттик түзүмдөрдүн өз ара аракеттене ала турган жактарын издөөгө болот.
- БА чөлкөмүнүн шарттарында ЗЭА проблемасын түшүнүүнү тереңдетүүгө туруктуу салым катары, ЗЭА маселелери боюнча сөздүк - тактаманы иштеп чыгууну, аны коомдук талкуулоону, улуттук тилдерге жана англис тилине которууну колдоо жана басып чыгаруу маселесин кароо зарыл. Анын мазмуну терминология боюнча мамлекеттик органдар жана жарандык коом үчүн аймактык эксперттик аянттарда, балким, эл аралык эксперттерди тартуу менен талкуунун предмети болушу мүмкүн.
- Чыр-чатактуу сезимтал маселелер боюнча Борбордук Азия эксперттеринин, окумуштууларынын жана изилдөөчүлөрүнүн маалымат базасын түзүү зарыл. Бул иштин жыйынтыгы боюнча Долбоордун биринчи кезекте жарандык коомдун жана ЖОЖдордун жаш окутуучуларынын, анын ичинде аймактык адистердин потенциалын жогорулатуу, аларга жарандык улут куруу

жана конструктивизм боюнча билимдердин негиздерин үйрөтүү боюнча компонентин ишке ашыруу.

- Окуу процессин жана илимий изилдөөлөрдү практикалык натыйжаларга жакындатууга багытталган ЖОЖдор жана бүтүндөй академиялык сектор менен биргеликте жүргүзүлүүчү иш чаралардын топтомун кароо зарыл. Эл аралык кызматташтыкты кеңейтүүгө болгон ЖОЖдордун кызыгуусун эске алуу менен креативдүү лабораторияларды түзүүнү колдоо.
- Мамлекеттик органдардын, эксперттердин, илимпоздордун жана дин кызматкерлеринин катышуусунда Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ортосунда тажрыйба алмашуу үчүн туруктуу аянт түзүү. Талкуулардын жыйынтыктары менен мамлекеттик органдардын жана коомдук уюмдардын ишинин практикасына айлантуу боюнча сунуштарды киргизүү.
- Азгырылган адамдардын көйгөйлөрүн угуу менен, эмоционалдык колдоо жана турмуштук кыйынчылыктар менен күрөшүүдө оң жолго салуу аркылуу үлгү боло турган “замандаштар тармагын” өнүктүрүүгө көмөктөшүү. Мындай тармак иштеп жаткан инфраструктурага (жаштар жана аялдар клубдары) жана уюмдарга (жаштар жана аялдардын БӨУлары) таянып, жаңы каналдарды да камтышы мүмкүн: кесиптештер арасында расмий эмес консультациялар же онлайн форумдар.
- Жаштардын азгырылуучу катмарына тиешелүү маселелердин динамикасын талкуулоо жана аларды аныктоонун жана чечүүнүн мыкты жолдорун билүү үчүн үзгүлтүксүз тематикалык семинарларды уюштуруу.
- ЖМКлар жана социалдык тармактар аркылуу радикалдуу идеялардын таасиринин алдын алуу үчүн, Борбордук Азия өлкөлөрүнүн мектептеринин программаларына “Дүйнөлүк диндердин тарыхы” предметин жана Интернет коопсуздугу (киберкоопсуздук) курсун киргизүүгө эксперттик колдоо көрсөтүү зарыл.
- Дин таануу, диний жана этникалык толеранттуулук жана тынчтыкты орнотуу маселелери боюнча жаштар үчүн маалыматтык жана билим берүү программаларын колдоо. “Жаштар жана дин” темасында жергиликтүү деңгээлде бир катар тренингдер/семинарлар/тегерек столдор ж.б.
- Жаштарга маалымат берүү кампанияларын, маалыматтык акцияларды өткөрүүдө жана окуучулардын эксперттер, диний таануучулар менен жолугушууларын уюштурууда лекторлордун өздөрүнүн потенциалына көңүл буруп, аны чыңдоого умтулуу зарыл, муну Долбоордун өзүнчө компоненти кылууга болот;
- Диний маселелер боюнча жаштар үчүн дебат программаларын өткөрүү (мүмкүн болгон темалар: демократиялык коомдогу дин тутуу жана абийир эркиндиги, Борбордук Азия мамлекеттериндеги диний система, диний фундаментализмдин жана экстремизмдин коркунучу, дүйнөбий жана диний баалуулуктардын өз ара катышы ж.б.). Дин, тынчтык орнотуу жана башка маселелер боюнча ачык талкуу аянтчаларын уюштуруу.

- Пилоттук ЖОЖдордо окутуучу кадрлардын потенциалын жогорулатуу. Бул жерде «билим берүүнү санариптештирүү» приоритетине туура келген «электрондук курстардын» ар кандай түрлөрүн иштеп чыгууга болот.
- Академиялык сектордун эксперттерин башка активдүү жактарга, атап айтканда, изилдөөлөрдү, саясатты, мыйзамдарды талкуулоо процесстерине, мамлекеттик органдардын, жарандык коом уюмдарынын жана ЖМК потенциалын жогорулатууга жигердүү тартуу.
- Агрессивдүү диний экстремисттик уюмдардын идеологиялык таасирине кабылган жаштарга психологиялык колдоо көрсөтүү боюнча коомдук уюмдардын түзүлүшүнө жана иштешине көмөк көрсөтүү.
- Мурда ушундай кыйынчылыктарга туш болгон жана аларга жалдоочулар кайрылган жаштарды, аялдарды чакыруу, алар жеке жана үй-бүлөсү менен азгырылуу абалынан кантип чыга алышканы жөнүндө өздөрү күбө болгон окуяларын айтып бере алышат.
- Социологдордун, культурологдордун, философтордун, саясат таануучулардын, психологдордун, демографтардын, юристтердин, тарыхчылардын, чыгыш таануучулардын ж.б. катышуусу менен Дин таануучулар жана теологдор ассоциациясын түзүүгө көмөктөшүү.

**ЖМК үчүн:**

- Экстремисттик пропаганданын ар кандай аспектилери боюнча тобокелдик тобундагы эркектер менен аялдарга багытталган кампаниялар натыйжалуу болушу мүмкүн. Бул кампаниялар гендердик мүнөздө болушу жана аудиториянын жана кырдаалдын жеке өзгөчөлүктөрүнө ылайыкташтырылган болушу керек.
- Борбор Азиядагы ЖМК жана журналисттер курч темаларды, айрыкча дин жана радикалдашуу маселелерин чагылдыруу боюнча тренингдерден өтүшү зарыл, бул иштер коомдогу социалдык чыңалууну жана бөлүнүүнүн күчөшүнө алып келбеши керек. ЖМК, журналисттер жана эксперттик коомчулуктун ортосунда кызматташууну жолго коюу зарыл.
- ЖМК жана журналисттер экстремизмге айыпталган адамдарга каршы сот иштерин натыйжалуу чагылдыруу аркылуу ачык - айкындуулукту жана мыйзам үстөмдүгүн камсыздоонун маанилүү каналы боло алышат. Бул олуттуу проблемалар сакталып турган тармак жана алар чыңалуунун жаңы кыртышын түзөт. Журналисттик иликтөө боюнча окутуу абдан туура болмок.
- Басмырлоо, социалдык теңсиздик, укук коргоо органдарынын адилетсиз мамилеси сыяктуу курч социалдык маселелерди массалык маалымат каражаттарында чагылдыруу жана талкуулоо, калктын азгырылуучу катмарына зарыл болгон тилде үн кошуп, мамлекетти чара көрүүгө аргасыз кылат.

**“БОРБОРДУК АЗИЯДАГЫ ТОЛЕРАНТТУУЛУК ЖАНА ТЫНЧТЫК ҮЧҮН ЧЕК АРАДАГЫ КӨП ТАРАПТУУ ДИАЛОГ”**

Проект финансируется
Европейским Союзом